Н. Жусупбекова, А. Оморова, Г. Чепекова

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

## 6-класс

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн
мектептер үчүн окуу китеби

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана*
*илим министрлиги тарабынан сунушталган*

БИШКЕК – 2018

УДК 373.167.1
ББК 81.2Ки Я721
Ж 93

**Рецензенттер:**
**З. Сарылбекова** – пед. илимд. канд., Ж. Баласагын атындагы КУУнун профессору;
**Р. Абдуллаева** – пед. илимд. канд., И. Арабаев атындагы КМУнун профессору;
**Р. Буйлякеева** – Бишкек ш., № 13 мектеп-гимназиясынын директорунун мамлекеттик тил боюнча орун басары

**Жусупбекова Н.** ж. б.
Ж 93 **Кыргыз тили:** 6-кл. Окутуу орус тил. жүргүзүлгөн мектеп. үчүн окуу китеби/Н. Жусупбекова, А. Оморова, Г. Чепекова. – Б.: Аркус, 2018. – 160 б., сүрөт.

ISBN 978–9967–31–785–7

Окуу китебинин материалдары кеп ишмердиктин түрлөрүн (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу) комплекстүү өнүктүрүүгө багытталды. Бул окуу китебинин мазмуну Мамлекеттик билим берүү жана Кыргыз тилинин предметтик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык түзүлдү. Коммуникативдик технологиянын негизинде эң натыйжалуу окуу ыкмаларын колдонуу менен Кыргыз Республикасында көп тилдүү билим берүү программаларын апробациялап жаткан мектептердин алдыңкы тажрыйбаларына таянуу окуу китебинин принципиалдуу өзгөчөлүгүн түзөт. Ошондой эле окуу китебинде маалымат технологияларын колдонуп, окуучулардын долбоордук жана изилдөөчүлүк ишмердикке катышуусу каралган. Окуу китебиндеги материалдар окуучуларга кыргыз элинин жана дүйнөдөгү башка элдердин тарыхы, каада-салттары, маданий өзгөчөлүктөрү, жалпы адамзатка тиешелүү рухий баалуулуктары менен таанышууга өбөлгө түзөт.

**ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР**


– Көргүлө
– Уккула
– Окугула
– Жазгыла, толтургула
– Суроолор
– Жуптарда сүйлөшкүлө, кичи топтордо иштегиле
– Сөздүк
– Ойлонгула
– Үй иши

Ж 4306020200–18

УДК 373.167.1
ББК 81.2Ки Я721

ISBN 978–9967–31–785–7

© Жусупбекова Н. С., Оморова А. А., Чепекова Г. С., 2018
© «Аркус басмасы» ЖЧК, 2018
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2018




**Кымбаттуу окуучулар!**

Силерди жаңы окуу жылыңар менен куттуктайбыз! Кыргыз тилин окуп-үйрөнүүдө көп-көп ийгиликтерди каалайбыз! Бул окуу китеби 5-класста алган билимиңерди андан ары тереңдетет.

Окуу китебинде үй-бүлө, саякат, кесип, Кыргызстан, ден соолук, соода-сатык, кызыгуулар жөнүндө көп кызыктуу маалыматтар сунушталган. Силер ийгиликтүү тил үйрөнүшүңөр үчүн кызыктуу жана керектүү маалыматтар менен таанышып, окуган жана билген маалыматтарды жупта, кичи топто талдап, ар түрдүү кырдаалдарда баарлашып, ой-пикириңерди жазып аракеттене турган тапшырмалар берилди. 5-класстагы көндүмдөрүңөрдү андан ары өнүктүрүп, окуу китебиндеги ар бир тапшырманы адегенде өз алдынча, андан кийин жупта, кичи топто аткарасыңар. Силер тапшырмаларды ушундай иретте аткаруу керек экенин жакшы түшүнүп калдыңар деп ойлойбуз. Тапшырмаларды ушундай ирети менен аткарып жатып, силер өз пикириңерди түшүнүктүү билдирип, башкаларды түшүнгөндү жана окуган маалыматыңарды баалаганды үйрөнө аласыңар. Кыргызча туура сүйлөп, туура жазып, өз оюңарды кеӊ-кесири баяндап бере аласыңар!

Келгиле, балдар! Кыргыз тилин, мамлекеттик тилди бирге үйрөнөлү!



# I ЧЕЙРЕК

## ҮЙ-БҮЛӨ

### 1 сабак

### Сенин үй-бүлөң, үйүң кандай?

**Грамматика:** Сүйлөмдүн ээси жана баяндоочу

**Лексика:** үй-бүлө, үй, бөлмө, бактылуу, кичинекей, сүйөт, кам көрөт, багат, жардам берет, коргойт, сооротот, сагынат, тазалайт, тарбиялайт.

**Эсиңе тут!**

**Сүйлөмдүн ээси + баяндоочу**

**Үй чоң жана таза.**
**Үй-бүлө** чоң үйдө **жашайт.**

**Үй-бүлө ынтымактуу.**
**Мен бактылуумун.**

**Сүйлөмдүн ээси** сүйлөмдөгү негизги ойду билдирет. Ким? эмне? кимдер? эмнелер? деген суроолорго жооп берет.

**Баяндооч** сүйлөмдүн ээсине баш ийип, ээнин кыймыл-аракетин билдирет.

**1.** Диалогду толуктап сүйлөшкүлө.

– **Силердин үй-бүлөңөрдө канча адам бар? Алар кимдер?**
– Биздин үй-бүлөбүздө ... бар. Алар ...
– **Силердин үй-бүлөңөр бактылуубу? Эмне үчүн?**
– Биздин үй-бүлөбүз бактылуу, анткени...
– **Сен кандай үй-бүлөнү бактылуу деп түшүнөсүң?**
– Мен ... үй-бүлөнү бактылуу деп түшүнөм, анткени...
– **Силердин үй-бүлөлүк дарагыңарда канча муун бар?**
– Биздин үй-бүлөлүк дарагыбызда ... муун бар.
– **Силердин үй-бүлөлүк дарагыңарда канча адам бар?**
– ... адам бар.
**– Атаңдын атасы сага ким болот?**
– Атамдын атасы мага ... болот.
**– Чоң атаңдын атасы сага ким болот?**
– Чоң атамдын атасы мага ... болот.
**– Чоң атаңдын чоң атасы сага ким болот?**
– Чоң атамдын чоң атасы мага ... болот.

**2.** Жупта сүйлөшүп, суроолорго жооп жазгыла.

Эгерде ооруп калсаңар, апаңар силерге кантип кам көрөт?

Апаңар жаныңарда болсо, анда өзүңөрдү жакшы сезип, ооруңар жеңилдейби? Эмне үчүн?

Апаңар ооруп калса, силер өзүңөрдү кандай сезесиңер? Апаңарга айыгууга кандай жардам бересиңер?

кам **көрөт** – заботится **жардам берет** – помогает

**3.** «Эненин жүрөгү» деген текстте эмне жөнүндө окуйбуз деп ойлойсуңар?

**4.** Сүрөттөрдү карагыла, жупта кеңешип, ар бир сүрөткө тиешелүү сүйлөмдөрдү туура окугула.



Кооз үч кайың өсүп турат.



Бир кооз кайың кичинекей үч кызы менен токойдо өсөт.



Кайыңдын өзөгү кулады.

**5.** Текстти тыным менен окугула. Тапшырмаларды аткаргыла. Суроолорго жооп бергиле.

## Эненин жүрөгү

I

Бир кооз кайың кичинекей үч кызы – кымча бел кайыңдар менен токойдо өсөт. Анын бутактары кыздарын шамал менен жамгырдан, жайкы күндүн ысык нурларынан коргойт. Апасынын жанында кайың-кыздар эч нерседен коркпой өсө беришет.

Бир жолу токойдо чагылгандуу жаан башталат. Күн катуу күркүрөп, чагылган жаркылдайт. Кичинекей кайыңдар коркконунан титиреп-калтырашат. Кайың аларды бутактары менен кучактап сооротот: «Коркпогула, чагылган силерге тийбейт. Мен – токойдогу эң бийик даракмын».

**кымча бел** – тонкоствольный
**корго-** – защитить
**күркүрөө** – гром
**чагылган** – молния
**соорот-** – успокаивать
**бутак** – ветвь
**чагылгандуу жаан** – гроза
**кичинекей** – маленький
**титиреп-калтырашат** – трепетать

*1-тыным*

– Токойдогу кайыңдардын үй-бүлөсүн сүрөттөп бергиле.
– Кичинекей кайың-кыздар эмне үчүн эч нерседен коркпой өсүшөт?
– Чоң кайың кыздарын чагылгандан коргой алабы?

II

Аңгыча болбой, бутактардын чыртылдаганы угулат. Чагылган түз эле кайыңга тийип, өзөгүнүн ортосун куйкалап кетет. Кыздарын коргош керек экенин унутпаган кайың күйбөйт. Нөшөрлөп жааган жамгыр менен

шамал да кайыңды жыгылта албайт. Көз ирмем да кыздарын унутпаган кайың кучагын ачпай тура берет. Чагылган басылып, шамал токтогондо, күн жаркырап тийгенде гана кайыңдын өзөгү солк этет. Кулап баратып, кайың кыздарына шыбырайт: «Коркпогула, мен жаныңарда болом. Чагылган менин жүрөгүмдү жара алган жок. Куйкаланган өзөгүмө чөп чыкса да, жүрөгүм соgo берет». Кайыңдын өзөгү кулады, кулаганда кымча бел кыздарынын бир бутагына тийбестен кулады.

**чыртылда** – треск
**күйбө-** – не сгореть
**көз ирмем** – мгновение
**жара алган жок** – не разбил
**өзөк** – ствол
**нөшөрлөп жааган жамгыр** – ливень
**солк эт-** – качнуться
**куйкаланган** – опалённый
**куйкала** – опалить
**кула** – падать
**шыбыра** – шептать
**соgo берет** – будет стучать

*2-тыным*

– Үч кайың-кыз апасы жок кантип жашашат?
– Энесинин жүрөгү аларга качан кантип жардам берет?

III

Ошондон бери картаң дүмүрдүн жанында кооз үч кайың өсүп турат. Эгерде силер токойдо ошол жерге барып калсаңар, кайыңдын өзөгүнө эс алууга отургула. Анан көзүңөрдү жуумп, кулак салгыла. Ошондо силер эненин жүрөгүнүн сокконун угушуңар мүмкүн.

*М. Скребцова*

**картаң** – старый
**жуумп** – закрыв
**дүмүр** – пень

– Бардык дарактарды бир чоң үй-бүлө деп элестеткиле. Дарактардын ата-энеси, чоң атасы, чоң энеси кайсы дарактар? Кайсы дарактар балдары?
– Эмне үчүн дайыма апасы балдарын коргойт деп ойлойсуңар?
– Эгерде апаңардын ишинде жаман окуя болсо, маанайы чөксө, анда силер апаңарга кантип жардам бере аласыңар?

**6.** Бир окуучунун апасы жана өзү жөнүндө жазганын окугула. Силердин апаңарга эмнеси окшош? Сага ал окуучунун эмнеси окшош?

| Апам эмне кылат? | Мен эмне кылам? |
|---|---|
| Апам бизди жакшы көрөт, ошондуктан биздин үй-бүлөбүзгө кам көрөт. Ал ак көңүл, боорукер.<br>**ак көңүл** – добрый<br>**боорукер** – отзывчивый | Мен да апамды жакшы көрөм, ошондуктан апама жардам берип турам. |
| Апам күн сайын үй-бүлөбүз жактырган даамдуу тамактарды бышырат. Бизди маалында тамактандырат. | Мен апама жардамдашам: дүкөндөн азык-түлүк салынган оор баштыктарды **көтөрүшүп** келем.<br>**көтөрүшүп келем** – помогаю носить |

| | |
|---|---|
| Апам биздин үйдүн бөлмөлөрүн жыйнап тазалайт.<br>**бөлмө** – комната | Буюмдарымды ордуна коюп иреттейм. |
| Кичинекей инимди багат: сууга түшүрүп кириңтет, ыйласа сооротот, кечинде жомок окуп берет. | Апам жана иним болуп сейилдегенди жакшы көрөм. Биз апам менен таза абада дем алабыз. Инимди ойнотом. |
| Апам мага тамак жасаганды, идиш-аяк жууганды, башка дагы көп нерселерди үйрөтөт. | Мен апамдан өзүм үчүн пайдалуу нерселерди билип алам. |
| Апам сабактарга даярданууга жардам берет. | Мен өз алдымча окууга аракеттенем. |
| Апам мени адептүү болууга тарбиялайт. | Апам менен киного, конокко барабыз. Ар кайсы нерселер жөнүндө сүйлөшөбүз. |

**7.** Класссташыңдын сабактагы ишин баалаш үчүн 1 сүйлөм танда:

- Сен азаматсың.
- Сен сабакта мыкты иштедиң.
- Сен мындан дагы жакшы иштесең болмок.

**8.** Силердин апаңар алыс жакка бир жумага кетсе, апаңардын кылган иштерин силеркайсы убакта кантип аткарат элеңер? Жупта талкуулап, айтып бергиле.

## 2-сабак

### Сенин үй-бүлөң, үйүң кандай?

**Грамматика:** Сүйлөмдүн аныктоочу. Кандай? Кайсы?

**Лексика:** көп батирлүү, кабаттуу, кенен, чакан, гүлзар, жашоочу, ээси.

**Эсиңе тут!**

**Сүйлөмдүн аныктоочу + ээси + баяндоочу**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Кандай өлкө? | бай өлкө | Кайсы өлкө? | Кыргызстан |
| Кандай шаар? | кооз шаар | Кайсы шаар? | Бишкек шаары |
| Кандай көчө? | жаңы көчө | Кайсы көчө? | Токтогул көчөсү |
| Кандай мектеп? | чоң мектеп | Кайсы мектеп? | № 28 мектеп |
| Кандай кыз? | акылдуу кыз | Кайсы кыз? | 6-класста окуган кыз |
| Кандай үй-бүлө? | ынтымактуу үй-бүлө | Кайсы үй-бүлө? | Султановдордун үй-бүлөсү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Кандай бөлмө? | таза бөлмө | Кайсы бөлмө? | конок бөлмөсү |
| Кандай белек? | сонун белек | Кайсы белек? | туулган күндөгү белек |

**Сүйлөмдүн аныктоочу** зат менен байланышып, анын ар кандай белгисин (сын-сыпатын, сан-иретин, мүнөзүн ж. б.) билдирет.

**9.** Силер жашаган айылда же шаарда кандай үйлөр бар? Айылдагы үйлөр менен шаардагы үйлөрдүн кандай айырмасы бар? Талкуулагандан кийин төмөнкү таблицаны толтургула.

| Айылдагы үйлөр кандай? | Шаардагы үйлөр кандай? | Айырмасы | Окшоштугу | Эмне үчүн? |
|---|---|---|---|---|
| ... | ... | ... | ... | ... |

**Үлгү:** *Айылдагы үйлөр бир кабаттуу, анткени айылда адамдардын саны абдан көп эмес, жер кенен.*

**10.** Силер кандай ойлойсуңар, бардык үйлөр бири-бирине окшош болуш керекпи? Эмне үчүн?

**11.** Чоңойгондо сен кандай үйдө жашагың келет? Эмне үчүн? Сүрөтүн тартып, келечектеги үйүң жөнүндө айтып бер. Сүрөт боюнча бири-бириңерге суроолорду бергиле.

**12.** Текстти тыным менен окугула. Суроолорго жооп бергиле.

## Үй жөнүндө үйдүн аңгемеси

I



Үйлөр ар кандай болушат. Көп батирлүү бийик үйлөр, бир кабаттуу үйлөр, кооз сарайлар, жөнөкөй курулуштар. Үйлөрдүн кылган «жумушу» да ар башкача. Кээ бир үйлөрдө адамдар иштешет же окушат, айрымдары – дүкөн. Менин «жумушум» эң маанилүү – менде адамдар жашашат. Мен кадимки эле сегиз кабат үймүн. А түгүл лифт да бар. Дарегим: Москва шаары, Петров паркы, Жаңы үйлөр, «Б» корпусу. Биз алиппедеги тамгалардай болуп «А» корпусу, «Б» корпусу, «В» корпусу болуп катар турабыз.

**сарай** – дворец **курулуш** – строение

– Үйлөрдүн кылган «жумушу» жөнүндө эмнелерди билдиңер?

– Бул үйдүн дареги кандай?

– Бул дарекке көчүп келген Травка деген бала эсиңердеби? Ал жөнүндө 5-класста эмнелерди окугансыңар? Айтып бергиле.

## II

Жаңы үй кезимде биринчи жашоочулар көчүп келгени эсимде. Алар жүк ташуучу машинелер менен көчүп келишкен. Эмеректерин, кийим-кечелерин, ит-мышыктарын алып келишкен. Баары тең бактылуу болушуп, күлүп, бири-бири менен таанышып, бири-бирин кошуна деп аташкан.

Ошондон баштап менин терезелеримде ар күнү кечинде жарык күйүп, короодо балдар ойношот, чоңдор сейилдешет. Айланамда гүлзарлар, бийик дарактар өстү. Жашоочуларды күн сайын окууга жана ишке узатам, кечинде кайтып келишин күтөм. Алыс жакка кетишсе, мен аларды сагынам. Жашаган адамдар да мени сагынышат, деп үмүттөнөм.

*ycilka.net/tvir.php*

ӨҮН **эсимде** – помню
**сагын-** – скучать
**узат-** – провожать
**үмүттөн-** – надеяться

– Жашоочулар эмне үчүн бактылуу?
– Жаңы үй жашоочуларга жаккан сүйлөмдү тексттен таап далилдегиле.
– Үй эмне үчүн жашоочуларын күтүп, сагынат?
– Жашоочулар да үйүн сагынабы? Эмне үчүн?
– Силерге өзүңөр жашаган үйүңөр жагабы? Эмне үчүн?

**13.** Сүйлөмдөрдүн туура же ката экенин аныктагыла.

| | туура | ката |
|---|---|---|
| Үйлөрдүн баары бири-бирине окшош болушат. | | |
| Петров паркындагы «Б» корпусундагы үйдө лифт жок. | | |
| Бул сегиз кабат үй. | | |
| Үй өзү жөнүндө айтып берет. | | |
| Үйдө жашоочулар бактылуу. | | |
| Жашоочулар бири-бирин сыйлашат. | | |
| Жашоочулар алыска кетсе, үй аларды сагынып кетет. | | |
| Жашоочулар да үйүн сагынышат. | | |

**14.** Өзүңөрдүн үйүңөрдүн планын тарткыла. Төмөнкү суроолор боюнча айтып бергиле.

– Өзүңөрдүн үйүңөрдү сүрөттөп бергиле.
– Өзүңөрдүн бөлмөңөрдү сүрөттөп бергиле.
– Үйдө гүлдү кайсы жерге өстүргөн жакшы?
– Үйүң кайсы көчөдө?
– Үйүң кандай?
– Үйүңдө канча адам жашайт?
– Алардын бөлмөсү барбы?
– Үйдө баарынын өз-өзүнчө бөлмөсү болуш керекпи? Эмне үчүн?
– Үйдө сенин ордуң барбы? Ал кайсы жер?
– Коноктор кайсы бөлмөдө отурушат? Кайсы бөлмөдө укташат?
– Өзүңдүн үйүң сага жагабы? Эмне үчүн?

**15.** Теманын аягында ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула.

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| …<br>…<br>… | …<br>…<br>… | …<br>…<br>… |

## 3-сабак

### Үнөмчүл болуш керекпи?

**Грамматика:** Жалпы таандык мүчө. Кимдики? Кимдердики?

**Лексика:** суу түтүгү, суу чоргосу, чыгым, келечек, маани, үнөмчүл, үнөмдө-, үнөмдүү, үнөмдөш керек, үнөмдөш үчүн, корот-, ыргыт.

**Эсиңе тут!**

| Эмне? Эмнелер? | Эмненики? Кимдики? Кимдердики? |
|---|---|
| Үстөл менен отургуч | конок бөлмөнүкү |
| Чыны менен чай кашык | ашкананыкы |
| 6-класстын окуу китеби | мектептики |
| Узун сызгыч | Анараныкы |
| Бул китеп | курбумдуку |
| Бул ийгилик | окуучулардыкы |

Зат атоочко уланган **-ныкы** мүчөсү таандыкты билдирет.

**16.** Сөздөргө жалпы таандык мүчөнү улагыла.

Бул балта мен... .
Бул идиш-аяк апам… .
Бул отургуч мектеп… .
Бул шыпыргы сен... .
Тиги күзгү эжем… .
Ал дептер окуучу… .
Бул күрөк атам… .
Бул терезе бөлмө… .
Лифт кабаттуу үй… .

**17.** Үлгү боюнча сөз айкаштарын жазгыла.

**Үлгү:** *китепкананын китептери – китептер китепкананыкы*

Ата-энемдин акчасы – акча ата-энемдики.
Үй-бүлөнүн чыгымдары – …
Менин досторум – …
Өздөрүнүн буюму – …
Баланын бөлмөсү – …
Кыздын кийими – …
Адамдардын эмгеги – …
Өлкөнүн электр жарыгы – …

**18.** Сөздөрдүн антонимдерин жебе аркылуу тапкыла.

| | |
|---|---|
| майда | кем |
| кымбат | туруктуу |
| ашыкча | пайдасыз |
| пайдалуу | корот- |
| күнүмдүк | арзан |
| үнөмдө- | чоң |

**19.** Сүрөттү карагыла. Бул сүрөттөрдү бириктирген эмне деп ойлойсуңар? Ой бөлүшкүлө.











**20.** Текстти тыным менен окугула. Суроолорго жооп бергиле.

## Үнөмчүл болгон пайдалуу

I

Ата-энем мага күнүмдүк майда чыгымдарга акча берип турушат. Ал акчаларды үнөмдөп, досторум менен киного барам. Ашыкча чыгым кылып ата-энемди кыйнагым келбейт.

Апама 8-март майрамына кооз гүлдесте белек кылсам, аябай таң калды. Үнөмдөгөн акчама сатып келдим десем, апам аябай сүйүндү.

Менин досторум ата-энем көп акча бербейт, кымбат кийим сатып беришпейт деп арызданышат. Өздөрү колундагы акчасын керексиз буюмдарды сатып алып коротушат. Мен досторумду акчаны үнөмдөп колдонууга чакырам. Себеби биз өзүбүз иштеп, акча таба электпиз. Акчаны жөн эле коротсок, анда ата-энебиздин эмгегин сыйлабаган болобуз. Ал эми үнөмчүл болгонду үйрөнсөк, бул келечегибизге пайдалуу.

ӨУН **күнүмдүк** – повседневный
**үнөмчүл** – бережливый
**корот-** – потрать
**чыгым** – расход
**ашыкча** – излишний
**коротсо** – если будет тратить
**үнөмдө-** – экономить
**кыйноо-** – мучить
**келечек** – будущее

*1-тыным*

– Силердин ата-энеңер күнүмдүк майда чыгымдарга акча беришеби?
– Силер ал акчаларды кантип колдоносуңар? Эмне үчүн?
– Эгерде акчаны үнөмдөбөсө, анда эмне болот?
– Үнөмчүл болгон жакшыбы? Эмне үчүн?
– Бул баланын жоруктары силерге жактыбы? Эмне үчүн?
– Ушул бала сыяктуу силер апаңарга белек кылдыңар беле?

## II

Үнөмчүлдүк – бул жакын туугандарыңа да, тааныш эмес адамдарга да кам көрүү. Ал бала кезде майда нерселерден башталат да, мамлекеттик масштабдагы мааниге ээ.

Мисалы, окуучу тапшырма аткарып жатып, туура эмес жасап алды дейли. Ал каталарды сызып өчүрдү – дептердин бетин булгады! Анан жаңы дептер баштады, булганган дептердин барактарын жарымы таза бойдон ыргытты. (Кээ бир гана окуучулар дептердин таза барактарын черновикке колдонушат.) Класста 30 окуучу бар, алардын он беши дептерин таза бойдон ыргытып салат. Беш сабактан эле ушинтип 15 дептерден ыргыта беришсе, мектеп боюнча 20 класс бар болсо, анда 1500 дептер ыргытылат. Ал эми биздин өлкөдө канча мектеп бар, билесиңерби? Бул эмне, болбогон эле нерсеби, азбы?

ӨУН **үнөмчүлдүк** – бережливость
**сызып өчүр-** – зачеркни
**ыргыт-** – выбрось

*2-тыным*

– Үнөмчүлдүк деген эмне?
– Силер бул айтылгандарга кошуласыңарбы? Эмне үчүн?
– Терс сапаттардан кантип арылыш керек?

## III

Ал эми эски кийимдерчи? Модадан чыкса эле, жаңы пальто, көйнөк, юбка, шым сатып алышат. Ойлоп тапкычтык менен ал кийимдерди жаңыласа болот.

Өз үйүңөрдү карап көргүлөчү: ашканада суунун чоргосун жапканда көңүл койбой чала жаап койсо, суу тамчылай берет. Биздин өлкөдө таза сууну колдонуу үчүн болбогон акча төлөйбүз, ал эми Европада таза суу

жетишпегенден, аны сатып алышат. Үйлөрдө электр жарыгын өчүргөндү унутуп коюшат, бүт өлкө үчүн бул ири өлчөмдөгү чыгаша.

Суу түтүгү, электр жарыгы, нан, подъезддин дубалдары, лифт, китептер, дептерлер, отургучтар, кийимдер – мунун баары башка адамдардын эмгеги жана убактысы. Эгерде биз аларды, өзүбүздү сыйласак – булардын баарын сактайлы.

**суунун чоргосу** – водопроводный кран
**ири өлчөмдөгү чыгаша** – крупный убыток
**чала жаап** – не до конца закрыть
**суу түтүгү** – водопровод

– Модадан чыккан пальто, көйнөк, юбка, шым силерге жагабы? Кийимдериңер жаңы кезинде эле кийилбей калып калган учурлар болобу? Ал кийимдерди кантип жаңылап кийсе болот?

– Силер суунун чоргосун жакшылап жабасыңарбы? Үйдөн чыкканда электр жарыгын өчүрөсүңөрбү? Бул нерселер маанилүүбү?

– Жогорку тексттен оюңардын туура экенин далилдеген сүйлөмдөрдү тапкыла.

IV

Илимий-техникалык революциянын мааниси адамдардын күчүн жана эмгегин үнөмдөө болуп эсептелет. Илимпоздор, инженерлер жүк ташуунун ылдамдыгын чоңойтуп, унааларды жакшыртып жатышат. Мурун жумалап, айлап жүргөн алыс жактарга учактар азыр бир нече саатта жеткирет. Азыр почтанын ордуна мобилдик телефондор, радио, телевидение алмашты. Бирок машиналар баарын жасай алышпайт. Аларга адамдардын үнөмчүлдүгү, кылдат мамилеси керек.

**маани** – значение
**кылдат** – бережно
**ылдамдык** – скорость
**мамиле** – отношение
**жеткир-** – доставить

– Адамдардын күчүн жана эмгегин үнөмдөөгө илимий-техникалык революция кызмат кылары анықпы? Тексттен бул ойду далилдеген үч сүйлөм тапкыла.

**21.** Өзүңөрдү баалагыла.

Мен класстагы иштин ... бөлүгүн аткардым.
Мен өзүмө жалпы «токочтун» ... бөлүгүн бөлдүм. Себеби ...

**22.** «Үнөмчүл болуу керекпи?» деген темада 10 сүйлөмдөн кем эмес текст жазып келгиле.

# 4-сабак

## Үнөмчүл болуш керекпи?

**Грамматика:** Сүйлөмдүн толуктоочу. Кимди? Эмнени?

**Лексика:** жаңгак, оюнчук, жарманке, сат-, сатып ал-, көгүчкөн, акча, куту, корот-, үнөмчүл, ак көңүл, жан-жаныбар, тойгуз-.

### Эсиңе тут!

| Ким? Эмне? | Кимди? Эмнени? | Эмне кылат? (Эмне кылды?) |
|---|---|---|
| Мен | түрдүү таттуулар**ды** | сатып алам. |
| Ит | эт**ти**, сөөк**тү** | жейт |
| Ал | көгүчкөн**дү** | көрдү |
| Бала | жан-жаныбар**ды** | тойгузду |

**Толуктооч** кыймыл-аракет багытталган затты билдирет. Кимди? эмнени? деген суроолорго жооп берет.

**23.** Сүйлөмдөргө кыймыл-аракет багытталган затты кошуп толуктап жазгыла.


Биздин үй-бүлө (эмнени?) туура коротууга аракет кылабыз. Апам (кимди?) тойгузуу үчүн тамак-ашты көп алат. Күнүмдүк (эмнени?) атам төлөйт. Биз (кимди?) кыйнабайбыз. Керектүү (эмнени?) гана сатып алабыз. Үй-бүлөдө (эмнени?) үнөмдөш керек. Бирок мен дүкөнгө барсам, түрдүү (эмнени?) көп сатып алганды жакшы көрөм.

*Колдонулуучу сөздөр:* акчаны, ата-энебизди, таттууларды, акчаны, нерселерди, бизди, чыгымдарды.

**24.** Сүрөттөрдү карагыла. Балдар эмне кылып жатышат?



Костя – үнөмчүл бала.
Ал акчаны кутуга салып сактайт.





Федя көгүчкөндөргө жем,
иттерге колбаса сатып алат.

**25.** Текстти окугула. Костя менен Федянын жоруктарын салыштыргыла. Макалдардын маанисин чечмелегиле.

## Эки макал

Костя – үнөмчүл бала. Апасы беш сом же бир тыйын берсе да, кутуга салып сактап коёт. Ал эми анын досу Федя – тескерисинче. Анын колунда беш сом болсо эле, ал сөзсүз бир нерсе сатып алат. Көгүчкөндөргө жем, иттерге – колбаса.

Бир жолу чоң айылда жарманке болду. Костя өзүнүн кутусунан майда акчаларын алып, жарманкеге жөнөдү, ар түрдүү таттууларды жана оюнчук сатып алмак болду. Ал эми Федя үйүндө калды. Акчасы жок болсо, жарманкеге эмнеге бармак эле? Костя жарманкеге чоң айылга бара жатып, адашып калды. Анан бир көгүчкөнду көрөт. Костя андан:

– Көгүчкөн, мага жол көрсөтүп койчу! Мен сага акча берем,– деп суранды.

– Мага акчанын кереги жок. Сага жол көрсөткүдөй, сен кимсиң? – дейт.

– Мен Федянын досумун.

– Анда башка кеп. Көрсөтөйүн.

Көгүчкөн Костяга жол көрсөтүп берет, тиги ошол жол менен жарманкеге жетет. Костя жарманкеге келсе, анда эл көп. Жакшысы да, жаманы да бар. Бир ууру Костянын акчасын уурдап алат. Костя ыйлап жиберет. Анын ыйлаганын көргөн бир ит келип:

– Ыйлаба, мени ушул жерде күт! – дейт.

Ит Костянын акчаларын жытынан таап, тартып алат да, алып келип берет. Костяга бир нерсе деп кулагына шыбырап кетет.

Костя түрдүү таттууларды, жаңгактарды, оюнчук сатып алат. Үйүнө баратып, жолдон жолуккан жан-жаныбарды тойгузуп кете берет. Чымчыктарды да, иттерди да. Өз айылына келгенде Костя Федяга оюнчук тартуулайт:

– Бул сага белек, менин кымбаттуу досум!

Көргөн көзүнө ишенбей, Федя:

– Сага эмне болгон, Костя? Сен мынча ак көңүл болуп калгансың? – дейт.

– Мен эми дайыма ушундай болом,– деп Костя Федяны кучактайт. Федя жарманкеде Костянын кулагына ит эмне деп шыбыраганын билбейт. А ит болсо, Костяга эки макал айткан: «Жүз сомуң болгончо, жүз досуң болсун». «Үнөмчүл болгон жакшы, ак көңүл болгон – андан жакшы».

*Е. Пермяк*

**куту** – коробка **жарманке** – ярмарка **көгүчкөн** – голубь

**26.** Тексттин каармандарына мүнөздөмө бергиле, таблицаны толтургула.

| Каармандын аты | Сырткы келбетин элестетип, жаз | Ал кандай бала? | Ал келечекте кандай адам болот деп ойлойсуң? |
|---|---|---|---|
| Костя | | | |
| Федя | | | |

**27.** Тексттеги маалыматты 2–3 сүйлөм менен жалпылагыла.

Текстте айтылган маселени белгилегиле.
Өз оюңарды айткыла.
Аны аргументтештирип, мисалдарды келтиргиле.
Жыйынтык чыгаргыла.

**28.** Костянын үнөмчүл гана болбой, ак көңүл бала болгону туурабы? Эмне үчүн? Өз оюңарды төмөнкү сүйлөмдөрдү улантып жазгыла.

Мен ... деп ойлойм.
Биринчиден, ...
Экинчиден, ...
Үчүнчүдөн, ...
Демек, ...

**29.** Тема боюнча өзүңөрдү баалагыла.

Мен

- жаңы нерсе билдим
- пайдаландым
- таң калдым
- үйрөндүм
- түшүндүрө алам
- түшүнгөн жокмун

## 5-сабак

### Досу көп бала

**Грамматика:** Сүйлөмдүн бышыктоочу. Канчалык? Кантип?

**Лексика:** дос, курбу, туулган күн, белек, топтом, айрылыш, келечек, укмуш, окуя, байлык, кесим, байкуш, ишенимдүү, ыңгайлуу, укмуштуу.

**Эсиңе тут!** **Сүйлөмдүн ээси + бышыктоочу + баяндоочу**

| **Канчалык?** | **Эмне кылды?** |
|---|---|
| канчалык<br>ушунчалык<br>мынчалык<br>ошончолук | ойлонду<br>кыйналды<br>көрүндү<br>отура берди |

| Ким? Эмне? | Кантип? | Эмне кылды? |
|---|---|---|
| Кыз | сүйлөп | отурду |
| Жарык | күйүп | турду |
| Курбусу | ойлонуп | көрдү |
| Суу | агып | жатты |
| Бала | кесип | жеди |
| Ал | куюп | ичти |
| Досу | сүйүнүп | кетти |

**30.** Сөздөргө **-ып** мүчөсүн туура улап жазгыла.

Үнөмдө... жашайт, сат... келет, иретте... чыгат, тазала... коёт, тартуула... жатат, корго... жүрөт, сакта... турат, кучакта... отурат, колдон... атат, жаша... жүрөт, жардам бер... турат, тарбияла... жатат.

**31.** Төмөнкү чачылган сөздөрдөн сүйлөм түзгүлө.

Дүкөнгө, сатып, барып, лента, алды, кыз; Ал, белек, ойлонуп, нерсени, башка, кылды; Чыгышты, ырыс, достор, издеп; Достор, бири-бирин, ойгонуп, сүйүнүп кетишти, эртең менен, көрүп.

**32.** Суроолорго жооп бергиле.

Адам достору жок жашай алабы?
Достук деген эмне?
Силердин оюңарча чыныгы дос кандай болуш керек?

**33.** Сүрөттөгү кыз эмне кылып жатат деп ойлойсуңар? Ой бөлүшкүлө.

**34.** Текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.

Бир кызды эң жакын курбусу туулган күнүнө чакырды. Ал кыз белекке түстүү калемдердин топтомун сатып алды. Калемдер абдан кооз экен, кыз аларды карап отуруп, өзүнө калтыргысы келди. Ал кайра дүкөнгө барып, бул жолу ленталарды тандады. Мындай сонун ленталар курбусунда эле эмес, өзүндө да жок болчу. Ал ойлонуп отуруп, башка нерсени белек кылууну чечти. Кыз кайра дүкөнгө барып, «Кирпи» деген кичинекей крем торт сатып алды. Картон кутудагы крем торт кызга



ушунчалык күлкүлүү жана жакшынакай болуп көрүндү. Анда кыз өзүнө бир куюм чай куюп, бир кесим торт кесип алды. Туулган күнгө бара турган убак жакындап калса да, байкуш кыз ашканасында отура берди.

*С. Георгиев*

**35.** Бир же эки досуңа (курбуңа) мүнөздөмө бер, төмөнкү үлгүнү пайдалан:

Менин досумдун (курбумдун) аты...
Ал ... жашайт, ... окуп жатат.
Анын сырткы келбети...
Менин досумдун (курбумдун) мүнөзү...
Ал менин чыныгы досум (курбум), анткени...

**жакын курбу** – близкая подруга
**туулган күн** – день рождения
**топтом** – набор
**белек** – подарок
**бир куюм чай** – чашка чая
**кесим** – кусок
**байкуш** – бедный

– Эмне үчүн кыз белектерди берген жок?
– Кызды мүнөздөп бергиле. Аны жакын курбу десе болобу?
– Силер ушул кызга окшош кыздарды билесиңерби?
– Эмне үчүн автор кызды атынан атабай, «бир кыз» деп жазган?
– Эмне үчүн аңгеменин аягында автор кызды байкуш дейт?

**36.** Бүгүн досуңардын туулган күнү. Аны куттуктагыла.

**37.** «Досу көп бала / кыз» деген темада 6–7 сүйлөмдөн турган текст жазгыла. Текст түзүүдө төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

Кандай адамды досу көп адам десе болот?
Досу көп болгон жакшыбы? Эмне үчүн?

**38.** Макалдарды окуп, маанисин түшүндүрүп жазып келгиле.

«Буюм табылат, дос табылбайт», «Ач көздүн өзү тойсо да, көзү тойбойт».

## 6-сабак

### Досу көп бала

**Грамматика:** Сүйлөмдүн бышыктоочу. Канчалык? Кантип?
**Лексика:** Ажырагыс, мыкты, айрылыш, токой, ишенимдүү, ошончолук, ушунчалык, келечек, өткөн.

**39.** Балдар эмне кылып жатат деп ойлойсуңар? Өз оюңарды бири-бириңер менен бөлүшкүлө.

Бул балдар ...
Алар токойдо ...
Чоң дарактын түбүндө ...



**40.** Текстти тыным менен окугула. Тапшырмаларды аткаргыла.

## Айрылыш

I

Эки дос болуптур. Алар аябай жакшы достор экен. Алар дүйнө кезип, ырыс издеп чыгышат. Көпкө жүрүшөт: токойлор менен, талаалар менен жүрүшөт, тоолорго чыгышат, суулардан өтүшөт.

Бир маалда алар эки жолдун айрылышына келишет. Ал жерде чоң таш жатыптыр, ал укмуш таш экен: биринчиден, таш жаркырап турат, экинчиден, ташта «Солдо – келечек, ондо – өткөндөр» деген жазуу бар экен.

**айрылыш** – разделение
**келечек** – будущее
**эки жолдун айрылышы** – распутье
**өткөндөр** – прошлое

*1-тыным*

– Тексттен достордун ажырагыс мыкты достор экенин билдирген сүйлөмдү тапкыла.
– Жолдун айрылышына келген достор эми кайда барышат?

II

Бир дос келечекти тандады. Себеби, ар кандай коопсуздук, күтүүсүздүк болсо да, келечек кызыктуу деп ойлоду.

Ал эми экинчи дос өткөндү тандады. Себеби, өткөн учурда баары тааныш, көңүлсүз болгон менен, коркунучсуз деди.

Алар ушундай бир-бирине окшош эмес, ар башка достор эле. Ошентип алар ар кимиси өз жолу менен кетишти. Бири-биринен **канчалык** алыстаган сайын, **ошончолук** капалуу боло беришти. Себеби, жанында досуң жок болсо, кайдагы келечек. Өткөндөр да баары тааныш, көнүмүш болгон менен ишенимдүү досуң болбосо, эчтекеге арзыбайт.

**көнүмүш** – привычно
**ишенимдүү** – верный

*2-тыным*

– Достордун эки башка экенине тексттен далилдерди тапкыла.
– Достор эмне үчүн капалуу?

III

Ошентип экөө эки жакта кете беришти, экөө тең капаланып түнөрүштү.

Күн да түнөрдү. Тез эле түнгө айланды. Экөө тең түнөй турган жерге токтошту. Бир дос чоң жоон дарактын түбүнө жатты. Экинчи дос да бир эмен дарагынын түбүнө жайгашты. Анан, капалуу бойдон, уктап калышты.

Эртең менен достор экөө тең бир учурда ойгонуп, бир дарактын түбүндө укташканын көрүштү.

ӨҮҢ **түнөр-** – мрачнеть **түнөй турган жер** – ночлег

*3-тыным*

– Эки дос кантип бир дарактын түбүндө болуп калышты?

IV

Биринчи дос укмуштуу окуяга таң калды. Ушунчалык таң калгандан башкага алы да калбады. Экинчиси аябай сүйүндү. Сүйүнгөндөн коркуп да кетти.

Кимдир бирөө ташка тамашалап жазып койсо керек,– деди биринчиси.

А балким, тамаша эмес,– деп жооп берди экинчиси. – Балким, өткөн менен келечек кээде бир жерден жолугушат ко. Биз ошондой жерге келип калсак керек.

Эмне болгонун жөнү менен түшүнүп-түшүнбөй эле, эки дос андан ары көз көргөн жакка кете беришти. Кайда болсо да мейли, бирге болсо болду.

*В. Лейкин*

ӨҮҢ **укмуш** – чудо **окуя** – событие
**укмуштуу** – удивительный **укмуштуу окуя** – приключение

– Тексттер достор жолугушуп калганын түшүндүргөн сүйлөмдү тапкыла.
– Кайсы достуку туура деп ойлойсуңар?
– Достор бул окуядан кандай жыйынтык чыгарышты?

**41.** «Айрылыш» деген текстти пайдаланып, туура эмес сүйлөмдөрдү оңдогула.

Эки дос болуптур. Бир жолу алар урушуп кетишет да, өздөрүнө жаңы дос издеп чыгышат. Алар абдан узак жүрүшөт. Акыры экөө чоң таш көрүшөт. Ташта: «Солдо – байлык, оңдо – укмуштуу окуя» деген жазуу бар экен. Ар бири ар тарапка жөнөшөт.

Кеч киргенде, ар кимиси түнөй турган жер издейт. Бирөө арчанын түбүнө жатат. Экинчиси да өзүнө ыңгайлуу жер табат. Достор эртеси ойгонуп, бир арчанын түбүндө укташканын түшүнүшөт экен.

**урушуп кетишти** – поругались
**ыңгайлуу** – удобный
**байлык** – богатство
**ойгон-** – проснуться

– Достор өздөрүнө жаңы дос табыштыбы?

**42.** Сүйлөмдөрдү бири-бирине жебе менен туура байланыштыргыла.

| | |
|---|---|
| **Дүйнө кезип чыгышты** | Белгисиз максатта жөнөштү |
| Жөнү менен түшүнүп-түшүнбөй | Тандаш керек болуп турду |
| Эки жолдун айрылышына келишти | **Достор саякаттап кетишти** |
| Көз көргөн жакка кете беришти | Ар ким ар тарапка кетти |
| Өз жолу менен кетишти | Дурустап түшүнбөй эле |

**43.** Тексттеги маалыматты 2–3 сүйлөм менен жалпылагыла.

Текстте айтылган маселени белгилегиле.
Өз оюңарды айткыла.
Аны аргументтештирип, мисалдарды келтиргиле.
Жыйынтык чыгаргыла.

**44.** Өз алдыңарча «Жакшы дос» деген темада 8–10 сүйлөмдөн турган текст жазып келгиле. Текст түзүүдө төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

Силердин досуңар барбы?
Канча досуңар бар?
Жакшы дос деп кандай досту айтса болот?
Жакшы дос болгон оңойбу же кыйынбы? Эмне үчүн?

**45.** Теманын аягында ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула.

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## 7-сабак

### Үйдөгү досторубуз

**Грамматика:** Сүйлөмдүн баяндоочу

**Лексика:** ээси, ишенимдүү, кожоюн, күчүк, муруту, таргыл, тармал, акылдуу, кайтарат, түшүнөт, тазалайт, курбу, ээрчитип алат.

**Эсиңе тут!**

Мен ит **багам.** Итим мени **түшүнөт.** Ал үй **кайтарат.** Мен аны **жакшы көрөм.**

Баяндооч сүйлөмдүн ээсине баш ийип, ээнин кыймыл-аракетин билдирет.

**46.** Сүйлөмдүн ээсин кыймыл-аракетти билдирген сөз менен туташтыргыла.

| | |
|---|---|
| күчүк | жакшы көрөм |
| мышык | кайтарат |
| мен | тазалайсың |
| ит | **багат** |
| сен | жуунат |
| **атам** | үрөт |

**47.** Балдардын аңгемесин окуп, суроолорго жооп бергиле.

Менин атым – Актан. Менин итим бар. Итим – короочу. Анын аты – Жолборс. Мен аны кичинекей күчүк кезинен өзүм бактым. Ал кечке үй кайтарат. Менин айткан сөзүмдү түшүнөт. «Жолборс, тос»,– десем, короого кирген койлорду айдап чыгат. Жолборс – короонун ишенимдүү кожоюну. Мен аны жакшы көрөм.

**күчүк** – щенок
**кожоюн** – хозяин

Менин атым – Искендер. Мен мышык бакканды жакшы көрөм. Жакында эле досторум менен «Кот и Пёс» дүкөнүнө барып, кичинекей мышык сатып алдым. Менин мышыгым таргыл, анын муруту тармал. Ал акылдуу. Мен аны Мурка деп атадым. Аны убагында сууга түшүрүп, тазалап турам. Мурка – менин досум.

**таргыл** – полосатый
**муруту** – усы
**тармал** – кудрявый

Менин атым – Айым. Курбумдун аты – Назик. Биз кичинекей шаарда жашайбыз. Курбум экөөбүз Нарын суусунун жээгинде эс алганды жактырабыз. Менин Кумайык деген итим бар. Итим чоң, кара, ал абдан акылдуу. Мен жекшемби сайын итим менен сейилдейм. Курбум да Кумайыкты ээрчитип алышымды суранат. Биз кийинки жекшембиде токойго эс алууга барганы жатабыз. Сөзсүз Кумайыкты ээрчитип алам.

**акылдуу** – умный

– Адамдар жаныбарлар менен достошо алабы?
– Эмне үчүн адамдар жаныбарлар менен достошот?
– Кимдин досу кандай жаныбар?

**48.** Тексттеги балдардын жаныбарларын сүрөттөп жазгыла.

| | |
|---|---|
| Актандын досу – ... | Жолборс – ... |
| Искендердин досу – ... | Мурка – ... |
| Айымдын досу – ... | Кумайык – ... |

**49.** Силердин итиңер / мышыгыңар бар. Ал жөнүндө досуңарга айтып бергиле.

Ит/мышык кайда жашайт? Сенин итиңдин/мышыгыңдын аты эмне?
Короодо/үйдө кандай кызмат кылат?
Итке/мышыкка ким тамак берет? /Сенин итиң/ мышыгың эмне тамак жейт?
Ага кандай мамиле кылуу керек? Эмне үчүн?

**50.** Өзүңөрдү баалагыла.

Мен класстагы иштин … бөлүгүн аткардым.
Мен өзүмө жалпы «токочтун» … бөлүгүн бөлдүм. Себеби …

## 8-сабак

### Үйдөгү досторубуз

**Грамматика:** Татаал баяндооч

**Лексика:** ээси, аздектеген, көгүлтүр, тоту куш, дабыш, акылдуу, тумшук, куйрук, тоңуп, ызы-чуу.

**Эсиңе тут!**

| **жөнөкөй баяндооч** | **татаал баяндооч** |
|---|---|
| көрдү | көрүп калат |
| чуркайт | чуркап барат |
| багат | багып алат |
| кармайт | кармай калат |
| сейилдейт | сейилдеп жүрөт |

Эки же андан ашык сөздөн туруп, бир гана суроого жооп берген баяндооч **татаал баяндооч** деп аталат.

**51.** Актан кайсы жаныбарларды багат? Аңгемедеги белгиленген баяндоочторду татаал баяндоочтор менен алмаштырып жазгыла.

Менин атым Актан. Биз айылда **жашайбыз.** Айылда үй жаныбарларын **багышат.** Короодо мал **кармашат.** Короодо уй, кой, жылкы, эшек, эчки **багылат.** Ошондой эле ар бир короодо ит **болот.** Менин итим – Жолборс. Ал эртеден-кечке үй **кайтарат.** Менин айткан сөзүмдү **түшүнөт.** «Жолборс, тос»,– десем, короого кирген койлорду **айдайт.**

*Колдонулуучу сөздөр:* жашап жатабыз, багып атышат, кармай алышат, бакса болот, кайтарып жүрөт, түшүнө алат, айдап чыгат.

**52.** Сүрөттөрдү карагыла. Балдар кайсы жаныбарларды багышат? Үлгү боюнча бири-бириңер менен сүйлөшкүлө.

**Үлгү:**

Актан кайсы жаныбарды багат? – Актан ит багат.
Ал жаныбар кандай? – … … … … .








**53.** Текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.

Кыш. Бир күнү кечинде Элина терезенин сыртынан таң каларлык дабыш укту. Кимдир бирөө үйгө кире албай айнекти тарактатып жаткандай болду. Элина терезеге чуркап барды. Сыртта терезенин кар баскан текчесинен ачык-жашыл тоту кушту көрдү. Тумшугу менен куйругу көгүлтүр түстө экен. Ал тоңуп калган окшойт.

Элина ызы-чуу салды. Ата-энесин чакырды. Ата-энеси бул тоңуп калган тоту кушту сактоо мүмкүн болбой калса керек, ал баары бир өлөт го дешти. Бирок, алар тоту кушту үйгө киргизүү үчүн терезени ачышты. Байкуш чымчык коркуп учуп кетпесин деп акырын кыймылдап, терезе ачылары менен Элина тоту кушту кармап калды. Чымчык үйдө бат эле жылып, тирүү калды. Тоту куштун атын Гоша деп коюшту. Ошентип, үйдө Элинанын аздектеген үй канаттуусу пайда болду.

**дабыш** – звук
**тумшук** – клюв
**ызы-чуу салды** – поднять шум
**тарактат-** – тарахтеть
**куйрук** – хвост
**тоту куш** – попугай
**тоңуп** – замерзнуть
**тирүү** – живой
**аздектеген** – любимец

– Элина эмне үчүн тоту кушту багып алды? Элинаны боорукер десе болобу? Эмне үчүн?
– Тоту кушту багыш үчүн эмнелер керек?
– Тоту куш эмне менен тамактанат?

**54.** Төмөнкү сөздөрдү колдонуп, сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Элина тоту куштү ...
Тоту куштун түсү ..., куйругу ...
Тоту куш кышында ...
Тоту куш – Элинанын ...
Элина – боорукер ...

*Колдонулуучу сөздөр:* ачык-жашыл, тоңуп калмак болгон, багып алды, кыз, досу, көгүлтүр.

**55.** Теманын аягында ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула.

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## 9-сабак

# Өзүңөрдү текшергиле

**1.** Суроолорго жооп жазгыла.

– Үйүң кандай? Кайсы көчөдө? Өзүңдүн үйүңдү сүрөттөп бер.

– Бөлмөң барбы? Өзүңдүн бөлмөңдү сүрөттөп бер. Сага бөлмөң жагабы? Эмне үчүн?

– Үйүңдө канча адам жашайт?

– Алардын бөлмөсү барбы?

– Үйдө баарынын өз-өзүнчө бөлмөсү болуш керекпи? Эмне үчүн?

– Үйдө сенин ордуң барбы? Ал кайсы жер?

**2.** Суроолорду жооптору менен туташтыргыла.

Сенин өлкөң кандай өлкө?
Сенин өлкөң кайсы өлкө?
Сенин шаарың кандай шаар?
Сенин шаарың кайсы шаар? →
Сенин көчөң кандай көчө?
Сенин көчөң кайсы көчө?
Досуңдун үй-бүлөсү кандай үй-бүлө?
Досуңдун бөлмөсү кайсы бөлмө?
Силердин мектеп кайсы мектеп?
Силердин мектеп кандай мектеп?
Досуңдун бөлмөсү кандай бөлмө?

Биздин мектеп – Т. Үмөталиев атындагы мектеп-гимназия.
Менин шаарым – Токмок шаары.
Менин көчөм – У. Салиева көчөсү.
Менин досумдун үй-бүлөсү – ынтымактуу үй-бүлө.
Менин шаарым – байыркы шаар.
Биздин мектеп кооз.
Менин өлкөм – бай өлкө.
Менин көчөм таза.
Досумдун бөлмөсү – кең-кесири.
Досумдун бөлмөсү – төрдөгү оң жактагы жарык бөлмө.
Менин өлкөм – Кыргызстан.

**3.** Текстти окугула. Текстте кандай кыз жөнүндө айтылат?

Бир кыз көпкө чейин ит баккысы келип жүрдү. Кыз канчалык суранса да, ага апасы уруксат берген жок.

– Иттерди көрөйүн деген көзүм жок,– дечү апасы.

– А мышыктардычы? – деп сурады кыз.

– Мышыктардыбы ... Макул,– деп апасы көнө баштады.

Ошентип, үйдө мышык пайда болду. Жарым саattan кийин – экинчи мышык, андан кийин үчүнчүсү, анан төртүнчүсү ...

– Өзүңүз айттыңыз го ... – кыз апасынын көзүнө карап, боорукердик менен айтты.

Алтынчы мышыкта апасы багынып, кызына ит бакканга уруксат берди.

**көрөйүн деген көзүм жок** – терпеть не могу
**боорукердик менен** – сочувственно
**багын-** – сдаться
**бак-, баккысы келет, багат** – кормить, хочет держать

**4.** Суроолорго жооп бергиле.

– Кыз ит багууга кантип уруксат алды? Кызга ат койгула.

– Эмне үчүн ал үйүнө көп мышыктарды алып келди? Мышыктарга боорукердик кылуу үчүнбү?

– Кыз туура кылдыбы? Эмне үчүн?

– Эмне үчүн адамдар ит багышат деп ойлойсуңар?

– Кандай адам ит бага алат?

**5.** Окуган тексттердин каармандарына мүнөздөмө берип, таблицаны толтургула.

| Каармандын аты | Сырткы келбетин элестетип, жаз | Ал кандай кыз? | Ал кайсы жаныбарды багып алды? | Ал келечекте кандай адам болот деп ойлойсуң? |
|---|---|---|---|---|
| Элла | | | | |
| Бир кыз | | | | |

**6.** Макалдардын маанисин чечмелеп бергиле.

Ит адамга жолдош, ошон үчүн атын койгон Жолборс.
Ит ээси менен күчтүү.

# ЭС АЛУУ. САЯКАТ

## 1-сабак

### Жайкы эс алуу

**Грамматика:** Ат атоочтун түрлөрү. Жактама жана шилтеме ат атоочтор

**Лексика:** деңиз, кайырмак, карагат, кызылгат, козу карын, маданий борбор, жайгашкан, учтуу, сараң, балык уулоо.

**Эсиңе тут!**

| | Жекелик сандагы жактама ат атооч | Көптүк сандагы жактама ат атооч |
|---|---|---|
| 1-жак | Мен | Биз |
| 2-жак | Сен | Силер |
| 2-жактын сылык түрү | Сиз | Сиздер |
| 3-жак | Ал | Алар |

**Жактама ат атоочтор** затты үч жактын биринде көрсөтөт.

**Шилтеме ат атооч**

бул / бу
тигил / тиги / тээтиги / тээтигил
ошол / ошо
ушул / ушу
мына бу / мына бул
мына ушу / мына ушул

**Шилтеме ат атоочтор** бир затты шилтөө аркылуу көрсөтөт.

**1.** Суроолорго затты шилтөө аркылуу жооп бергиле.

– Сен жайында кайда эс алдың?
– ...
– Ким менен, кандайча эс алдың?
– ...
– Сага ушул эс алуунун эмнеси жакты?
– ...
– Досторуңа кандай сунуштарды бересиң?
– ...

| | | |
|---|---|---|
| Мен | ушул шаар**да**<br>тээтиги алыскы айыл**да**<br>ошол көл**дө** | эс алдым. |
| Мен | ата-энем **менен**<br>байкем **менен**<br>эжем **менен**<br>досторум **менен** | эс алдым. |

**2.** Бири-бириңер менен маектешкиле.

Ким кайда, кантип эс алды деп ойлойсуңар?



Антон, дарыя, балык уулоо



Айдана, айыл, топ ойноо



Руслан, көл, сууга сүзүү



Алина, дача, гүл терүү

**3.** Тексттерди сүрөттөргө дал келтирип окугула.



Малика: Мен Москвага барып келдим. Ал жакта менин байкем жашайт. Москва мага абдан жакты. Ал аябай кооз жана чоң шаар экен. Мен Москвадан метрого түштүм.



Антон: Мен болсо жайында Ысык-Көлдө эс алдым. Көлгө түштүм. Чолпон-Ата шаарында жайгашкан Рух-Ордо маданий борборун көрдүм. Ал жакка көп туристтер барат экен. Мындай эс алуу мага аябай жакты.

Жылдыз: Мен айылда жашаган чоң ата, чоң энемдикине барып эс алдым. Аларга жардам бердим. Алма бакты, помидор, капустаны сугарып, короодогу эки козуну карап, казанга даамдуу тамак жасадым. Айылда менин досторум көп. Бош убагымда сууга түштүм, волейбол ойнодум.



**жайгашкан** – расположенный **маданий борбору** – культурный центр

**4.** Балдар жайында кайда, кандай эс алышыптыр? Таблицаны толтургула.

| **Ким?** | **Кайда эс алыптыр?** | **Кандай эс алыптыр?** |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |

**5.** Кулактандырууну уккула. Ал эмне жөнүндө?

Балдар, саякатка кайда барасыңар? Ким менен барасыңар? Кандай эс аласыңар? Саякаттоо жөнүндө аңгемелердин сынагын жарыялайбыз. Сынакка өз саякатыңар жөнүндө аңгеме жана фотосүрөттөрдү жөнөткүлө. Сынак декабрь айында жыйынтыкталат.


**6.** Балдардын сынакка жазган аңгемелери менен таанышып, суроолорго жооп бергиле.

| | |
|---|---|
| Каникулда чоң энемдикине бардым. Чоң энем менен токойго жер-жемиш тергени бардык. Чоң энем экөөбүз карагат менен кызылгат тердик. Мен 8 козу карын таптым. Токойго барган мага абдан жакты. Чоң энем кечинде аябай даамдуу пирожокторду бышырып берди. | Петров Слава |
| Биз үй-бүлөбүз менен тоого бардык. Тоодо аябай кооз экен! Таза аба, гүлдөр ажайып жыттанат, жел согуп турду. Эжелерим менен жашынмак ойнодук. Мен дарактын артына жашындым, ал жерден карагаттын бадалын көрдүм. Эжелерим мени тапканча мен жемиш жеп отуруп, тоюп калдым. Карагат абдан даамдуу экен. Менин тилим кара болуп боёлуп калды. | Мырзаева Одина |
| Мен жайында лагерде эс алдым. Биз жүрүштөргө бардык, ар кандай жарыштарга катыштык. Сууга түштүк. Мен ал жактан көп досторду таптым. Лагерь мага аябай жакты. | Сабиров Руслан |

**карагат** – смородина
**козу карын** – гриб
**жүрүш** – поход
**кызылгат** – земляника
**жашынмак** – прятки
**жарыш** – соревнование

1. Слава кайда эс алыптыр? Ал эс алуу учурунда эмне кылыптыр? Ага чоң энесиникинде болгон жагыптырбы? Эмне үчүн?
2. Одина жөнүндө эмне билдиңер? Ал кайда, кантип эс алыптыр? Анын эсинде эмнелер калыптыр?
3. Руслан кайда барыптыр? Ал жакта эмне кылыптыр? Эс алуусу кандай өтүптүр?
4. Силерге кимдин аңгемеси жакты? Эмне үчүн? Аңгемелердин сынагында биринчи орунду кимге берет элеңер?

**7.** Сүрөттөрдү иретке келтирип, чакан аңгеме түзгүлө.














*Таяныч сөздөр:* жайкы каникул, баланын аты – Фёдор байке, мышыгы менен, ити менен, айылды жакшы көрөт, айылдын аталышы – Простоквашино, поезд менен, велосипед менен, Печкин почточу, шаардан айылга, батир, шаарда жашашат, айылдан шаарга.

# 2-сабак

## Жайкы эс алуу

**Грамматика:** Ат атоочтун түрлөрү. Жактама жана шилтеме ат атоочтор
**Лексика:** деңиз, кайырмак, коркок, учтуу, сараң, балык уулоо, жээк, жылма, бадал, тоңкочук аткан бойдон, тоголон-.

**8.** Төмөнкү чачылган сөздөрдөн сүйлөм түзгүлө.

Тоого, тээтиги, кыйын, жетүү. Жер, абдан, кооз, бул, экен. Ушул, мен, шаарга, баргым келет. Мына ушул, деңиз, жерде, болгон. Окуя, бул, болгон, Кыргызстанда. Биз, мына бул, эс алабыз, токойдо.

**9.** Төмөнкү сөздөрдүн антонимдерин тапкыла.

| | |
|---|---|
| шамал → | артка |
| кайык | кыз |
| алдыга | → жел |
| бала | баатыр |
| ылдый | кеме |
| коркок | сараң |
| жоомарт | жогору |

**10.** *Шамал болду, балык уулоо, сууга секирди* деген сөз айкаштары бар болсо, текст эмне жөнүндө болушу мүмкүн? Жупта сүйлөшүп, ой бөлүшкүлө.

**11.** Силердин божомолдооңорду текст менен салыштыргыла. Аңгеменин мазмуну дал келдиби?

## Коркок бала

Бул Крымда болгон окуя. Сырттан келген бир бала деңизге кайырмак менен балык уулоого барды. Деңиздин жээги аябай бийик, тик өйдө жылма эле. Бала түшүп баратып, ылдый жактагы чоң-чоң учтуу таштарды көрүп, коркуп кетти. Же артка, же алдыга жылбай отуруп калды. Бир тикенек бадалды кучактап, чочоюп, дем ала албай отурат.

Ылдый жакта болсо, бул учурда колхозчу балык уулап жүрдү. Аны менен кошо кайыкта кызы бар эле. Ал баарын көрүп, баланын коркуп турганын түшүндү. Баланы карап, сөөмөйү менен көрсөтүп, күлө баштады.

Бала уялса дагы эч нерсе кыла албай жатты. Билмексенге салып, жөн эле отургандай болду. Ысып жаткандай, кепкасын колуна алып, желпинип отура берди.

Бир маалда шамал колундагы кайырмагын жулуп кетти. Кайырмагына өкүнсө дагы, ылдый жакка түшө албай жатты. Кыз болсо баарын көрүп, атасына айтты. Атасы өйдө карап, кызына бир нерсе деп жооп кайтарды.

Кыз кайыктан түшүп, жээк менен барып, баланын кайырмагын алып, кайра кайыкты көздөй бет алды.

Бала буга ачуусу келип, баарын унутуп, ылдыйга тоңкочук аткан бойдон тоголонду.

– Эй! Бер дейм! Бул менин кайырмагым! – деп кызды колунан кармап, кыйкырып жиберди.

– Ме, алагой,– деди кыз. – Сенин кайырмагыңдын мага кереги жок. Сени ылдый түшсүн деп, аны атайы алдым.

Бала таң калып:

– Менин ылдый түшөрүмдү сен кайдан билдиң?

– Атам айтты: эгерде коркок болсо, анда сараң да болуш керек.

*Л. Пантелеев*

**учтуу** – острый
**деңиз** – море
**кайырмак** – удочка
**балык уулоо** – ловить рыбу
**сараң** – жадный

Окуя кайсы жерде болуптур? Бала эмнеден коркуп кетти? Аны ким көрдү? Кыз менен атасы балага кантип жардам беришти?

**12.** Аңгеменин каармандарына мүнөздөмө бергиле. Силерге ким жакты? Эмне үчүн?





**13.** Бала коркокпу же коркок эмеспи? Таблицаны далилдер менен толтургула.

| Ооба, бала коркок. | Жок, бала коркок эмес. |
|---|---|
| 1. ...<br>2. ...<br>3. ... | 1. ...<br>2. ...<br>3. ... |

**14.** Үч кичи топко бөлүнүп, дискуссия өткөргүлө. Үлгүнү пайдалангыла.

Менин оюмча, бала ...., анткени ... (далил + негиз + тексттен факт келтиргиле).

**15.** Дискуссия боюнча өз оюңарды билдирген кыскача эссе жазгыла.

Мен бала ... деп ойлойм, анткени ...
(аргумент + тексттен алынган факт менен негиздегиле).
Контраргумент келтиргиле: Айрымдар бала ... дешет, бирок ...
Мен ... деп ойлойм. (контраргумент + тексттен алынган далил).

**16.** Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула.

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## 3-сабак

### Кыргызстан боюнча саякат

**Грамматика:** Сурама жана тангыч ат атоочтор

**Лексика:** тан-, тануу, дөңгөлөк, кыйкырык, жоогазын, из, тилек, калың, шүүдүрүм, өрөөн, аска таш, өзгөчө, аймак, жаңгак, айырмаланат.

**Эсиңе тут!**

| **Сурама ат атооч** | + | **Тангыч ат атооч** |
|---|---|---|
| ким | **эч** | эч ким |
| кандай | | эч кандай |
| качан | | эч качан |
| кайда | | эч кайда |
| кайдан | | эч кайдан |
| **сөздөр** | | |
| нерсе | | эч нерсе |
| неме | | эч неме |
| бир | | эч бир |

**Сурама ат атоочтор** суроолуу сүйлөмдөрдү уюштурат.
**Тангыч ат атоочтор** заттын белгилеринин бар экенин танат.

**танат** – отрицает

**17.** Төмөнкү сөздөрдү колдонуп, суроолуу сүйлөмдөрдү түзгүлө. Суроолорго жооп берүүдө заттын белгилеринин бар экенин тангыла.

**Үлгү:** *Ким үйдө отурганды жакшы көрөт деп ойлойсуң? Эч ким жакшы көрбөйт деп ойлойм.*

Ким, эч ким, кандай, эч кандай, эмне, качан, эч качан, канча, эч канча, канчалык, эч канчалык, кайда, эч кайда, кайдан, эч кайдан, эч бир.

**18.** Саякатка эмне менен барса болот? Табышмактардын жообун сүрөт аркылуу таап, суроого жооп бергиле.



Дөңгөлөгү бар,
Бирок изи жок кетет.
Тоо-токой, суу, талаадан
Тоскоолсуз өтөт,
Барар жерине бат эле жетет.



Төбөсү эки сызык,
Бир күлүк жүрөт сызып,
Алтымыштай адамды,
Алат ичине катып.



Чиркелип толгон үйлөрдү,
Алып учат така-так.
Темирге буту ашташып,
Чимирилет шака-шак,
Кыйкырыгы жер жарат,
Муну ойлоп ким табат?

**дөңгөлөк** – колесо
**кыйкырык** – крик
**тоскоолсуз** – без преград
**из** – след

**19.** Силер саякатка барганы жатасыңар. Тизмени окугула. Саякатка кайсы буюмдарды аласыңар? Кайсы буюмдарды албайсыңар? Эмне үчүн?

Суу, бутерброд, чөнтөк телефон, карта, туз, фотоаппарат, кашык, бычак, жаздык, күрмө, тебетей, компьютер, радио, кайчы, моюн орогуч, галстук, мискей, чемодан, щётка, энциклопедия.

**20.** Сүрөттө кайсы жерлер тартылган? Аталыштарын жазгыла. Алар кайсы аймактарда жайгашкан?









**21.** Берилген сөздөр менен сөз айкаштарын түзгүлө.

Айгүл гүл | Соң-Көл | Арстанбап

**22.** Таблицаны толтуруп, бири-бириңерге окуп бергиле.

| Эмне? | Кайда жайгашкан? | Ал эмнеси менен кызыктуу? |
|---|---|---|
| Соң-Көл | Нарын аймагында жайгашкан. | Соң-Көл тоо өрөөнүндө жайгашкан. Соң-Көлгө 18ден ашык суу куюлат. |
| Бурана | | |
| Арстанбап | | |
| Саймалы-Таш | | |
| Таш-Рабат | | |

**23.** Төрт кичи топко бөлүнүп, тексттер менен таанышкыла.

I

Кээ бирөөлөр Айгүл гүлүн алыстан кадимки лилияга же жоогазынга окшоштурушат. Чындыгында андай эмес. Гүлдүн ичинен шүүдүрүмдүн чоң тамчыларын көрүүгө болот. Жергиликтүү эл муну уламыштагы Айгүлдүн көз жашы дешет. Уламышты уккан элдер өлкөбүздүн ар аймагынан дал ушул Айгүл гүлүн көрүү үчүн Баткенге келишет. Өлкөбүзгө сырттан саякаттап келген айрым туристтердин да тилеги – Айгүл гүлүн көрүп кетүү.

**шүүдүрүм** – роса **жергиликтүү** – местный **тилек** – мечта

II

Соң-Көлдүн түбү тегиз. Соң-Көлгө он сегизден ашык суу куюлат. Соң-Көлдүн кышы жылуу, жайы анча ысык болбойт. Көл тунуктугу жана тузсуздугу менен башка көлдөрдөн айырмаланат. Суунун тунуктугунан жети метрге чейин көлдүн түбү көрүнүп турат. Көлдө көптөгөн балыктардын түрлөрү бар. Ошондой эле келгин куштардан каз, өрдөк жана башка куштар да кездешет.

**түбү** – дно **келгин куштар** – перелетные птицы
**айырмаланат** – отличаются

III

Арстанбап токою Жалал-Абад областынын Базар-Коргон районунда. Бул жер – жаратылышынын өзгөчөлүгү жана кооздугу жагынан дүйнөдөгү эң сонун жерлердин бири. Арстанбаптын башкы байлыгы – жаңгак. Ал ушунчалык калың өскөндүктөн токойдун айрым жерлерине күн такыр эле тийбейт. Токойдун ичи капкараңгы болуп турат. Арстанбапта түркүн мөмө-жемиштер өсөт. Алманын эле нечен түрү бар. Кызыл, сары, кара алчалар, алмурут, өрүк, карагат да көп.

**өзгөчө** – особенный
**капкараңгы** – темный
**калың** – густой
**түркүн** – различный

IV

Саймалы-Таш өрөөнүндөгү аска таштарга тартылган сүрөттөрдүн мааниси ар түрдүү. Анда миң түркүн жан-жаныбарлардын сүрөттөрү, тоолор жана ар кандай геометриялык фигуралар тартылган. Бул аска таш сүрөттөр деңиз деңгээлинен 3200 метр бийиктикте, тоолуу ачык асман астында жайгашкан. Саймалы-Таштагы таш жазуулардын саны азыркыга чейин тактала элек.

**өрөөн** – равнина
**аска таш** – наскальный
**тактала элек** – не установлено

**24.** Кайсы жер жөнүндө айтылып жатат?

| | |
|---|---|
| Уламышты уккан элдер өлкөбүздүн ар аймагынан дал ушул Айгүл гүлүн көрүү үчүн келишет. | |
| Токойдун ичи капкараңгы болуп турат. | |
| Суунун тунуктугунан көлдүн түбү жети метрге чейин көрүнүп турат. | |
| Анда миң түркүн жан-жаныбарлардын сүрөттөрү, тоолор жана ар кандай геометриялык фигуралар тартылган. | |

**25.** Таблицаны пайдаланып, текстке суроо бергиле.

**Үлгү:**

| Суроолуу сөздөр | Тексттердеги сөздөр |
|---|---|
| Кимге? Эмнеге? Кайда? Каякка? Кимде? Эмнеде? Кайда? Кайсы жерде? Кимден? Эмнеден? Кайдан? Кайсы жактан? Эмне үчүн? | Айгүл гүлү, Баткен, туристтер, Соң-Көл, суу, балыктар, Арстанбап токою, жаңгак, мөмө-жемиштер, Саймалы-Таш, өрөөн, сүрөттөр, аска. |

**26.** Тексттеги керемettүү жерлер силерди эмнеси менен кызыктырганын айтып бергиле. Ошол жерлерге силер жашаган жерден кандай маршрут менен барса болот?

# 4-сабак

## Кыргызстан боюнча саякат

**Грамматика:** Сурама жана тангыч ат атоочтор

**Лексика:** Капчыгай, сулуулук, ай менен күн да суктануучу, малай жигит, жактыр-, каршы болгон, куугун, куугунчу, кулап кетишет.

**27.** Борбордон Ысык-Көлгө бара жаткан жолдо Боом капчыгайынын ичинде Кыз-Күйөө деген жер жөнүндө уктуңар беле? Эмне үчүн ал жер ошентип аталып калган деп ойлойсуңар? Жуптарда сүйлөшүп, ойлоруңарды класска айткыла.

**28.** Сүрөттөр боюнча 5–6 сүйлөмдөн турган чакан аңгеме түзгүлө. Класстан бири-бириңерге окуп бергиле.







**29.** Уламыш менен таанышкыла. Силер түзгөн аңгеме уламышка дал келдиби?

### Кыз-Күйөө

Илгери-илгери бир бай болуптур. Анын жалгыз кызы бар экен. Кыздын сулуулугуна Ай менен Күн да суктанышчу дешет. Кызды малай жигит жактырып калат. Кыздын атасы экөөнүн үйлөнүшүнө каршы болгондо, кыз-жигит качып жөнөшөт. Бай алардын артынан куугунга жигиттерин жиберет. Эки жаш бир бийик тоого чыга качышат. Бирок куугунчу жигиттер алардын изин байкап калышып, кармаганга жакын эле калышат. Куугунчулар эми жетип кызды кармай турган болгондо, колдорун бекем кармашкан кыз-жигит тоодон кулап кетишет. Алардын сүйүүсүнөн тоо тең экиге бөлүнүп кетет. Эгерде тоонун чокусунан караса, бул тоо жүрөккө окшош болуп көрүнөт дешет. Бул жердин эмне үчүн Кыз-Күйөө деп аталып калышынын себеби ушундай.

**суктан-** – любоваться
**малай** – слуга
**каршы** – против
**үйлөн-** – жениться
**куугунчу** – отправившийся в погоню
**из** – след

Уламыштын негизги каармандары кимдер? Байдын кызын кандай элестеттиңер? Эмне үчүн кыз жигити менен бирге боло албайт эле? Алар эмне болушту? Эмне үчүн ал жер Кыз-Күйөө деп аталып калыптыр?

**30.** Сүйлөмдөрдү мааниси боюнча туура жайгаштыргыла.

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. | Кыздын сулуулугуна | А) | тоого чыга качышат. |
| 2. | Кыздын атасы экөөнүн үйлөнүшүнө каршы болгондо, | Б) | бирок куугунчу жигиттер алардын изин байкап калышат. |
| 3. | Эки жаш бир бийик | В) | колдорун бекем кармашкан кыз-жигит тоодон кулап кетишет. |
| 4. | Алар жашынганга бир бийик тоого чыга качышат, | Г) | Ай менен Күн да суктанчу дешет. |
| 5. | Куугунчулар эми жетип кызды кармай турган болгондо | Д) | бул тоо жүрөккө окшош болуп көрүнөт дешет. |
| 6. | Алардын сүйүүсүнөн | Е) | кыз-жигит качып жөнөшөт. |
| 7. | Эгерде тоонун чокусунан караса, | Ж) | тоо тең экиге бөлүнүп кетет. |

**Эсиңе тут!**

| **Качан?** | **эмне болот?** |
|---|---|
| **... -ганда,** | **...** |
| Кыздын атасы экөөнүн үйлөнүшүнө каршы бол**гондо,** | кыз-жигит качып жөнөшөт. |
| Куугунчулар кызды кармай турган бол**гондо,** | колдорун бекем кармашкан кыз-жигит тоодон кулап кетишет. |

**31.** Төмөнкүлөр чынбы? Ойлонуп, жооп бергиле.

Тексттеги бир байдын эки кызы болгону чынбы?
Кыздардын сулуулугуна Ай менен Күн да суктанганы чынбы?
Бир кызды малай жигит жактырып калганы чынбы?
Кыздын атасы экөөнүн үйлөнүшүнө каршы болгону чынбы?
Кыз-жигит качып жөнөгөнү чынбы?
Бай алардын артынан куугунга жигиттерин жибергени чынбы?
Эки жаш токойго жашынып калганы чынбы?
Кыз-жигит тоодон кулап кетишкени чынбы?
Алардын сүйүүсүнөн тоо тең экиге бөлүнүп кеткени чынбы?
Бул жер Кыз-Күйөө деп аталып калганы чынбы?

**32.** Сага чет өлкөдөн досуң келди. Ага Кыргызстандын кайсы жерлерин көрүүнү сунуштайсың? Эмне үчүн? Берилген үлгүлөрдү пайдаланып, сунуштарды бергиле.

**Үлгү:**

| **Мен ... сунуштайм,** | **анткени ...** |
|---|---|
| Мен сага Саймалы-Ташка саякатка барууну сунуштайм, | **анткени** Саймалы-Таш тарыхый эстеликтерге бай. |

| | |
|---|---|
| Мен силерге Баткенге саякатка барууну сунуштайм, | **анткени** Баткенде Айгүл гүл өсөт. |
| Биз сизге Ысык-Көлгө саякатка барууну сунуштайбыз, | **анткени** Ысык-Көлгө бараткан жолдо Кыз-Күйөө деген жерди көрөсүңөр. |

**33.** Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.

| | | |
|---|---|---|
| (жашыл) | (сары) | (кызыл) |
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

## 5-сабак

### Дүйнөдөгү кызыктуу жерлер

**Грамматика:** Аныктама жана белгисиз ат атоочтор

**Лексика:** чөнтөк, арал, орой, айкел, акылсыздык, талаш-тартыш, деңизчи, балыр, шарт, пайдаланган, белгисиз.

**Эсиңе тут!**

| Аныктама ат атооч | Белгисиз ат атооч |
|---|---|
| бүткүл, бардык, баары, бүтүн, ар ким, ар кайсы, өз, өзүм, ар бир, ар кандай, ар качан | кайсы бир, кимдир бирөө, алда кандай, алда эмне, кандайдыр бир, бир нерсе. |

**Аныктама ат атоочтор** заттарды бириктирип, жалпылап же айрым-айрым ажыратып, бөлүп көрсөтөт.

**Белгисиз ат атоочтор** заттын белгилери белгисиз экенин көрсөтөт.

**34.** Суроолорго жооп бергенде заттарды жалпылап же бөлүп, белгисиз экенин көрсөткүлө.

– Саякаттаганды **баары** жакшы көрүшөбү?
– ...
– Дүйнөнүн кайсы жерлерине туристтер көп барат?
– ...
– Эмне үчүн?
– ...
– Сага эмне менен саякатка барган жагат?
– ...
– Жылдын кайсы мезгилинде саякатка барган жагат?
– ...

**35.** Сүрөттө эмнелер тартылган? Алар кайсы өлкөлөрдө жайгашкан?






**36.** Христофор Колумб жөнүндө эмне билесиңер? Аны менен байланышкан кайсы ачылыштар силерге белгилүү? Кластер толтургула.

**37.** Текстти тыным менен окугула. Суроолорго жооп бергиле. Тапшырмаларды аткаргыла.

I

Азыр биз Жер шарын Түштүк жана Түндүк Америкасыз, Тынч океансыз элестете албайбыз. Бирок XV кылымдын аягына чейин Европада алардын бар экендигин эч ким ойлогон да эмес. Генуя шаарынан чыккан италиялык саякатчы Христофор Колумб Индия менен Кытайга баруучу деңиз жолун издеп, белгисиз Атлантика океанын кесип, батышты көздөй сүзө берсе, акыры Индияга жетүүгө болот деген ойго келген. Ал кезде анын бул ою акылсыздыктай көрүнгөн. Узак жылдарга созулган талаш-тартыштан кийин Колумбдун үч каравелласы 1492-жылы августта Испаниянын жээгиндеги Палос шаарынан сапарга чыгат.

**акылсыздык** – глупость **талаш-тартыш** – спор

*1-тыным*

Христофор Колумб ким болгон? Ал кандай ойго келген? Испандыктар анын оюн колдошту беле? Эмне үчүн? Колумб сапарга качан чыккан? Анын сапары кандай болот деп ойлойсуңар?

## II

Ачык океанга чыгып көрбөгөн деңизчилер адегенде чочулашты, анткени алар мурда жээк бойлоп гана сүзүшчү. Алыстан жашыл тилке көрүнгөндө, баары абдан сүйүнүп кетишти. Бирок  бул  жер эмес эле, бетин балыр баскан Саргасс деңизи болуп чыкты. Бул – Колумбдун Атлантика океанындагы алгачкы ачылышы эле. Күн артынан күн өтүп жатты.

Айланада океандан башка көзгө эч нерсе көрүнбөйт. Деңизчилер нааразычылык билдире башташты. Бирок Колумб деңизчилерди сабырдуулукка чакырды. Ал деңизчилердин көңүлүн көтөрүп, аларга алтын менен таттуу тамак берүүгө убада кылды. Акыры андан да эч нерсе чыккан жок. Деңизчилер анын сөзүн угушпай: Эгер үч күндүн ичинде жер көрүнбөй турган болсо, кемени кайра бурабыз! – деген шарт коюшту, Колумб бул шартка көнүүгө аргасыз болду.

**деңизчи** – мореплаватель
**балыр** – водоросль
**сабырдуулук** – терпеливость
**аргасыз болду** – был вынужден
**тилке** – полоса (земли)
**нааразычылык** – недовольство
**шарт** – условие

*2-тыным*

Деңизчилер адегенде эмнеден чочулашты? Колумбдун алгачкы ачылышы эмне болду? Деңизчилер эмнеге нараазы болушту? Христофор Колумб аларды тынчтанта алдыбы? Андан ары эмне болот деп ойлойсуңар?

## III

Айтылган мөөнөт аяктап калганда, түнкү саат экиде, кемеде вахтада турган матростун: Жер! Жер көрүндү! – деген кыйкырыгы угулду. Бул бир чакан арал экен. Колумб аны Сан-Сальвадор деп атады. Андан кийин булар Кариб деңизиндеги ажайып Куба, Гаити жана башка толуп жаткан аралдарды басып өтүштү. Деңизчилер бул жерден Европада жок өсүмдүктөрдү – жүгөрү, тамеки, картошканы алгач ирет көрүштү. Бардык жерде аларды жүздөрү кызыл, узун бойлуу, сулуу адамдар тосуп алып жатышты. Индияга келдим го деп ойлогон Колумбдун айтуусу боюнча саякатчылар буларды индейлер деп аташкан.

**мөөнөт** – срок
**алгач** – впервые

*3-тыным*

Вахтада турган матрос эмнени көрдү? Бул аралды Колумб кантип атады? Андан башка кайсы аралдарды басып өтүштү? Ал жактан деңизчилер эмнелерди биринчи жолу көрүштү? Колумб койгон максатына жеттиби?

IV

Колумб бар болгону Индияга барчу батыш деңиз жолун гана таптым деп эсептеген. Ал жаңы, али эч кимге белгисиз материкти ачкандыгын билген эмес. Акыры үчүнчү жана төртүнчү жолку сапарында, өмүрүнүн акыркы жылдарында гана ал Индияны эмес, кандайдыр бир башка дүйнөнү ачкандыгы жөнүндө шектене баштайт.

Колумб Американы ачкандан кийин, испандыктар жаңы жерди басып ала баштайт. Алар өздөрүнүн турак жайларын куруп, жергиликтүү калкты кулга айландырып же кырып жок кылышат. Көп узабай Колумб өзү да королдун сарайында касапка калып, эч кимге белгисиз жагдайда өлөт.

**шектене баштайт** – начал сомневаться
**кырып** – уничтожать
**касап** – немилость
**кул** – раб
**жагдай** – условие

*4-тыным*

Үзүндүгө ат койгула.
Колумб ачылышы жөнүндө эмне деп ойлогон? Ал жаңы материк ачканы жөнүндө билди беле? Испандыктар Америкада кандай саясат өткөрүшөт? Колумбдун жашоосу кандай болот?

**38.** Сүрөттөгү каармандарга текстке таянып мүнөздөмө бергиле.





**39.** Христофор Колумбду баатыр деп айтса болобу? Таблицаны толтургула.

| Христофор Колумб – баатыр. | Христофор Колумб – баатыр эмес. |
|---|---|
| 1.<br>2.<br>3. | 1.<br>2.<br>3. |

**40.** «Христофер Колумб ким?» деген темада эссе жазгыла.

Менин оюмча, Христофор Колумб ..., анткени ... (далил+негиз+ +тексттен факт келтиргиле).

**41.** Теманын аягында ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула.

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## 6-сабак

# Өзүңөрдү текшергиле

### Саякат

**1.** Сөздөрдүн котормосун жебе менен көрсөткүлө.

| | |
|---|---|
| деңиз | рыбалка |
| кайырмак → | море |
| балык уулоо | → удочка |
| өрөөн | прятки |
| маданий борбор | поход |
| жашынмак | равнина |
| жүрүш | культурный центр |
| окуя | событие |

**2.** Сөздөрдүн антонимдерин тапкыла.

эс алуу –
шаар –
жай –
барды –
көп –
даамдуу –
ачуу –

**3.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Мен жайында ... эс алдым. Ал жакта ... бар. Биз жайкы каникулда ... бардык. Бизге ..... жакты. Сен жайында ... эс алдың? Сага ... жактыбы? Ал ... барды. Ага ... кызыктуу болду. Силер ... эс алдыңар? Кийинки жылы дагы ...?

**4.** Кырдаалдарды угуп, диалог кургула.

1. Досуңдан кайда жана кантип эс алганын сурап бил.
2. Сага чет өлкөдөн досуң келе жатат, ага кайсы жактарга барганды сунуштайт элең?

**5.** Этиштерди уланткыла.

| мен | эс аламын | саякаттаймын |
|---|---|---|
| сен | | |
| ал | | |
| биз | | |
| силер | | |
| алар | | |

**6.** Моделди пайдаланып, сүйлөм түзгүлө.

**Үлгү:** *Берлин – Германия. Берлин Германияда жайгашкан. Берлин – Германиянын борбору.*

Москва – Россия
Париж – Франция
Рим – Италия
Мадрид – Испания
Ханой – Вьетнам
Астана – Казакстан
Бишкек – Кыргызстан

**7.** Эмне менен кайда барса болот?


такси менен


велосипед менен


автобус менен


троллейбус менен


поезд менен


учак менен

**8.** Уламыш менен таанышкыла.

## Табышмактуу Сан-Таш

Сан-Таш дөбөсү Ысык-Көл облусунун Түп районуна караштуу Каркыра жайлоосунда жайгашкан. Жайкысын жашыл чөптөн килем жамынган талаанын ортосунда таш дөбө көзгө көрүнөт. Албетте, бул таштар кайдан келген деген суроо пайда болот.

Сан-Таш дөбөсү жөнүндө мындай уламыш бар: Тимур (Тамерлан) XV кылымдын аяк жагында Самарканддан жортуулга чыгып, Кытайдын Ние провинциясына бараткanda, Ысык-Көл өрөөнүндөгү тоо арасындагы өткөөл – Сан-Таш аркылуу өткөн. Ушул жерге жакындаганда жоокерлердин башында бараткан Тимур ар бир жоокерге бир таш алып, бел этегине чогултууну айтат. Натыйжада бири чоң, бири кичирээк эки таш дөбө пайда болот.

Бул эки дөбөдөгү таштардын саны Тимурдун жоокерлеринин санына тең болгон. Тимур жоокерлери менен жортуулдан кайтып келгенде кайрадан Сан-Таш аркылуу өтүшөт. Тимур аскерлерине дөбөдөгү таштардан кайра бирден алууну буюрат. Таш дөбөлөр абдан кичиреет, бирок түгөнбөйт. Демек, Сан-Ташта калган таштардын саны канча болсо, ошончо жоокер жоодон кайтпай калган экен. Ошол убактан бери бул жер Сан-Таш аталып калган. Ал он миңдеген таш дегенди билдирет. Азыр дагы ал жерде дал ошол таштар дөбөсү үнсүз жана кыймылсыз, өзүнө бир чоң сыр каткансып жатат.

**дөбө** – холм
**өткөөл** – переход
**жоо** – враг
**жоокер** – воин
**бел этегине** – у подножья (холма)
**жортуул** – поход

**9.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

1) Сан-Таш дөбөсү ... жайгашкан.
2) Тимур XV кылымдын аяк жагында ... Сан-Таш аркылуу өткөн.
3) Ушул жерге жакындаганда Тимур ... айтат.
4) Натыйжада ... пайда болот.
5) Бул эки дөбөдөгү таштардын саны ... тең болгон.
6) Тимур жоокерлери менен жортуулдан кайтып келгенде ... абдан кичиреет.
7) Ошол убактан бери ... аталып калган.

**10.** Суроолорго жооп бергиле.

1) Сан-Таштын аталышы кимдин ысмы менен байланыштуу экен?
2) Тимур кандай максат менен таштарды чогултууга буйрук берген?
3) Жортуулдан кайрылып келгенде, таштардын саны өзгөрдүбү? Эмне үчүн?
4) Азыркы Сан-Ташты кандай элестеттиң?

5) Сан-Таш деген аталыш эмнени түшүндүрөт?

6) Сан-Таш дөбөсүн жоокерлерге эстелик деп санасак болобу? Эмне үчүн?

**11.** Досуңарга Кыргызстандын кызыктуу жерлери жөнүндө кат жазгыла.

Катты баалоонун критерийлери:

1) мазмуну так, толук ачылган болсун;

2) текстте каталар жок же каталар тексттин мазмунун түшүнүүгө тоскоолдук кылбагандай болсун;

3) көлөмү 8–10 сүйлөмдөн ашпасын.

# II ЧЕЙРЕК

## КЕСИП

### 1-сабак

### Кесиптер

**Грамматика:** Туунду жана тубаса этиштер

**Лексика:** талаа, оймочу, тажрыйба, табып, жагдай, көрк, темир тулпар, май жыттанган, куруучу, курулуш, шырдак, сүрөт сал-.


**Эсиңе тут!**

| Тубаса этиштер | туунду этиштер |
|---|---|
| бар, кел, кет, жүр, бер, отур, оку, жый, кой, тур | **-ла** – тазала, ойло, иште<br>**-а** – сана, чене<br>**-ар** – тазар, көгөр, бозор, жашар<br>**-лаш** – жардамдаш, достош, кездеш<br>**-кар** – башкар, аткар, өткөр<br>**-сыра** – уйкусура, алсыра<br>**-ы** – байы, кеңи, жашы<br>**-ылда** – чырылда, бакылда, күпүлдө<br>**-ай** – азай, көбөй, чоңой |

**Тубаса этиштер** уңгу түрүндө болот. **Туунду этиштер** мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат.

**1.** Сүрөттөрдү карап, кесиптердин аталыштарын, ким эмне кылып жатканын жазгыла.








**2.** Кимге эмне керек? Сүрөттөрдү пайдаланып сүйлөм түзгүлө.

**Үлгү:** *Сүрөтчүгө мольберт керек.*














**3.** Үлгү боюнча сүйлөмдөрдү түзгүлө.

Мугалим, мектеп

Мугалим мектепте иштейт. Мугалим мектепке барат.



Ашпозчу, ресторан



Сатуучу, дүкөн



Куруучу, курулуш



Доктур, оорукана

**4.** Булар кимдер? Табышмактарды окуп, жооптору менен туура байланыштыргыла.

Басып ичинди,
ачып көрөт тишинди.
Ооруп калсаң эстейсиң,
эң керектүү кишинди.



Кагаз сунган кат берет,
Кечиктирбей бат берет.
Тапкыч балдар ойлонуп,
Буга кандай ат берет.



Талаа ишин билгени,
Темир тулпар мингени.
Май жыттанган колдору,
Тапчы муну, ким деги.



Басып кетпей бир карап,
Ким болбосун таң калат.
Айткылачы шырдакка,
Сүрөттөрдү ким салат?



**эң керектүү** – очень нужный
**талаа** – поле
**оймочу** – мастерица
**кечиктирбей** – не задерживая
**таң калат** – удивляется

**5.** Эки топко бөлүнүп, төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

| 1-топ | 2-топ |
|---|---|
| 1. Дарыгерлик кесип качан пайда болгон? | 1. Ашпозчу кесиби качан пайда болгон? |
| 2. «Врач» деген сөз эмнени билдирет? | 2. Баары эле ашпозчу боло алабы? |
| 3. Бул кесип илгери кайсы өлкөлөрдө жакшы өнүккөн? | 3. Мыкты ашпозчу кандай болуш керек? |
| 4. Кайсы кылымдан баштап медицина тез өсө баштады? | 4. Азыр ашпозчунун кесиби маанилүүбү? |

**6.** Топтордо тексттер менен таанышып, аталган кесиптер боюнча маалыматты толуктап айтып бергиле.

| 1-топ | 2-топ |
|---|---|
| **Дарыгер**<br>Бул кесип илгери эле пайда болгон. Аны адамзат менен жашташ деп койсо болот. «Врач» деген сөз славянчадан которгондо «сыйкырдуу» деп аталат.<br>Мезгил өткөн сайын жакшы дарылоо үчүн тийиштүү билим менен тажрыйба керектелери байкалды. Ассирияда, Вавилондо, Египетте, ошондой эле Кытай менен Индияда табыптар дарылоонун улам жаңы жолдорун табышкан. Ал эми жазуу пайда болгондо дарыгерликтин баа жеткис мындай ачылыштарын кийинки муундарга калтырууга шарт түзүлгөн.<br>Божомолдо XVII кылымдан баштап, медицина тез өсө баштады. Ал эми азыркы учурда медициналык адистердин даярдоо деңгээли жогору көтөрүлүп, саламаттыкты сактоо системасы жакшы жолго коюлган. | **Ашпозчу**<br>Ашпозчулук кесипке баа берүү кыйын жагдай. Бул кесип бүткүл дүйнөдө эң кеңири тараган жана өтө керектүү кесип болуп эсептелет. Даамдуу тамакты тез жасап коюш адамдардын колунан келет, бирок ашпозчунун алдына өтө алышпайт. Мыкты ашпозчулардын жасаган тамактары даамдуу, көркөм чыгармалар деп аталат. Алардын максаты адамдарды тойгузуп коюу болуп гана саналбастан, бышырган тамактарына өзгөчө даам, жыт, көрк берип, адамдардын маанайын көтөрүп, сезимдерин да азыктандырууга шарт түзөт. |

**сыйкырдуу** – волшебный
**тажрыйба** – опыт
**табып** – лекарь
**баа жеткис** – бесценный
**божомолдо** – приблизительно
**жагдай** – ситуация
**көркөм** – художественный
**көрк** – вид

**7.** Текстте айтылган кесиптерди төмөнкү суроолорго жооп берип, текстке таянып, салыштыргыла.

1. Кандай деп ойлойсуңар, кайсы кесипке ээ болуу оңой?
2. Кайсы кесипте жоопкерчилик көбүрөөк?
3. Ар бир адам дарыгер боло алабы?
4. Ар бир адам ашпозчу боло алабы?
5. Эки кесипке тең ээ болуш үчүн адамдар эмне кылыш керек?

| Дарыгер | Кесиптердин окшоштуктары | Ашпозчу |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |

## 2-сабак

### Кесиптер

**Грамматика:** Туунду жана тубаса этиштер
**Лексика:** Майла-, тазар-, кабак, түйгөн, капалык, сырдуу кийимчен, жарк деп, дүйнөнүн асылы, касиеттүү, кур калган.

**Эсиңе тут!**

| Тубаса этиштер | Туунду этиштер |
|---|---|
| Маляр **келди.**<br>Үйдүн кири **кетти.**<br>Куруучу үй **курду.** | Маляр үйдү май**лай**т. Ал жакшы иштейт. Ал майлаган үй таза**ра**т.<br>Эсепчи эсеп**тей**т, бухгалтер акча сан**ай**т.<br>Башчы баш**кара**т. Башчы чогулуш өт**көрө**т.<br>Кызматчы ат**кара**т. Башка кызматчылар жардам**даша**т. |

**8.** Сөздөрдүн антонимдерин тапкыла.

| | |
|---|---|
| чоң | кубаныч |
| жаңы | кичинекей |
| кайгы | эски |
| уул | кеч |
| эрте | кыз |

**9.** Курулуш менен байланышкан кандай кесиптерди билесиңер? Өз алдыңарча кластер толтуруп, кыскача мүнөздөмө бергиле.

**10.** Ырды уккула. Малярдын кесиби кандай деп ойлойсуңар? Ал кандай жумуштарды аткарат? Ырдын негизги оюн аныктагыла.

### Маляр

Маляр келди, бир чоң үйдү майлады,
Кабак түйгөн капалыкты айдады.
Ушул адам, ушул сырдуу кийимчен.
Бул дүйнөнүн үстүндөгү каймагы.

Кетти, кетти, кетти чоң үй капасы,
Кеткенине кубанды уул, атасы.
Ушул адам, ушул эски кийимчен,
Бул дүйнөнүн үстүндөгү тазасы.

Үй тазарды, жарк деп кабак ачылды,
Өмүргө кас, учкан чаңдар басылды.
Сөздөрү орой, чала кызуу бул адам,
Бул дүйнөнүн асылынын асылы.

Эң кеч жатып, элден эрте тура алган,
Ойлогонун ойдогудай кура алган.
Касиеттүү мындай кымбат кесиптен,
Менин атам, билбейм неге кур калган?

*Алыкул Осмонов*

**капалык** – грусть **сырдуу** – загадочный

Силер ырдагы малярды кандай элестеттиңер? Ал үйдү кантип өзгөрттү? Акын малярдын кесибин кайсы сөздөр менен мүнөздөп жатат? Ырдагы маляр сага эмнеси менен жакты?

**11.** Кайсы кесиптерди ардактуу деп ойлойсуңар? Эмне үчүн? План боюнча кыскача аңгеме жазгыла.

**План:**

1. Аталган кесиптер эмнеси менен кызыктуу?
2. Ал кесип менен иштөө үчүн адам кандай сапаттарга ээ болуш керек?
3. Бул кесип менен иштеген кандай белгилүү адамдарды билесиңер?

*Менин оюмча, ... ардактуу кесип, анткени .....*
**Бул кесип боюнча иштөө үчүн ... сапаттарга ээ болуш керек.**
*... болуп иштөө үчүн ... сапаттарга ээ болуш керек.*

## 3-сабак

### Белгилүү адамдардын кесиптери

**Грамматика:** Жөнөкөй жана татаал этиштер

**Лексика:** адис, шыктуулук, даанышман, үзүндү, пайдаланган, олуттуу, түнт, далилде-, алектен-, сүрөттө-.

**Эсиңе тут!**

| **жөнөкөй этиш** | **татаал этиш** |
|---|---|
| далилде | далилдеп бер- |
| алектен- | алектенип жүр- |
| сүрөттө- | сүрөттөп айт- |

**12.** Орто кылымдагы дарыгерлер менен азыркы убактагы дарыгерлердин айырмасы барбы? Төмөнкү параметрлер боюнча салыштыргыла: кийими, иштеген орду, кайда жана кантип окушкан?

| **Орто кылымдагы дарыгерлер** | **Окшоштуктары** | **Азыркы убактагы дарыгерлер** |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |
| Корутунду: | | |

**13.** Текстти окуп, жуптарда кеңешип, суроолорго жооп бергиле.

## Абу Али Ибн Сина (Авиценна)

I



Абу Али Ибн Сина 980-жылы Букарадан алыс эмес жерде төрөлгөн. Ал бала чагынан баштап илимге шыктуулугу менен элдерди таң калтырган. Ибн Сина он төрт жашында медицинага кызыга баштаган. Ошол кезде Букарага бир окумуштуу келип калып, ал болочок дарыгерди медицинага терең окута баштайт.

**шыктуулук** – одаренность
**терең окута баштайт** – начинает серьезно обучать

*1-тыным*

Ибн Сина кайсы мезгилде жашаган?
Эмне үчүн Ибн Сина он төрт жашында медицинага кызыга баштайт?
Ал илимге шыктуулугу менен элдерди таң калтырган дегенди кандай түшүнөсүңөр?

II

Бир күнү Букаранын эмири катуу ооруп калат. Эмирди өз дарыгерлери айыктыра албай, Ибн Синаны хан сарайга чакырышат. Ошондо Ибн Сина 17 жашта экен. Ал эмирди айыктырып, анын жеке дарыгери болуп калат. Абу Али Ибн Сина медицинада көп ачылыштарды жасаган. Ал жыйырма жашында медицина жөнүндө бир нече китеп жазган. Көп дарыларды биринчи болуп жасап, пайдаланган.

**айыктыра албай** – не смогли вылечить **пайдаланган** – применял

*2-тыным*

Букаранын эмирин дарыгерлер эмне үчүн айыктыра албайт?
Ага ким жардам берет?
Ал учурда Ибн Сина канча жашта эле?
Ибн Сина медицинада кандай ачылыштарды жасаган?

**14.** Кыргызстандагы белгилүү дарыгерлер жөнүндө маалыматты таап, PowerPoint программасы боюнча презентация даярдагыла.

**План:**

– аты-жөнү, медицинага канча жашынан баштап кызыга баштаган?
– ал дарыгер болуш үчүн кайда окуган жана аны кимдер окуткан?
– ал кайда иштеген же иштеп жатат, канча адамды айыктырган?
– медицинада кандай ачылыштарды жасаган?

**Презентацияны баалоо критерийлери:**

– белгилүү дарыгер жөнүндө маалымат так жана толук берилген;
– маалыматтар фотосүрөттөр менен коштолгон;
– слайддардын саны 10 же 12ден ашпаган.



**15.** Сүрөттөгү адамдардын кесибин аныктагыла.

**16.** Кандай ойлойсуңар, программист эмне менен алектенет?

**17.** Билл Гейтс жөнүндө эмне билесиңер? Ойлоруңарды таблицанын биринчи бөлүгүнө жазгыла. Суроолор пайда болсо, таблицанын экинчи бөлүгүнө жазгыла. Жуптарда, класста талкуулагыла.



| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |

**18.** Тексттен билген жаңы маалыматты таблицанын үчүнчү бөлүгүнө жазгыла. Жуптарда сүйлөшүп, жалпы класска жаңы маалыматты айтып бергиле.

## «Майкрософт» корпорациясынын түзүүчүсү

Билл Гейтс 1955-жылдын 28-октябрында Сиэтл шаарында жарык дүйнөгө келген. Ал бала кезинде олуттуу, аз сүйлөгөн, бир аз түнт да болчу. Билл алгачкы компьютердик программасын 13 жашында түзүп чыккан. Жакын досу жана «Майкрософт» корпорациясын куруудагы жардамчысы Пол Айлен менен компьютердин өнүгүүсүнө чоң салым кошкон.

Билл Гейтс – абдан акылдуу адам. Бирок ийгиликке жетүү үчүн бир гана акылдуулук жетиштүү эмес, ал үчүн көп эмгек талап кылынарын ойлоп, баш көтөрбөй эмгектене баштайт. Анын эс алууга жана уктоого күнүнө 7 саат гана убактысы болгон.

«Акылдуу адис ким жана аны кантип билүүгө болот?» деген суроого Билл Гейтс мындай жооп берет: «Акылдуу адис бир айтканда түшүнөт. Акылдуу адис изденет, өнүгөт, жаңы идеяларды ойлоп чыгат жана ал идеяларды иш жүзүнө ашырууга аракет кылат». «Майкрософт» адистерди

ишке алганда өтө кылдаттык менен текшерет. Бул корпорацияга кирүү үчүн акылдуу жана эмгекчил болуу зарыл.

**олуттуу** – серьезный
**түнт** – замкнутый
**баш көтөрбөй** – не поднимая головы
**кылдаттык менен** – тщательно
**талап кылуу** – требовать
**көмөкчү** – помощник
**адис** – специалист

**19.** Билл Гейтс жөнүндө маалыматты толтургула.

| | **Билл Гейтс** |
|---|---|
| Туулган жылы, жери | |
| Мүнөзү | |
| Кызыгуулары | |
| Кесиби | |
| Сапаттары | |
| Жетишкендиктери | |

**20.** Кыргызстандагы белгилүү программисттер жөнүндө маалыматты таап, PowerPoint программасы боюнча презентация даярдап келгиле.

**План:**

– аты-жөнү, бул кесипке канча жашынан баштап кызыга баштаган?
– ал программист болуш үчүн кайда окуган жана аны кимдер окуткан?
– ал кайда иштеген же иштеп жатат?
– кандай жетишкендиктери менен белгилүү?

**Презентацияны баалоо критерийлери:**

– белгилүү программист жөнүндө маалымат так жана толук берилген;
– маалыматтар фотосүрөттөр менен коштолгон;
– слайддардын саны 8 же 10дон ашпаган.

## 4-сабак

### Белгилүү адамдардын кесиби

**Грамматика:** Жөнөкөй жана татаал этиштер

**Лексика:** сыймык, көмөкчү, өнөр, уста, даанышман, түш, үзүнду, кайгыр-, залкар, уникалдуу, далилде-, алектен-, сүрөттө-.

**21.** Белгилүү физик Генрих Герц жөнүндө эмнелерди билесиңер? Анын илимий изилдөөлөрү радионун пайда болушуна кандай шарттарды жараткан? Кошумча маалыматтарды таап, окугула.

**22.** Токарь эмнеге кайгырганын бири-бириңерге айтып бергиле.

## Токардын кайгысы

Белгилүү физик Генрих Герц бала кезинде токардык ишке абдан кызыкчу. Герцти токардык өнөргө үйрөткөн уста көп жыл өткөндөн кийин анын профессор болгондугун угуп:

Ка-ап! Андан биринчи класстагы токарь чыкпайт беле? – деп кайгырган экен.

**кызыкчу** – интересовался
**өнөр** – мастерство
**уста** – мастер
**кайгыр-** – печалиться

**23.** Кандай ойлойсуңар, бул иллюстрациялар кыргыз элинин кайсы чыгармасы боюнча тартылган?






**24.** Эмне үчүн «Манас» эпосу кыргыз элинин уникалдуу чыгармасы? Жуптарда сүйлөшүп, далилдерди келтиргиле. Ийгиликтүү далилдөө үчүн төмөнкү таблицаны пайдалангыла.

| Сүйлөмдүн үлгүсү | Пайдалуу маалымат |
|---|---|
| «Манас» эпосу уникалдуу чыгарма, себеби... | ал дүйнө жүзүндөгү эң чоң поэма, **500 553** ыр сабынан турат. |
| | анда кыргыз элинин басып өткөн тарыхый жолу сүрөттөлгөн. |
| | казак элинин илимпозу Чокан Валихановдун айтуусу боюнча «Манас» эпосу кыргыз элинин жашоосунун энциклопедиясы. |

**25.** Сүрөттө ким тартылган? Бул адамдын кесибин аныктагыла.



**26.** Таблицадагы сөздөрдү сөз айкаштарына айландыргыла.

| | |
|---|---|
| залкар | чыгарма |
| кыргыздын | манасчы |
| элдик | саптары |
| ыр | сыймыгы |
| бала | эпосу |
| «Манас» | кези |

**27.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

1. «Манас» – кыргыз элинин улуу ...
2. «Манас» эпосу дүйнө жүзүндөгү эң чоң ... болуп эсептелет.
3. Саякбай Каралаев – белгилүү ... .
4. Манасчынын ... Жети-Өгүздө өткөн.
5. Манасчы болуу ... .

*Жардамчы сөздөр:* эпосу, чыгарма, манасчы, балалык күндөрү, кесип.

**28.** Саякбай Каралаев жөнүндө текст менен таанышкыла.

Залкар манасчы Саякбай Каралаев 1894-жылдын 7-май күнү Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Ак-Өлөң айылында төрөлгөн. Ал бала кезинен элдик чыгармаларды чоң энеси Дакиштен угуп чоңоёт. Чоң энеси небересине чоң манасчылардан уккан, эсте калган ыр саптарын айтып берген. Бирок, ал манасчы болом деп ойлогон эмес эле.

Саякбай он эки жашында Жети-Өгүздө Төлөбай деген байдын коюн кайтарып жүрөт. Бир күнү кара таштын түбүндө уктап калып түш көрөт. Түшүндө кара таш боз үйгө айланып, анын ичине кирсе, Каныкей эне тосуп алып, колунан даам таттырат. Даанышман Бакай болсо Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргактарды бир-бирден сыпаттап айтып, тааныштырып чыгат.

Ошондон кийин Саякбай «Манастан» үзүндү айтып, ошол кездеги чоң манасчыларга жолугуп, таалим-тарбия алып, манасчы болуп калыптыр.

**сыймык** – гордость
**залкар** – выдающийся
**түш** – сон
**үзүндү** – отрывок
**даанышман** – мудрый
**даам таттырат** – угощает
**сыпаттап** – расхваливать

Саякбай Каралаев качан, кайсы жерде жарыкка келген? Кайсы сыйкырдуу окуядан кийин манасчы болуп калыптыр? Эгерде Саякбай бала кезинде түш көрбөсө, манасчы болот беле?

**29. Төмөнкү ырастоолорду √ – туура; X – ката деп белгиле.**

| № | Ырастоолор | √ X |
|---|---|---|
| | Саякбай Каралаев 1894-жылдын 7-майында Ысык-Көл облусунун Тоң районунда төрөлгөн. | √ |
| | Ал бала кезинен элдик чыгармаларды чоң атасынан угуп чоңоёт. | |
| | Саякбай Каралаев бай үй-бүлөдө өскөн. | |
| | Саякбай он эки жашында байдын коюн кайтарып жүрөт. | |
| | Анын түшүнө Манас кирет. | |
| | Саякбай чоң манасчыларга жолугуп, таалим-тарбия алып, эл алдына чыгат. | |
| | Саякбай – залкар манасчы. | |

**30.** Манасчылык жөнүндө керектүү маалыматтарды таап, таблицанын оң жагына жазгыла. Манасчылыктын уникалдуулугун далилдегиле.

| Сүйлөмдүн үлгүсү | Пайдалуу маалымат |
|---|---|
| Бул кесип уникалдуу, себеби… | … |
| | … |
| | … |

## 5-сабак

### Космоско кимдер учкан?

**Грамматика:** Негизги жана жардамчы этиштер

**Лексика:** туткун, кыял, өтүнүч, аракет, тирүүдөй, куш сымал.

**Эсиңе тут!**

| татаал этиш | негизги этиш | жардамчы этиш |
|---|---|---|
| жашап жатат | жаша-+п | жат- |
| кыялданып жүрөт | кыялдан-+ып | жүр- |
| жасап берет | жаса-+п | бер- |
| учуп жөнөйт | уч-+уп | жөнө- |

Татаал этиштеги негизги кыймыл-аракетти билдирген этиштер **негизги этиштер**, кошумча кыймыл-аракетти билдирген этиштер **жардамчы этиштер** деп аталат.

**31.** Адамдар космоско биринчи жолу качан учушкан? Алар кимдер? Жуптарда сүйлөшүп, оюңарды айткыла.

**32.** Берилген сөздөр менен сөз айкаштарын түзгүлө.

асман   космос   учкуч

**33.** Дедал жана Икар жөнүндө эмне билесиңер? Текст менен таанышкыла.

## Дедал жана Икар



Байыркы Грецияда Дедал деген адам жашаптыр. Ал белгилүү сүрөтчү, скульптор жана архитектор болгон. Дедал аппак мрамордон тирүүдөй болгон таң каларлык статуяларды жасоочу.

Дедал баласы экөө Минос аттуу падышанында туткун катары жашашкан. Андан качып чыгуу үчүн Дедал уулу экөөнө канат жасайт. Канатты тагып алып Дедал менен Икар учуп жөнөшөт. Асманда куш сымал учкан Икар күнгө чейин жетип учат. Атасынын кой дегенин укпайт. Күнгө жакын барган Икардын канаты күйүп кетип, деңизге түшүп, чөгүп өлөт. Дедал ыйлап, баласынан ажыраткан өнөрүн каргайт.

Бирок адамдар бул алгачкы учууну эстеп калышкан. Ошондон баштап алар учуу жөнүндө кыялданып башташкан.

*В. Смирнова*

**тирүүдөй** – как живой   **туткун** – пленник   **куш сымал** – как птица


Дедал деген ким экен? Ал кайда жашаптыр? Дедал туткундан кантип качууну чечиптир? Учуу учурунда Икар эмне болуптур? Эмне үчүн Дедал менен Икар адамдардын эсинде калган?

**34.** Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

1. Дедал белгилүү ..., ..., ... болгон.
2. Ал ... жасаган.
3. Дедал баласы экөө ... жашаган.
4. Туткундан качып чыгуу үчүн ... жасайт.
5. Канатты тагып алып Дедал жана Икар ...
6. Икардын канаты ...
7. Ошондон баштап адамдар ...

**35.** Сүрөттө кимдер тартылган? Жупта сүйлөшүп, класста талкуулап, ой бөлүшкүлө.





**36.** Диалогду толуктагыла.

– Сен чоңойгондо ким болгуң келет?
– Мен чоңойгондо ... .
– Сен космонавт болгуң келеби?
– Ооба / Жок.
– Эмне үчүн?
– Анткени ... .
– Кайсы космонавттарды билесиң?
– ...

**37.** Мааниси жакын сөздөрдү бириктиргиле.

| | |
|---|---|
| тиешелүү | сураныч |
| өтүнүч | керектүү |
| ден соолук | жакшы |
| азыр | саламаттык |
| мыкты | бүгүн |

## 6-сабак

### Космоско кимдер учкан?

**Грамматика:** Негизги жана жардамчы этиштер

**Лексика:** аракет, башкаруу, илим, жасалма, башкар, жетектеген, узак, даярдоо борбору, максат, саламаттык.

**38.** Текстти өз алдыңарча окуп, силер үчүн жаңы болгон маалыматты жупта бири-бириңерге айтып бергиле.

### Космонавтика

«Космонавтика» сөзүн грек тилинен которгондо «кеме башкаруу» дегенди билдирет. Космос жана космостук учуулар жөнүндөгү илимди

ачкан К. Э. Циолковский болгон. Анын ойлорун конструктор С. П. Королёв жетектеген окумуштуулар ишке ашырган. Алар 1957-жылдын 4-октябрында Жердин биринчи жасалма спутнигин орбитага чыгарган. 1961-жылы 12-апрелде Ю. А. Гагарин биринчи жолу космоско учкан. Дүйнөдөгү биринчи аял космонавт В. В. Терешкова болгон. Ошондой эле космоско Г. Титов, А. Николаев, П. Попович, В. Быковский аттуу космонавттар учушкан. Кыргызстандан биринчи болуп космоско Салижан Шарипов учкан.

Азыр космонавттар космосто узак убакыт болушуп, Ай, Күн, Венера жана Марс планеталары тууралуу көп жаңылыктарды ачышты.

**башкар** – управлять
**жасалма** – искусственный
**жетектеген** – руководил
**узак** – долгий

**39.** Текстке таянып таблицаны толтургула.

| | |
|---|---|
| «Космонавтика» деген сөз ... | |
| К. Э. Циолковский – ... | |
| С. П. Королёв – ... | |
| 1957-жылдын 4-октябрында ... | |
| Ю. А. Гагарин – ... | |
| В. В. Терешкова – ... | |
| С. Шарипов – ... | |

**40.** Салижан Шариповдун интервьюсу менен таанышкыла. Ал кыялын кантип ишке ашырыптыр?

Бала чагымда биринчи жолу асманда учуп бара жаткан учакты көргөндө эле учкуч болуу кыялы менен жашап калгам. Мектепке барганда тиешелүү китептерди көп окудум. Ал кездерде ар бир космоско учууну теле-радиодон сөзсүз берип турушчу, аны көргөн миңдеген балдар космонавт болууну каалаган. Мен дагы космонавт болом деп ушул максатка жетүү аракетин көрдүм. Мектепти аяктаган соң учкучтар окуу жайына тапшырдым. Кийин учкуч болуп иштеп жатканда, космонавттарды даярдоо борборуна атайын комиссиядан өтүү өтүнүчү менен кат жаздым. Ошентип космонавт болуп калдым.

Эгерде бала космонавт болууну кааласа, анда биринчиден, ден соолугун чыңдашы керек. Анткени, саламаттыгы мыкты адам гана космоско учат. Экинчиден, көп окуу керек. Ошондой эле алдына так максат коюу зарыл. Эгерде адамдын реалдуу максаты болсо, ал ага жетүү үчүн болгон аракетин жумшайт.

**кыял** – мечта
**өтүнүч** – просьба
**аракет** – старание

**41.** Жупта иштегиле. Бирөөңөр космонавттын ролун аткаргыла да, интервью бергиле, дагы бирөөңөр журналисттин ролун аткарып суроо бергиле.

Интервьюну баалоо критерийлери:

– Суроо-жооптор теманы толук, так ача алды, темадан тышкары керектүү эмес суроолор, жооптор болгон жок;

– Суроолорду да, жоопторду да түшүнүүгө каталар тоскоолдук кылган жок, же эч кандай каталар болгон жок;

– Көлөмү сакталды: 5 суроо берилди – 5 жооп алынды.

**42.** Тема боюнча төмөнкү таблицаны толтургула.

| | |
|---|---|
| Тема кызыктуу болдубу? Эмне үчүн? | |
| Кайсы маалымат баалуу болду? | |
| Кандай суроолор пайдалуу болду? | |
| Тема боюнча дагы эмнени билгиң келет? | |

## 7-сабак

### Ата-энем ким болуп иштейт?

**Грамматика:** Этиштин жекелик жана көптүк саны

**Лексика:** Ашпозчу, ашкана, бейтапкана, ооруkана, бейтап, милдет, айыктыруу, камкордук, сылык, так болуу, кылым, үрөн.

**Эсиңе тут!**

Жекелик сандагы этиштер

| **Ким?** | **Эмне кылат?** |
|---|---|
| Мен | бара+мын. |
| Сен | бара+сың. |
| Ал | бар+а+т. |

Көптүк сандагы этиштер

| **Ким?** | **Эмне кылышат?** |
|---|---|
| Биз | бара+быз. |
| Силер | бара+сыңар. |
| Алар | бар+ыш+ат. |

**43.** Сүрөттөрдү пайдаланып, бир нече сүйлөм түзгүлө.

**Үлгү:** *Мен фортепианодо ойноймун.*













**44.** Үлгү боюнча сүйлөмдөрдү түзгүлө.

Мугалим, китеп.
Китеп мугалимдики. Мугалим балдарга китеп окутат.



Ашпозчу, тамак, ашкана



Дүкөнчү, товар, дүкөн



Куруучу, кыш, курулуш



Доктур, оорукана, бейтап

**45.** Ким эмне кылат? Кимдер эмне кылышат? Сүйлөмдөрдү толуктагыла.

| Ким? | Эмне кылат? | Эмне кылышат? |
|---|---|---|
| Мугалим (дер) | окутат, тарбиялайт, үйрөтөт | окутушат, тарбиялашат, үйрөтүшөт |
| Ашпозчу | | |
| Доктур | | |
| Космонавт | | |
| Музыкант | | |
| Сүрөтчү | | |
| Тигүүчү | | |

**46.** Кайсы кесип экенин тапкыла.

| | |
|---|---|
| 1. | Бул кесипте иштеген адамдардын ден соолугу абдан жакшы болуш керек, анткени алар бир жумушчу сменанын ичинде жер астында болушат. |
| 2. | Бул сөз англис тилинде «адамдарды башкаруу» дегенди билдирет. Бул кесиптин ээси пландаштыруу, уюштуруу жана көзөмөлдөөнү жүргүзөт. |
| 3. | Бул кесиптин өкүлү өсүмдүктөрдүн түрлөрүн, аларды өстүрүүнүн эрежелерин жакшы билет. |
| 4. | Бул кесипте иштеген адамдар кылмыштарды ачышат. |
| 5. | Бул кесиптин өкүлү баалуу товарлар жана акча менен иштейт. Бул кесипте иштеген адамдар активдүү, сылык, так болуу керек. |

**47.** Диалогду толуктагыла.

– Ата-энеңердин кесиби барбы?
– ...
– Атаңдын кесиби сени кызыктырабы?
– ...
– Ал эми апаңдын кесибичи?
– ...
– Сен ата-энеңдин кесибин улантkың келеби?
– ...
– Эмне үчүн?
– ...

**48.** Айсулуунун аңгемеси менен таанышкыла. Анын ата-энеси кайсы кесип боюнча иштешет экен?

Менин атам жана апам доктур болуп ооруканада иштешет. Атам хирург, апам болсо педиатр. Мен бош күндөрүмдө атам иштеген ооруканага келип турамын. Анын дарыгерлик иштерине байкоо жүргүзөмүн. Атамдын негизги милдети оорулууларга хирургиялык операция жасап, аларды айыктыруу. Ал операциядан кийин бейтаптарын берилүү менен дарылайт. Өзүнүн бейтаптарына жылуу мамиле жасап, алардын ден соолугуна өзгөчө камкордук көрөт. Ушундай дарылоодон соң, алар тез арада айыгып кетсе, атам өзүн өтө бактылуу сезет.

Эгерде үй-бүлөдө бирөөбүз ооруп калсак, атам жана апам медициналык тез жардам көрсөтүшөт. Алар ар убакта биздин ден соолугубузга жакшы камкордук көрүп турушат. Атам жана апам өз кесибин ардактап сүйүшөт. Алар адамдын өмүрүн сактап калуу аракетинде кызмат кылышат.

**оорукана** – поликлиника
**милдет** – обязанность
**байкоо жүргүзөмүн** – наблюдаю
**камкордук** – забота

Айсулуунун атасы ким болуп иштейт экен? Апасычы? Айсулуунун ата-энесинин жумушуна эмнеге барып турат? Атасынын негизги милдети эмнеде экен? Ага  өзүнүн кесиби жагат бекен?

**49.** Мугалим кандай кесип? Ырды окуп, мугалимдик кесиптин мааниси жөнүндө айтып бергиле.

### Мугалим

Классында отуруп,
Кылымына ой берген.
Асыл үрөн ал чачкан.
Адамдыкка бой берген.

Алтыдагы бөбөккө,
«Алиппени» тааныткан.
Адамзатты илимге,
Алып кирген даанышман.

*Ж. Мамытов*

**кылым** – век **асыл** – ценный **үрөн** – семя, семена

**50.** Ата-энеңердин кесиби жөнүндө план боюнча айтып бергиле.

1. Менин атамдын (апамдын) кесиби – ... .
2. Ал (кайда?) ... эмгектенет.
3. Ал төмөнкү жумушту аткарат: ... .
4. Атамдын (апамдын) кесиби маанилүү, анткени ... .

## 8-сабак

### Мен келечекте ким болгум келет?

**Грамматика:** Этиштин жекелик жана көптүк саны

**Лексика:** ийрим, дегдеткен, өндүрүш, өмүр, жоопкерчилик, эмгек акы, жумушсуз, эмгектениш керек.

**51.** Силер келечекте ким болгуңар келет? Эмне үчүн? Жуптарда сүйлөшүп, ойлоруңар менен класста бөлүшкүлө.

**52.** Эрмек ким болгусу келет? Эмне үчүн?

### Шоколаддан башкасын

Сурай калсам Эрмектен:
– Ким болосуң эр жетсең?
Орок мурдун шыр жанып,
Оюн айтат дегдеткен:

– Ойлойм ишке ашканын,
Ошол агай шашканым.
Мен дүкөнчү боломун,
Керегин жок башканын.

Толгон киши каттасын,
Тоодой жыйып акчасын.
Шоколадды өзүм жеп,
Сата берем башкасын.

*У. Мамбеталиев*

**эр жетсең** – когда вырастешь **дегдеткен, кызыктырган** – интересоваться

1. Эрмек чоңойгондо ким болгусу келет?
2. Дүкөнчү кесиби оңойбу?

3. Сен чоңоюп дүкөнчү болдуң дейли, Эрмектин ойлогонун кылат белең? Эмне үчүн?

**53.** Балдардын кесипти тандоо жөнүндө ойлору менен таанышкыла.



Мен келечекте мага жаккан кесип боюнча иштегим келет. Мага программист болгон жагат. Биринчиден, программист эч качан жумушсуз калбайт. Ал бардык өндүрүштө керек. Экинчиден, программист жакшы эмгек акы алат.



Бүгүнкү күндө ар кандай кызыктуу кесиптер көп. Алардын ичинен мага дарыгерлик кесип абдан жагат. Ал абдан керектүү кесип. Анткени дарыгер адамдын ден соолугу үчүн күрөшөт. Бул кесипке ээ болуш үчүн өтө көп окуш керек. Дарыгерлик кесип адам өмүрүн сактоодо чоң жоопкерчиликти талап кылат.



Мен пианист болгум келет. Ошондуктан мен башталгыч класстан баштап музыкалык ийримге катышам. Пианист болуу үчүн ноталарды үйрөнүп, көп эмгектениш керек.



Мен келечекте мугалим болгум келет. Бул кесип ардактуу, анткени мугалим балдарга билим берет. Мугалим болуш үчүн мен көп окушум керек.

**өндүрүш** – производство
**ийрим** – кружок
**өмүр** – жизнь
**жоопкерчилик** – ответственность

**54.** Сүйлөмдөрдү уланткыла.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Ал | программист | болгусу келет, | анткени .... |
| | дарыгер | | |
| | пианист | | |
| | мугалим | | |

**55.** Туура кесип тандоо үчүн эмне кылыш керек экен?

## Кесипти кантип туура тандоо керек?

Кесипти туура тандоо үчүн, биринчиден, өз мүмкүнчүлүктөрүңөрдү жана өнөрлөрүңөрдү баалоо керек. Көп учурда силерге жаккан окуу предметтер же кызыгуулар кесипти тандоодо негиз болушу мүмкүн.

Экинчиден, адистерден кеңеш сунуш сурап жана алар иштеген жакка барып көрүш керек. Ар кайсы жерлерге барып, көргөнүңөрдү салыштыргыла. Силер күткөн нерселерге дал келдиби же жокпу деп талдап көргүлө. Ата-энеңер жана мугалимдер менен кеңешкиле.

Үчүнчүдөн, өзүңөрдүн мүнөзүңөрдү жана темпераментти, жашоо темпти баалоо жүргүзгүлө. Тандаган кесип өзүңөргө туура келиши керек.

**56.** Азыркы учурда Кыргызстанга төмөнкү кесиптер керек.



Программист




Мугалим



Менеджер



Дарыгер



Инженер



Укукчу

**57.** Эмне үчүн аталган кесиптер азыркы учурда Кыргызстанга керек? Кичи топтордо изилдөө жүргүзгүлө. Төмөнкү таблицаны толтургула.

| Кесиптин аталышы | Эмне үчүн бул кесип керек? | Комментарийлер |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |
| Жалпы корутунду | | |

**58.** Изилдөө боюнча маалыматты корутундулап, презентация даярдап келгиле.


**Презентацияны баалоо критерийлери:**

– эмне үчүн аталган кесиптер Кыргызстанга керек экени жөнүндө маалымат так жана толук берилген;

– далилдөө үчүн булактар пайдаланылган;

– маалыматтар фотосүрөттөр менен коштолгон;

– слайддардын саны 10 же 12ден ашпаган.



Топто иштегениңер боюнча «токочту» бөлгүлө.

– Мен топтогу иштин … бөлүгүн аткардым.

– Мен өзүмө токочтун ушул бөлүгүн бөлдүм. Себеби …

## 9-сабак

# Өзүңөрдү текшергиле

### Кесип

**1.** Сөздөрдүн котормосун жебе менен көрсөткүлө.

| | |
|---|---|
| мугалим | юрист |
| өрт өчүрүүчү | ответственность |
| бийчи | интересный |
| ырчы | полезный |
| балыкчы | водитель |
| тигүүчү | врач |
| ашпозчу | посол |
| кызматчы | продавец |
| ишкер | сторож |
| илимпоз | писатель |
| жазуучу | ученый |
| кароолчу | бизнесмен |
| дүкөнчү | служащий |
| элчи | повар |
| дарыгер | портной |
| айдоочу | рыбак |
| пайдалуу | певец |
| кызыктуу | танцовщик |
| жоопкерчилик | пожарный |
| укукчу | учитель |

**2.** Ар бир кесиптин тушуна ага тиешелүү болгон эң керектүү сапатты жазгыла.

| Кесип | Эң керектүү сапат |
|---|---|
| мугалим<br>өрт өчүрүүчү<br>бийчи<br>ырчы<br>балыкчы<br>тигүүчү<br>ашпозчу<br>кызматчы<br>ишкер<br>илимпоз<br>жазуучу<br>кароолчу<br>дүкөнчү<br>элчи<br>дарыгер<br>айдоочу<br>пайдалуу<br>кызыктуу<br>жоопкерчилик<br>укукчу | |

**3.** Таблицаны толтургула.

| | | |
|---|---|---|
| Курулуш менен байланышкан кесиптерди жаз | Алар кандай жумуштарды аткарышат? | Кыргызстанга бул кесиптер керекпи? Эмне үчүн? |
| ... | ... | ... |
| Адамдын ден соолугу, жашоосу менен байланышкан кесиптерди жаз | Алар кандай жумуштарды аткарышат? | Кыргызстанга бул кесиптер керекпи? Эмне үчүн? |
| ... | ... | ... |
| Искусство менен байланышкан кесиптерди жаз | Алар кандай жумуштарды аткарышат? | Кыргызстанга бул кесиптер керекпи? Эмне үчүн? |
| ... | ... | ... |
| Илим менен байланышкан кесиптерди жаз | Алар кандай жумуштарды аткарышат? | Кыргызстанга бул кесиптер керекпи? Эмне үчүн? |
| ... | ... | ... |

**4.** Дүйнөдөгү белгилүү адамдардын кесиби жөнүндө төмөнкү үлгүнү колдонуп, айтып бергиле.

1. Белгилүү адамдын аты-жөнү
2. Жашаган өлкөсү
3. Кесиби
4. Жетишкендиктери (же эмнеси менен дүйнө жүзүнө белгилүү?)

5. Анын негизги сапаттары
6. Сага жаккан сапаттары. Эмне үчүн?

**5.** Кыргызстандагы белгилүү адамдардын кесиби жөнүндө төмөнкү планды колдонуп, айтып бергиле.

1. Белгилүү адамдын аты-жөнү
2. Иштеген жери
3. Кесиби
4. Жетишкендиктери (же эмнеси менен  белгилүү?)
5. Анын негизги сапаттары
6. Сага жаккан сапаттары. Эмне үчүн?

**6.** Кайсы белгилүү манасчыларды билесиңер? Каалаган эле адам манасчы боло алабы? Силер кандай ойлойсуңар?


**7.** Өзүңөрдүн үй-бүлөңөр  жөнүндө таблицаны толтургула.

| Үй-бүлөңдүн мүчөлөрү | Алардын кесиби | Алар кандай жумушту аткарышат? | Алар эмне үчүн ушул кесипти тандап алышкан? |
|---|---|---|---|
| ... | ... | ... | ... |


**8.** Силерге  жаккан кесиптер жөнүндө айтып бергиле. Айтып берүүдө төмөнкү үлгүнү пайдалангыла.

| Кесиптер | Алар эмне кылышат? | Эмне үчүн жагат? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |
| Корутунду.  Бирок, мага эң жаккан кесип ..., анткени... | | |

**9.** Төмөнкү сүрөттөрдөгү кесиптерди карап чыккыла, кайсы кесип Кыргызстанда сейрек кездешет? Эмне үчүн?


дарыгер


мугалим


тарбиячы


футболчу


шахтёр


сүрөтчү


айдоочу


ашпозчу


сатуучу


маляр



ырчы


темир уста


куруучу


чачтарач


өрт өчүрүүчү


космонавт


маскарапоз


короо шыпыруучу

# КЫРГЫЗСТАН

## 1-сабак

### Кыргызстандын жаратылышы

**Грамматика:** Мезгил тактооч

**Лексика:** кескелдирик, калкыйт, тиктешет, жер титирөө, кокту, тургундар, тууган-туушкан, тагдыр, жаратылыш, жансыз, жандуу.

**Эсиңе тут!**

| Ким? эмне? | Качан? Кайсы убакта? | Эмне кылат? Эмне болот? |
|---|---|---|
| Концерт | бүгүн | болот. |
| Мен | азыр | келем. |
| Ал | кеч | кетет. |

Кыймыл-аракеттин мезгилин, убагын көрсөтүш үчүн **мезгил тактоочту** пайдаланабыз.

**1.** Сөздөрдүн котормосун жебе менен көрсөткүлө.

| | |
|---|---|
| көл | птицы |
| дарыя | плодовые деревья |
| жаратылыш | озеро |
| бак-дарак | природа |
| жапайы айбандар | горы |
| мөмө бактар | река |
| куштар | дикие животные |
| тоолор | деревья |

**2.** Сөздөрдүн антонимдерин жазгыла.

эртең – ...
азыр – ...
жайында – ...
быйыл – ...
кечинде – ...
кийин – ...
кез-кезде – ...
кечээ – ...

**3.** Макалда мезгилди билдирген кандай сөздөр пайдаланылган? Макалдын маанисин түшүндүрүп бергиле.

Жаз жарыш, күз күрөш.

**4.** Сүйлөмдөрдү мааниси боюнча толуктагыла. Бири-бириңерге окуп бергиле.

Кыргызстандын .... аябай кооз. Биздин ..... кандай бийик! Алардын көз жетпеген чокуларында дайыма ак ..., көк ... жатат. Ошол тоолордо ...да, ... да бар. Көргөн жанды суктандырган ... бар. Ал – кыргыз жергесинин – ..., ...

*Колдонулуучу сөздөр:* жаратылышы, тоолор, кар, муз, илбирс, Ысык-Көлүбүз, кубанычы, сыймыгы, аркар.

**5.** Текстти окугула. Жаратылыш деген эмне? Аны эмне үчүн коргоо керек?

## Жаратылыш деген эмне?

Айланаңа көз чаптырып көрчү. Ооба, сен күндү, асманды, булутту, жерди, өсүмдүктөрдү, жаныбарларды көрөсүң. Мына ушулардын баары – жаратылыш.

Күн, асман, булут, таш, суу, жаан, кар – булар жансыз жаратылыш. Өсүмдүктөр, жаныбарлар, адам – булар жандуу жаратылыш. Канаттуулар да, айбандар да, кескелдириктер да, жыландар да, ташбакалар да, бакалар да, балыктар да, курт-кумурскалар да, курттар да жаныбарлар экенин эсиңерден чыгарбагыла.

Жаратылыш – биздин эң жакын досубуз. Ал биздин жашоо тиричилигибизге керектүү көп нерселерди берет. Ошол себептен адамдар жаратылышты коргошот, анын байлыктарын арттыруу максатында көп эмгектенишет.

**жаратылыш** – природа
**жандуу** – живой
**кескелдирик** – ящерица
**жансыз** – неживой
**көз чаптырып көрчү** – оглянись
**арттыр-** – увеличивать

**6.** Таблицаны толтургула.

| Жансыз жаратылыш | Жандуу жаратылыш |
|---|---|
| ... | ... |

**7.** Табышмакты тапкыла. Белгиленген сөздөр тактоочтун кайсы түрүнө кирет? Эмне үчүн?



Күн калкыйт түшүп **күндүзү,**
Ай калкыйт сүзүп **түнкүсүн.**
Асман менен тиктешет,
Бетине кармап күзгүсүн.

**калкыйт** – покачиваться
**тиктешет** – смотрят друг на друга

**8.** Сөз айкаштарын түзгүлө.

> көл    > шаар    > too

**9.** Ысык-Көл жөнүндө уламыш менен таанышкыла.

Бир кезде азыркы Ысык-Көлдүн ордунда кооз шаар турган экен. Күндөрдүн биринде ал шаарда жашаган кыздар тоого отун тергени барышат. Алар отун терип жүргөн маалда катуу жер титирөө болот. Шаар жайгашкан кокту суугa толуп, тургундардын баары набыт болот. Кыздар кайра келгенде шаардын ордунда чалкайган көл турат. Алар катуу кайгыргандыктан күнүгө көлгө келип, өздөрүнүн тууган-туушкандарынын тагдыры тууралуу өксүп ыйлашат. Алардын туздуу көз жашынан улам көл туздуу жана ачуу болуп калган экен. Ошол себептен ал эч качан кышкысын тоңбой калыптыр.

**отун тергени** – собирать дрова
**кокту** – впадина
**тууган-туушкандары** – родственники
**жер титирөө** – землетрясение
**тургундар** – жители
**набыт бол-** – погибнуть
**тагдыр** – судьба

Илгери Ысык-Көлдүн ордунда эмне болуптур?
– Эмне себептен шаар суунун астында калыптыр?
– Тургундардан кимдер тирүү калыптыр?
– Көлдүн суусу эмне үчүн туздуу жана ачуу болуп калыптыр?

**10.** Жогорку тексттен мезгил тактоочтор катышкан сүйлөмдөрдү таап жазгыла.

## Билип алгыла!

Ысык-Көлдүн эң терең жери 668 метр, узундугу 178 километр, туурасынын эң жазы жери 60 чакырым. Ысык-Көлдүн тескей жагы бийик тоолорго жакын, ал тоолордо арча, карагай өсөт.

**11.** Ысык-Көл жөнүндө маалыматтарды пайдаланып, план боюнча кыскача аңгеме жазгыла.

### План

1. Ысык-Көл кайда жайгашкан? Анын тереңдиги, узундугу, туурасы канча?
2. Ысык-Көл жөнүндө кандай уламыш бар?
3. Силерге Ысык-Көл жагабы? Эмне үчүн?

## 2-сабак

### Кыргызстан – тоолуу өлкө

**Грамматика:** Сан-өлчөм тактооч

**Лексика:** мөңгү, кырка, чоку, зоо, миз, азуу, кербен, кербенчи.

**Эсиңе тут!**

| **Канча? Канчалык? Канчалап?** |
|---|
| *көп, аз, ашык, мол, аз-аздан, көп-көптөн, бөксө, артык, кем, анча-мынча* |

**Сан-өлчөм тактооч** кыймыл-аракеттин иштелиш өлчөмүн көрсөтөт.

**12.** Мааниси боюнча карама-каршы сөздөрдү бириктиргиле.

*Көп, аз, бөксө, анча-мынча, азыраак, толо, көбүрөөк, мал.*

**13.** Макалдарды окуп, сан-өлчөм тактоочторду белгилегиле. Бир макалдын маанисин чечмелеп бергиле.

Жакшы сөз – жарым ырыс

Улууларды кандай сыйласаң, картайганда жаштардан ошончо сый-урмат көрөсүң.

Аргымактын жакшысы азыраак оттоп, көп жуушайт.

Жалкоонун шылтоосу көп.

Мингениң жакшы ат болсо, алысты жакындай көр.

**14.** Диалогду толуктап сүйлөшкүлө.

– Сага тоолор жагабы?
– … .
– Эмне үчүн Кыргызстанды тоолуу өлкө деп айтышат?
– … .
– Кыргызстанда кандай тоолор бар?
… .
– Алар эмнеси менен кызык?
– … .
– Сен кайсы тоолордо болгонсуң?
– … .

**15.** Текстти окуп, тоолор жөнүндө жаңы маалыматты белгилегиле.

Кыргызстандын жаратылышы абдан кооз жана кайталангыс. Кыргызстандын аймагында сексен сегиз тоо кыркасы бар! Анын ичинен сексен жетиси Тянь-Шанга тиешелүү. Тянь-Шань деген аталыш «асман тиреген тоо», башкача айтканда Теңир-Тоо дегенди билдирет. Тянь-Шань өтө

бийик жана кооз болгондуктан, кыргыздар аны эзелтеден Теңир-Тоо деп аташкан. Теңир-Тоо – бийик тоо. Анын кыркаларынын чокуларында түбөлүк мөңгүлөр жатат.

Кыргызстан – асман тиреген тоолордун жана гүлдөгөн өрөөндөрдүн өлкөсү.



**кайталангыс** – неповторимый
**кырка** – хребет
**чоку** – вершина
**эзелтеден** – издавна
**мөңгү** – ледник
**түбөлүк** – вечный

**16.** «Биздин тоолор» деген темада эссе жазгыла. Төмөнкү суроолорду пайдалангыла.

1. Кыргызстандын аймагында канча тоо кыркалары бар?
2. Эмне үчүн Кыргызстан «асман тиреген тоолордун» жана гүлдөгөн өрөөндөрдүн өлкөсү деп аталат?
3. Теңир-Тоо деген эмнени билдирет? Аны кандай элестеттиңер?

## 3-сабак

### Кыргызстан – тоолуу өлкө

**Грамматика:** Сын-сыпат тактооч
**Лексика:** катмар, кайталангыс, түбөлүк, жалтыра-, каркай-, заңкай-, арсай-.

**Эсиңе тут!**

| Ким? Эмне? | Кантип? Кандай? Кандайча? | Эмне кылат? |
|---|---|---|
| Анара | жай | иштейт. |
| Менин атам | ылдам | басат. |
| Ал | бат | келди. |
| Мен | орусча | сүйлөй алам. |
| Ыр | кыргызча | аткарылат. |

**Сын-сыпат тактооч** кыймыл-аракетти сыпаттап, анын ал-абалын, кантип иштелгендигин көрсөтөт.

**17.** Мааниси боюнча карама-каршы сөздөрдү бириктиргиле.

| | |
|---|---|
| жай | шашпай |
| аста-аста | бөлүнүп |
| дароо | алыстан |
| бирге | тез |
| бетме-бет | бат-бат |
| сонун | начар |

**18.** Сөздөрдү окуп, котормосун тапкыла.

| | |
|---|---|
| кебез | пласт |
| азуу | дрожать |
| миз | караванщик |
| катмар | скала |
| зоо | верблюд |
| кербенчи | мёрзнуть |
| арстан | острие |
| төө | клык |
| тоң- | лев |
| калтыра- | хлопок |

**19.** Төмөнкү сөздөрдүн маанисине көңүл бургула.



**кура-;** Эжем курак **курайт.**



**кураш-;** Тоолор тоого **курашат.**



**ула-;** Агам түтүктөрдү **улайт.**



**улаш-;** Тоолор тоого **улашат.**



чуба-; каздар **чубайт.**
Каздар **чубап** бара жатышат.



Кичинекей балдар **чубаш**ып бара жатышат.



Кербенчинин төөлөрү **чубаш**ып бара жатат.



Тоолор кербенчинин төөлөрүндөй **чубаш**ат.

**20.** Берилген сөз айкаштарды пайдаланып, өз алдынарча «Кыргыз тоолору» деген чакан текст түзгүлө.

Тоолор тоого курашат, тоолор тоого улашат; кербенчинин төөлөрү, кебез тартып баратат, тоолор төөлөрдөй чубашат; тоңгон муздар, тоолор бийик, бороон калтырап араң өтөт, кыргыз эли тоолорду жакшы көрөт.

**21.** Ырды угуп, негизги маанисин аныктагыла.

## Кыргыз тоолору

Тоого тоолор курамалап, курашып,
Узун тартып, уламалап, улашып,
Алда кайда кебез тартып келаткан,
Кербенчинин төөлөрүндөй чубашып.

Кара зоолор ар кай жерде каркайып,
Катмарлашып, калың тартып заңкайып.
Алмаз сындуу көккө тийген миздери,
Арстандын азуусундай арсайып.

Мөңгү кетпей, чокулары жалтырап,
Тоңгон муздар шекүлөдөй жаркырап.
Ар жагынан бер жагына куш эмес,
Араң гана бороон өтөт калтырап.

Кыргыз тоосу – элдин сүйгөн тоолору,
Мындай сонун асыл тоолор болорбу?
Асман тиреп жеңе билет ар качан
Өлкөбүзгө кас санаган жоолорду.

*А. Осмонов*

**ула-** – соединить концами
**каркай-** – быть высоким, торчать
**улаш-** – совместно соединяться
**заңкай-** – вздыматься, возвышаться
**катмар** – слой, покров земли, пласт
**арсай-** – торчать остриём
**катмарлашып** – многими слоями
**жалтыра-, жаркыра-** – блестеть, сверкать
**кас санаган жоо** – враг
**калтыра** – дрожать, трепетать

**22.** Туура, катасын белгилегиле.

| | туура | ката |
|---|---|---|
| Ырда кыргыз тоолорунун кооздугу жөнүндө айтылган. | | |
| Тоолор коркунучтуу сүрөттөлгөн. | | |
| Акын тоолорду төөлөргө салыштырып жатат. | | |
| Тоолордун миздери алмазга салыштырылган. | | |
| Акын зоолорду арстандын азуусуна салыштырат. | | |
| Тоонун чокусунда мөңгү көпкө жатпайт. | | |
| Тоонун чокусунда бороон болбойт. | | |
| Мындай сонун асыл тоолор башка жакта жок. | | |
| Тоолор кас санаган жоолор менен күрөшөт. | | |

**22.** Кыргызстандын кайсы тоолорунда болгонсуңар? Өзүңөр барган жерлерди сүрөттөп бергиле.

**24.** Теманын аягында таблицаны өз алдыңарча толтургула.

| Тема боюнча эмнелерди билдим | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## 4-сабак

### Кыргызстандын пайдалуу кен байлыктары

**Грамматика:** Орун тактооч

**Лексика:** кен байлык, мунай, суюк, адегенде, баткак, булак, жаратылыш газы, бургула, борпоң, баткак, булак, көмүр.

**Эсиңе тут!**

| Ким? Эмне? | Кайда? Кайдан? | Эмне кылат? |
|---|---|---|
| Окуя | илгери | болгон. |
| Мен | ары-бери | басып жүрөм. |
| Ал | кийин | келет. |
| Мектеп | алыс | жайгашкан. |

Кыймыл-аракеттин ордун, багытын көрсөтүш үчүн **орун тактоочторду** пайдаланабыз.

**ары-бери** – туда-сюда

**25.** Берилген сөздөрдү карама-каршы мааниси боюнча бөлүштүргүлө.

*Жогору, өйдө, алыс, ары-бери, кийин, алга, жакын, ыраак, илгери, артка, ылдый, төмөн.*

**26.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Кыргызстанда көмүр, мунай, алтын казып алышат. Алтын жер алдында (каерде?) жайгашкан. Адамдар жашаган жерден (кайда?) болот. Тазаланган алтын экономиканы (кайда?) жылдырат. Бизде жер алдындагы кен байлыктарды (кайда?) алып чыгуу технологиялары бар.

*Колдонулуучу сөздөр:* алыс, алга, төмөн, жогору.

**27.** Сөздөрдүн котормосун жебе менен туура көрсөткүлө.

| | |
|---|---|
| кум → | глина |
| чопо | известняк |
| акиташ | песок |
| көмүр | уголь |
| сымап | олово |
| калай | золото |
| мунай | нефть |
| алтын | ртуть |

**28.** Сөздөрдүн антонимдерин тапкыла.

пайдалуу –
баалуу –
катуу –
терең –
баа жеткис –
коюу –

*Жардамчы сөздөр:* зыяндуу, арзан, жумшак, суюк, тайыз, нарксыз.

**29.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Кыргызстанда – пайдалуу ... көп. Алар өлкөбүздүн .... Пайдалуу кендерди адегенде ... изилдеп табышат. ... шахталарда жана карьерлерде казылат. Мунайды жана жаратылыш газын ... астынан алышат.

*Жардамчы сөздөр:* кен, байлыгы, геологдор, көмүр, жер.

**кендер** – ископаемые

**30.** Текстти окугула. Кыргызстанда кандай кендер бар? Алар эмне үчүн байлык болуп эсептелет?

Пайдалуу кендер – өлкөбүздүн баа жеткис байлыгы. Гранит, кум, чопо, акиташ, көмүр, аш тузу, сурьма, сымап, калай жана башка тоо

тектерин адам өзүнүн чарба иштеринде пайдаланат. Булар – пайдалуу кендер. Пайдалуу кендердин көпчүлүгү катуу кендер. Бирок суюк, газ сымал кендер да бар. Мунай – суюк, жаратылыш газы – газ сымал болот. Пайдалуу кендер жер түпкүрүндө жайгашкан. Адегенде геологдор пайдалуу кендерди изилдеп табышат. Андан кийин башка адистер аны казып алуу үчүн картадан кен жайгашкан жерди белгилеп коюшат.

Пайдалуу кендерди түрдүүчө казып алышат. Көмүрдү шахталарда жана карьерлерде казып алышат. Мунайды жана жаратылыш газын жер астынан алышат. Бул үчүн бургулоочу мамыларды орнотуп, терең скважиналарды бургулашат.

**адегенде** – сначала
**пайдалуу кендер** – полезные ископаемые
**суюк** – жидкий
**казылат** – добывают
**мунай** – нефть
**жаратылыш газы** – природный газ
**бургулоочу мамылар** – бурильные вышки
**бургула-** – бурить

Кен деген эмне?
Кендерди адегенде кимдер табат?
Кендер кандай жолдор менен алынат?

**31.** Сүрөттөгү кендин бирине мүнөздөмө бергиле. Ал кандай болот, аны кайдан табышат, кантип пайдаланат?


Көмүр


Алтын


Мунай


Калай

**32.** Тема боюнча өзүңөрдү баалагыла.

Мен

- жаңы нерсе билдим
- пайдаландым
- таң калдым
- үйрөндүм
- түшүндүрө алам
- түшүнгөн жокмун

## 5-сабак

# Өзүңөрдү текшергиле

## Кыргызстан

**1.** Картаны пайдаланып, таблица боюнча кайсы жерлерде пайдалуу кендер казылып алынарын айтып бергиле.

| Кендердин аталышы | Кайсы жерде? | Кайсы облуста? |
|---|---|---|
| көмүр | Таш-Көмүр | Жалал-Абад |
| | Кызыл-Кыя | Баткен |
| | Кара-Кече | Нарын |
| | Жыргалаң | Ысык-Көл |
| | Өзгөн | Ош |
| мунай | Майлы-Суу | Жалал-Абад |
| алтын | Кумтөр | Ысык-Көл облусу |
| | Жер-Үй | Талас |
| сурьма | Кадамжай районунда | Баткен облусу |

**2.** «Пайдалуу кендер» тестинин туура жоопторун белгилегиле, ✓ – туура.

**1. Кайсы адистер пайдалуу кендерди изилдеп табышат?**

А) геологдор
В) биологдор
Б) археологдор
Г) куруучулар

**2. Кандай заттар пайдалуу кендер деп аталат?**

А) бардык пайдалуу заттар
Б) адамдар үчүн пайдалуу витаминдер
В) жер астындагы же үстүндөгү пайдалуу заттар;
Г) жер астындагы же үстүндөгү таштар.

**3. Аталган топко тиешеси жок пайдалуу кенди белгиле:**

А) таш көмүр
В) гранит
Б) мунай
Г) жаратылыш газ

**4. Ашыкчасын белгиле:**

А) кирпич
В) темир кени
Б) кум
Г) топурак

**5. Кайсы пайдалуу кендер курулушта пайдаланылат?**

А) кум, чопо
Б) гранит, торф
В) көмүр, аш тузу
Г) көмүр, кум

**6. Кайсы пайдалуу кендер отун болуп пайдаланылат?**

А) темир кени
Б) көмүр, жаратылыш газы
В) графит, күкүрт
Г) алтын, жаратылыш газы

**7. Кайсы пайдалуу кенден металлдарды алышат?**

А) көмүрдөн
Б) граниттен
В) кенден
Г) газдан

**8. Берилген пайдалуу кендерди мүнөздөгөн сөздөрдү танда.**

Гранит: ... . Чопо: ... . Акиташ: ... .


*Жардамчы сөздөр:* өңү ак, жакшы жабышат, катуу, тунук эмес, борпоң, күйбөйт, жумшак, боз же кызыл өңдүү, кооз.

**борпоң** – рыхлый
**жабышат** – липнет

**30.** Жер алдындагы сууларды жана баткактарды да пайдалуу кендер десе болобу? Эмне үчүн? Алар жөнүндө маалымат таап, айтып бергиле.



Дары баткактар



Булактар

**баткак** – грязь
**булак** – родник

# III ЧЕЙРЕК

## 1-сабак

### Жаныбарлар дүйнөсү

**Грамматика:** Сан атооч. Эсептик сан атооч. Канча?

**Лексика:** ача туяк, казык, сары чычкан, коргоо, суусар, жырткыч, илбирс, суур, сүлөөсүн, жогол-, сейрек, кездешкен, киргизилген, чатыр.

**Эсиңе тут!**

| | |
|---|---|
| 4 | төрт |
| 10 | он |
| 30 | отуз |
| 80 | сексен |

| | |
|---|---|
| 300 | үч жүз |
| 1000 | миң |
| 1000 000 | миллион |
| 100 000 000 | жүз миллион |

Заттын санын, иретин, эсебин, болжолун, тобун, катар тартибин билдириш үчүн **сан атоочторду** пайдаланабыз.

Эсептик **сан атоочтор** заттын санын, эсебин билдирет.

**1.** Сүрөттөгү жаныбарлардын аталыштарын атап, аларга кыскача мүнөздөмө бергиле.



Бул ак илбирс. Ал тоодо жашайт. Ал Кызыл китепке киргизилген.



Бул ... . Ал тоодо ... . ... .



Бул ... . Ал токойдо ... . Ал Кызыл китепке ... . ... .



Бул ... . Ал тоодо, токойдо ... . ... китепке киргизилген. ... .

**2.** Эсептик сан атоочторду пайдаланып, сөз айкаштарын түзгүлө.

... суусар ... жаныбар
... илбирс ... көл
... бүркүт ... турист

**3.** Диалогду толуктагыла.

– Кыргызстанда кандай жаныбарлар бар?
– ... .
– Алар кайда жашашат?
– ... .
– Эмне менен азыктанышат?
– ... .
– Атаган жаныбарлардын саны белгилүүбү?
– ... .
– Жаныбарларга кандай мамиле кылуу керек? Эмне үчүн?
– ... .

**4.** Сүрөттөр аркылуу табышмактарды тапкыла.



Саксайган түрү бар,
Адам коркор үнү бар.



Узун куйрук, кызгылт жүн,
Шек алдырбай жойлогон.
Айбан туруп өтө куу,
Ал эмне, ойлогун?



Жылмалыгы жыландай,
Оттогону куландай,
Отурганы адамдай,
Жайкысын болчу жаныбар,
Кышкысын болбойт бул кандай?



Ача туяк, төрт казык,
Өтө кыйын жүгүрөт.

**туяк** – копыто
**саксайган** – лохматый
**отто-** – пастись
**ача туяк** – парнокопытные
**сары чычкан** – суслик
**жырткыч** – хищник
**казык** – кол, палка
**жылмалыгы** – движение
**жойло-** – бегать в поисках добычи, рыскать
**куландай** – как дикий осёл

**5.** Кыргызстандагы жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн аталыштарын жазгыла. Кандай жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү билесиңер? Жупта окуп бергиле.

**6.** Текстти окугула. Кызыл китеп жөнүндө эмне билесиңер? Силер атаган жаныбарлардын кайсынысы Кызыл китепке киргизилген?

Кызыл китеп – сейрек кездешүүчү жана жоголуу коркунучундагы жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн тизмеси. Кыргызстандын Кызыл китебине жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн 210дон ашык түрү киргизилген. Алар мамлекеттин өзгөчө коргоосунда турат.

Кыргызстандагы сейрек кездешкен жаныбарларга бугу, марал, аркар, сүлөөсүн, илбирс, суусар, суур жана күрөң аюу кирет. Алар Теңир-Тоонун карагайлуу токойлорун жана бийик тоолуу Арпа, Ак-Сай, Суусамыр өрөөндөрүн мекендейт. Бул жаныбарларга аңчылык кылууга болбойт, алар Кызыл китепке киргизилген.

**сейрек** – редкий, редко
**жогол-** – исчезнуть
**коргоо** – охрана
**тоолуу өрөөн** – горная долина
**кездешкен** – встречающийся
**суусар** – куница
**сүлөөсүн** – рысь
**жоголуу коркунучу** – опасность исчезновения
**карагай** – ель
**аңчылык кыл-** – охотиться
**илбирс** – барс
**суур** – сурок

**7.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

1) Кызыл китеп – ... тизмеси.
2) Кыргызстандын Кызыл китебине ... ашык түрү киргизилген.
3) Кыргызстанда сейрек кездешкен жаныбарларга ... кирет.
4) Алар ... мекендейт.
5) Бул жаныбарларга ... болбойт, алар Кызыл китепке ... .

**8.** Текст боюнча суроолорго жооп бергиле.

– Кызыл китеп кандай китеп?
– Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген жаныбарларды атагыла.
– Кайсы өрөөндөрдү бийик тоолуу өрөөндөр дейбиз?
– Кызыл китептеги жаныбарларга аңчылык кылууга болобу? Эмне үчүн?

**9.** Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген жаныбарларды кантип сактап калыш керек? Чакыруу, статья же башка формада текст түзүп, презентация кылгыла.

## 2-сабак

### Жаныбарлар дүйнөсү

**Грамматика:** Сан атооч. Эсептик сан атооч. Канча?

**Лексика:** илбирс, суур, сүлөөсүн, курт-кумурска, уя, томого, бүркүт, жогол-, сейрек, кездешкен, киргизилген,чатыр, калдайган, каалгы-.

**10.** Канаттуулардын аталыштарын атагыла. Алар жөнүндө эмне билесиңер?



Бул … . Ал Кыргызстанда бийик тоолордо жашайт.



Бул … . Ал Кыргызстанда … жашайт.



Бул … . Ал Кыргызстанда … … .



Бул … . Ал … … … .

**11.** Сөздүктү пайдаланып, сөздөрдүн котормосун жебе менен туура көрсөткүлө.

| | |
|---|---|
| үкү | лебедь |
| ак куу | кречет |
| шумкар | сова |
| каракур | рябчик |
| булдурук | тетерев |
| таранчы | перепел |
| өрдөк | утка |
| үпүп | удод |
| бөдөнө | воробей |
| чыйырчык | скворец |

**12.** Табышмактардын жообун тапкыла.

Тиши жок, тили бар,
Шаңшыган үнү бар.
Оозу курч оroктой
Алгырды билип ал.

Жүнүн көрсөң үлпүлдөк,
Күндүз уктайт сүлкүлдөп.
Кечте көзү көрөгөн,
Жемин издеп жөнөгөн.

**13.** Канаттуулардын аталыштары менен мүнөздөмөсүн дал келтиргиле.

| | | |
|---|---|---|
| үпүп | | Бул канаттуу өрөөндөрдө гана кездешет. Айылдарга, айыл четиндеги фермаларга жакын топ-топ болуп жашайт. Дан эгиндерине зыян келтирүүчү курт-кумурскаларды жеп пайда алып келет. Ошондуктан адамдар ага атайын жыгачтан уя жасап, илип коюшат. |
| чыйырчык | | «Бытпылдык» деп үн салчу анча чоң эмес канаттуу. Көбүнчө дан эгин айдалган талааларда жашайт. Жашоосунун көбү асманда эмес жерде өткөндүктөн, душманынан чуркап качып кутулат. Өсүмдүктөрдүн уругун, курт-кумурскаларды жейт. |
| бөдөнө | | Бул канаттуу «үп-үп» деп үн салат. Тумшугу узун, ичке, ал эми тили кыска. Курт-кумурскалар жана курттар менен азыктанат. Жазда учуп келет. |
| бүркүт | | Бул канаттуу зоолордо жашайт. Колдогусу 40–45 жашка, жапайысы 100гө чыгат. Буту ич жагына ийри, көзү ак, канатынын мөрүсү калың, буту ичке, балтырына тутам батпайт. |

**курт-кумурскалар** – насекомые
**уя** – гнездо
**үн салат** – кричит
**дан эгин** – зерновые
**ийри** – кривой

**14. Кунт коюп уккула.** Акын Ала-Тоону кандай сүрөттөгөн?

## Ала-Тоо

Өрдөк, чүрөк, каз куулар,
Көлдүн бетин бербеген.
Бир көргөн киши дегдеген,
Түрдүү куштар жердеген.
Кекилик, чили жайнаган,
Чымчыктары сайраган.
Куштун жери – Ала-Тоо.
Ылаачын, шумкар, турумтай,
Кыргый, күйкө, жагалмай.
Учканы соккон шамалдай,
Шумкардын жери – Ала-Тоо.

*Т. Молдо*

**чүрөк** – утка
**дегдеген** – сильно желать
**чил** – куропатка
**ылаачын** – сокол
**турумтай** – дербник
**кыргый** – ястреб
**күйкө** – пустельга
**жагалмай** – кобчик

**15.** Николай Михайлович Пржевальский жөнүндө эмне билесиңер? Жуптарда ойлоруңар менен бөлүшкүлө.

Бир жолу Николай Михайлович Пржевальский ооруп калып, чатырында жаткан. Ошол учурда чатырдын үстүнөн зор куш учуп бараткандай болот. Пржевальский ордунан туруп, учуп бараткан кушту көрөт. Бүркүт мурда адам жашаган жерге мынчалык жакын учуп келчү эмес, бул жолу ооруп жаткан адамдын колунан эч нерсе келбесин билгендей болот. Куш калдайган канатын жайып, каалгып учуп жүрө берет.

Н. М. Пржевальский күчүн жыйнап ордунан турду да, мылтыгы менен бүркүттү мээледи, бирок атканга колу барбады. Куштун кубаты жана коoздугу аны аябай таң калтырды. Бүркүт бир-эки айланып учуп, анан көздөн кайым болду.

**чатыр** – палатка
**калдайган** – огромный
**куштун кубаты** – сила птицы
**мээледи** – прицелился
**каалгып** – не спеша
**көздөн кайым болду** – исчез

**16.** Тексттин каармандары кимдер? Окуя кайда болуптур? Бүркүттү кандай элестеттиңер? Эмне үчүн ал адам жашаган жерге жакын учуп келген? Эмне себептен Н. М. Пржевальский аны аткан жок?

**17.** Сүрөттөрдү пайдаланып, адамдар бүркүттү кайда, кантип пайдаланышы жөнүндө айтып бергиле.





*Жардамчы сөздөр:* бүркүтчү, бүркүт, тапта-, ат, ит, аңчылык, түлкү, томого.

**18.** Ким жаңылбай окуйт? Мелдеш уюштургула.

Бүркүтчүлөр бүркүтүн томого менен томоголойт,
Бүркүтчүлөр бүркүтүн томого менен томогологондо,
Биз бүркүтүбүздү томого менен томоголобой,
Ким бүркүтүн томого менен томоголойт?

**томого** – наглазник
**томоголойт** – надеть наглазник

**19.** Кыргызстандагы канаатуулар жөнүндө презентация даярдап айтып бергиле.

**20.** Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.

| | | |
|---|---|---|
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

## 3-сабак

### Кыргызстандагы бак-дарактар

**Грамматика:** Иреттик сан атооч. Канчанчы?

**Лексика:** тамыр, абал, оору-сыркоо, кайгы, бутак, шак, жакшы-накай, шат, кургабас, сезбейт.

**Эсиңе тут!**

**Иреттик сан атооч** заттын иретин, тартибин, катарын көрсөтөт.

**Иреттик сан атоочтор** эсептик сандарга **-ынчы (-нчы)** мүчөсү улануу менен түзүлөт.

| | |
|---|---|
| бир+ынчы=биринчи | жети+ынчы=жетинчи |
| үч+ынчы=үчүнчү | сегиз+ынчы=сегизинчи |

**21.** Сүрөттөгү бак-дарактардын аталыштарын жазгыла. Силер жашаган жерде кайсы бак-дарак өсөт?

**Үлгү:** *Биринчи сүрөттө кызыл карагай тартылган. Ал биздин айылда өсөт.*



*Жардамчы сөздөр:* терек, карагай, кызыл карагай, кайың, эмен, мажүрүм тал.

**22.** Жаңылмачты бат айткыла.

Бак – шагы менен бак,
Шак – багы менен шат.
Шаттуу бактын шагы көп,
Шактуу бактын баары көп.

**шак** – ветка **шат** – радостный

**23.** Табышмактарда кайсы бактар жөнүндө айтылган? Жообун тапкыла.

Жыл мезгилин ылгабас,
Кыштыр-жайдыр кургабас.

Жайында ысыкты дегдейт,
Кышында суукту сезбейт,
Кийгени жашыл жибек,
Жай-кышы түк чечпейт.

**кургабас** – не засыхает **чечпейт** – не снимает
**сезбейт** – не чувствует

**24.** Үлгү боюнча Кыргызстанда өскөн бактар жөнүндө айтып бергиле.

**Үлгү:** *Алмуруттун бийиктиги ... . Анын жашоосунун узактыгы ... .*

| Бактын аталышы | Бийиктиги | Жашоосунун узактыгы |
|---|---|---|
| Алмурут | 10–20 метр | 200–300 жыл |
| Арча | 1–3 (18) метр | 500 (800–1000) жыл |
| Жаңгак | 20–30 метр | 150–200 жыл |
| Кайың | 20–30 метр | 100–150 жыл |
| Тянь-Шань карагайы | 20–30 метр | 250–300 жыл |

*(«Кыргызстандын жандуу жаратылышы» популярдуу энциклопедиядан)*



**узактыгы** – длительность

**25.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Арча – ..., ... дарак. Ал дайыма ... болуп, жаратылыштын көркүнө көрк кошот. Арча жаратылыш шартка жараша бирде ..., бирде ... өсөт. Адамдар аны абаны тазартуу жана дары-дармек жасоо үчүн колдонушат. Кыргыздар байыркы убактан эле арчадан түрдүү турмуш-тиричилик буюмдарды (бешик, идиш-аяк ж. б.) жасашкан.

*Жардамчы сөздөр:* жыттуу, пайдалуу, көк-жашыл, коюу, суюк

**26.** Сүрөттөр боюнча чакан аңгеме түзүп, бири-бириңерге окуп бергиле.


*Таяныч сөздөр:* абышка-кемпир, бала, арча, оору, дарыгер.

**27.** Уламышты тыным менен окугула.

## Арча

Илгери бир абышка-кемпир жашаган экен. Экөө көп жыл балалуу болбой жүрүп, карыганда уулдуу болушат. Баласына болгон мээримин берип чоңойтушат.

Бир күнү баласы отунга кетет. Үйүнө келсе энеси катуу ооруп төшөктө жатып калган болот. Эненин оорусу күн өткөн сайын күчөп, ал өңүнөн кетип саргайып, күндөн-күнгө арыктап, кичирейип калат.

Уулу атасынын кеңеши боюнча бир дарыгерди таап келет. Дарыгер кемпирдин тамырын көрүп:

– Бул ооруга бир гана дары бар, ал – мүрөктүн суусу, ошону ичирсең, энең эч качан оорубайт,– дейт. Аны көп жер кыдырып, бир булактан табарын айтат.

**күчөп** – усиливаясь
**тамыр** – пульс
**арыктап** – худея
**мүрөктүн суусу** – живая вода

*1-тыным*

Абышка-кемпир жөнүндө эмне билдиңер? Энеси эмне болуптур? Дарыгер кандай кеңеш бериптир? Баласы эмне кылат деп ойлойсуңар?

Ошол күнү эле бала алыс сапарга аттанып, жер кезип, булакты издеп жөнөйт. Акыры табат. Сууну алып үйүнө кайтат. Жер кезип, суу ичип, көп күн уйку бетин көрбөгөн бала чарчап бир дарактын түбүнө келип, уктап калат. Байкоосуздан энеси үчүн алып бара жаткан баягы өмүрдүн суусун төгүп алат. Ал агып отуруп бир дарактын тамырына жетет. Мүрөктүн суусуна сугарылган бул арча дайыма жашарып, өлбөс даракка айланат.

*2-тыным*

Бала мүрөктүн суусун канча убакыттан кийин тапты? Эмне себептен аны төгүп алды? Мүрөктүн суусунан арча эмне болду? Андан ары эмне болот деп ойлойсуңар?

Сууну төгүп алганын көрүп, бала аябай өкүнөт, бирок ушул суудан арчанын көгөргөнүн көрүп, анын жалбырагынан үйүнө алып келет. Келсе, энесинин абалы андан да начарлап, өлүм алдында турган экен. Бала баягы алып келген жалбыракты үйдүн ичине түтөтүп, энесине жыттатат. Бул мүрөктүн суусун ичкен, касиеттүү дарактан даба таап, эне оорудан тез эле айыгып кетет.

Мына ушундан улам, адамдарды түрдүү оору-сыркоолордон, капыстан келген кайгыдан, чертип келген кырсыктан алыс болсун үчүн, арчанын жалбырагын түтөтүү салты калган экен.


**өкүнөт** – раскаивается
**оору-сыркоо** – болезнь
**абал** – состояние
**кайгы** – печаль

Бала апасына жардам бере алдыбы? Кантип? Адамдар арчаны эмне үчүн пайдаланып калыптыр?

**28.** Сүйлөмдөрдү ирети менен жайгаштыргыла. Жупта салыштыргыла.

1. Бир күнү энеси катуу ооруп калат.
2. Мүрөктүн суусун ичкен арчанын жалбырактарын түтөткөндө энеси оорудан тез эле айыгып кетет.
3. Илгери бир абышка-кемпир жашаган экен.
4. Алардын жалгыз баласы болот.
5. Баласы мүрөктүн суусун алып келе жатып, төгүп алат.
6. Дарыгер апасына мүрөктүн суусу гана жардам берет деп айтат.
7. Мүрөктүн суусуна сугарылган арча жашарып, өлбөс даракка айланат.

**29.** Ак кайыңды ыр боюнча кандай элестеттиңер?



### Ак кайың

Жарашыктуу жаштайың
Жадыраган жаз сайын.
Жаш күнүмдөн тең өскөн,
Жакшынакай ак кайың.

Бутагыңа конуюн,
Кыштын жолун тороюн.
Жаштыгыңды менден ал,
Аккан сууң болоюн...

*А. Осмонов*

**жадыраган** – цветущий
**жакшынакай** – прекрасный
**бутак** – ветка
**тороюн** – перегорожу

**30.** Арча менен кайыңды салыштыргыла

| Арча | Кайың |
|---|---|
| ... | ... |

## 4-сабак

### Өсүмдүктөр

**Грамматика:** Чамалама сан атооч. Жамдама сан атооч

**Лексика:** чалкан, жалбыз, майда, тегерек, буудай, жүгөрү, таруу, күрүч, дан, ун, соко, сыры, дыйкан, чөл, күкүм, убал, таяк, жайыт, чеп, чылк, азап, жылан.

**Эсиңе тут!**

| Чамалама сан атооч | Жамдама сан атооч |
|---|---|
| Заттын санын чамалап, болжолдоп көрсөтүүчү сандар | Сан менен заттык түшүнүктү жамдап көрсөтүп, канчоо? нечөө? деген суроолорго жооп берүүчү сандар |
| **Кантип түзүлөт?** | |
| *алты-жети, он-он беш, кырк-элүү, алтымыш-жетимиш, сексен-токсон* | *Бир+өө, эк+өө, алт+оо* |
| *отузга жакын, жыйырма чакты, жүздөн ашуун, он чакты, алтымышка жакын.* | Бирөө+бүз<br>Бирөө+ сүңөр<br>Бирөө+ сүздөр<br>*экөөбүз (сүңөр, сүздөр),*<br>*алтообуз (суңар, суздар)* |
| *Отуз+дай, кырк+тай, элүү+чө, алтымыш+ча, ондо+гон, жүздө+гөн* | |

**31.** Сүрөттөгү өсүмдүктөрдүн аталыштарын туура жайгаштыргыла.


Бул жалбыз.


Бул чалкан.

**чалкан** – крапива
**жалбыз** – мята

**32.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Кыргызстанда .... дары өсүмдүктөрдүн түрү өсөт. Тоолордо ... ... өсүмдүктөрдү жолукса болот. Чалканды ... ... деп дайым колдонушкан.

Биз досум ... жалбыз терип келдик.

*Колдонулуучу сөздөр:* жүздөгөн, кыркка жакын, миңдин бири, экөөбүз.

**33.** Дары өсүмдүктөрдүн түрлөрү менен таанышкыла. Алар кайсы ооруларга жардам берет экен?



Чалкан – бийик өскөн чөп. Ага тийген адамдын териси кызарып жана ыйлаакчалар пайда болушу мүмкүн. Чалкандын жалбырактарын дарылыкка колдонууга болот.



Жалбыз – бийиктиги 40–50 сантиметрге жеткен чөп. Бийик сабагында тегерек жана кырлары майда тиштүү жалбырактары орун алган. Майда кызгылт жана көгүлтүр гүлдөрү топтолуп чогулган. Жыпар жыттуу жалбырактары дары чөп катары колдонулат.

*(«Кыргызстандын жандуу жаратылышы» популярдуу энциклопедиясынан)*

**ыйлаакча** – волдырь
**тегерек** – круглый
**майда тиштүү** – мелкими зубьями
**көгүлтүр** – голубой
**жыпар жыттуу** – ароматный
**кыр** – край
**кызгылт** – розовый

**34.** Текстке таянып, өсүмдүктөр тууралуу таблицаны толтургула.

| Эмне? | Кандай болот? | Кайда өсөт? | Эмнеге жардам берет? |
|---|---|---|---|
| ... | ... | ... | ... |

**35.** Сүрөттөгү өсүмдүктөрдүн аталыштарын туура жайгаштыргыла.






*Колдонулуучу сөздөр:* буудай, жүгөрү, таруу, күрүч.

**буудай** – пшеница
**жүгөрү** – кукуруза
**таруу** – просо
**күрүч** – рис

**36.** Буудай жөнүндө эмне билесиңер? Адамдын турмушунда буудайдын мааниси кандай? Таблицанын биринчи бөлүгүн толтургула.

Буудай жөнүндө эмнелерди билгиңер келет? Суроолоруңарды таблицанын экинчи бөлүгүнө жазгыла.

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |


**37.** Текст менен таанышып, жаңы маалыматты жогорку таблицанын үчүнчү бөлүгүнө жазгыла.

Буудай – дан өсүмдүк. Ал күздүк жана жаздык болуп эсептелет. Күздүк буудайды күзүндө, жаздык буудайды жазында себишет. Буудайдын данынан ун тартып, нан бышырышат. 100 грамм нанда 46 грамм крахмал, 9 грамм белок, 0,5 грамм май, 1 грамм кант бар. Кара буудайдын наны ашказан жана кант оорусу менен ооруган адамдарга абдан пайдалуу.

**дан** – зерно
**ун** – мука
**себишет** – сеют

**38.** Сүрөттөрдү ирети менен жайгаштырып кыскача аңгеме түзгүлө.



**39.** Макалдардын кайсынысы силер түзгөн аңгемеге дал келет? Эмне үчүн?

Жер байлыгы – эл байлыгы.
Соконун сырын уста билет, жердин сырын дыйкан билет.
Бакпаса, бак да өспөйт.
Иштесең – көл болот, иштебесең – чөл болот.

**соко** – плуг
**дыйкан** – крестьянин
**сыры** – секрет
**чөл** – пустыня

**40.** Жомокту тыным менен окугула. Эмне үчүн нанды сыйлоо керек?

I

Илгери-илгери бир койчу болуптур. Коюн жайып, түштө суунун боюна олтуруп алып, койнуна катып келген нанын жечү. Бир күнү нандын күкүмү жерге түшүп кетет. «Күкүмдү таап албасам болбойт, мал же

киши тебелесе, анын убалы кимге?» – деп, кечке издейт. Бирок, нанды таба албайт. Эртең издейин деп баягы жерге таягын сайып, айылга кетет.

**күкүм** – крошка (хлеба) **убал** – грех **таяк** – посох

*1-тыным*

Койчу жөнүндө эмне билдиңер? Эмне үчүн ал нандын күкүмүн издейт? Аны таптыбы? Андан ары эмне болот деп ойлойсуңар?

II

Эртеси койчу эртелеп жайытка жөнөйт. Келсе баягы таяктын жанына чеп орноп, анын ичи буудайга толуп калыптыр. Таяк болсо чылк алтын казыкка айланган экен. Койчу аларды алып, ошондон кийин азаптан кутулат.

Муну бай да билет. Ал да алтындуу болуп, койчу жеткен бактыга жеткиси келет. Бир күнү бай койлорун жайып чыгат. Калың чөптүн арасына келгенде нанды күкүмдөп, буту менен тебелейт. Арадан бир нече күн өтөт.

**жайыт** – пастбище **чылк** – чистое (золото) **азап** – мучение
**чеп** – заграждение **казык** –кол

*2-тыным*

Эртеси күнү эмне болот? Койчунун жашоосу кандай өзгөрөт? Бай эмне жөнүндө кыялданат? Ал нандын күкүмүнө кандай мамиле кылат? Андан ары эмне болот деп ойлойсуңар?

III

Бир күнү бай баягы жерге келсе, чеп курулуп калган экен. Чептин ичинде тике өскөн буудай, буудайдын ортосунда казык. Казык жылтылдап алтын өңдөнүп көрүнөт. Ач көз бай шашкан бойдон барып «алтын казыкты» алайын десе, чеп урап, буудай куурай болуп калат. Ал эми казык жыланга айланып, байды чагып өлтүрөт. Ошентип күкүм нанды ардактаган койчу ырыска тунса, ач көз бай күкүмдү кордоп, ажал табат.

**жылтылдап** – блестит **кордоп** – пренебрегая **жылан** – змея
**ажал** – смерть **ач көз** – жадный

Бай жайытка келгенде эмнени көрөт? Ал эмне кылат? Жомок эмне менен аяктайт? Анын мазмунунан кандай таянак чыгарса болот?

**41.** Жомоктун каармандарын салыштыргыла. Силерге кайсы каарман жакты? Эмне үчүн? Жомоктун негизинде далилдерди келтиргиле.




**42.** Кичи топтордо башка элдердин нанга кандай мамиле кылганы жөнүндө макал-лакаптарды, жомокторду таап, презентация даярдагыла (PowerPoint, сүрөттөр ж. б.)

Баалоо критерийлери:
Тема так, толук ачылган.
Ар кайсы элдердин макал-лакаптары пайдаланылган.
Жомоктор пайдаланылган.
Презентация жеткиликтүү, түшүнүктүү.
Ар кандай сүрөттөр, графика, таблицалар пайдаланылган.

## 9-сабак

### Жемиштер

**Грамматика:** Бөлчөк сан атооч
**Лексика:** жаңгак, көчөтү, уйку, түшүм, сөзгө бай, чыдамдуу.

**Эсиңе тут!**

| | | |
|---|---|---|
| Эки+ден бир | Он+дон эки | Жүз+дөн жыйырма беш |

**Бөлчөк сан** заттын санын майдалап, бүтүн сан менен бөлүктүн өз ара катышын билдирет.

**43.** Сан атоочторду сөз менен жазгыла.

$\frac{1}{2}$ – .... ...
$\frac{3}{5}$ – .... ...
$\frac{9}{10}$ – ... ...
$\frac{21}{30}$ – ... ...
$\frac{31}{45}$ – ... ...
$\frac{2}{100}$ – ... ...

**44.** Ойлонуп, табышмактарды тапкыла.

Алма, өрүк, алмурут
Бышып турат ийип шак.
Анын баарын эмне дейт?
Ойлонуп, тез жообун тап.

(.....)

Үчөө ынтымактуу дешет,
Бирөө куюлуп түшөт.
Бирөө кубанып ичет,
Бирөө кулпунуп өсөт.
(...., ..., .........)

**45.** Сүрөттөгү жемиш бактарды атагыла. Кыргызстанда кайсы түрлөрү өсөт?








**46.** Суроого жооп жазып, сүйлөмдөрдү толуктагыла.

1) Жемиш бактар (кайда?) көп өсөт. 2) (Кайда?) жаңгак токойлор бар. 3) Банандар (кайда?) өсөт. 4) Апельсин, мандариндер (кайда?) өсөт. 5) Алма (каерде?) өсөт? Өрүк (кандай жерде?) жакшы бышат.

**47.** Берилген сөздөрдү тематикалык топторго ылайык жайгаштыргыла. Жуптарда бири-бириңерди текшергиле.

Жемиш, жаныбар, илбирс, аюу, түлкү, алма, алмурут, жаңгак, арча, ак кайың, терек, бак-дарак, канаттуу, бүркүт, шумкар, булбул, карышкыр, бөдөнө, чыйырчык.

| жемиштер | канаттуулар | жаныбарлар |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |

**48.** Берилген сүйлөмдөрдү пайдаланып жомок жазып, бири-бириңерге окуп бергиле.

Илгери өткөн заманда бир чал болгон экен. Чал бак өстүрөт.
Күндөрдүн биринде падыша ууга баратып чалга басып келет.
Падыша чалга ыраазы болуп, алтын сунат. Чал акчаны албай коёт.
«Эмгектенсең алтындан да баалуу түшүм аласың»,– дейт чал.
Падыша чал менен жемиш багын отургузат.

**49.** Жомокту ролдоштуруп окугула. Суроолорго жооп бергиле.

## Акылдуу чал

*(жомок)*

Илгери өткөн заманда аппак сакалдуу, акылдуу, элге жагымдуу, кыйынчылыкка чыдамдуу бир чал болгон экен. Картайган кезинде да мөмө-жемиштерди отургузуп, бак өстүрөт. Күндөрдүн биринде падыша ууга баратып чалга басып келет.

– Ассалому алейкум, ата? Таттуу уйкуңуздан кечип не иштеп жатасыз? Мүмкүн бир кылым жашаган болоорсуз? – деп сурайт.

– Ваалейкум ассалом, уулум. Бир жылы кем жүз жаштамын. Бак өстүрүп жатам! – деп жооп берет чал.

– Жаңгак беш-алты жылда араң эле түшүм берет ко? Улгайган кезиңизде аларды тиккениңиз кызык экен,– дейт, падыша.

– Айтар оюң түшүнүктүү, уулум! Адам өзү үчүн эмес, эли үчүн – адамзат үчүн жашайт эмеспи! Эгер бардыгы өзү үчүн жашаса, аларды караңгы түтүн басып калат. Өмүр менен эмгек атадан балага жалгашып тургандыктан тиричилик уланып баратат. Мына ошон үчүн адам эмгектенет.

Падыша чалга ыраазы болуп, алтын сунат. Чал акчаны албай коёт.

– Акчаны не себептен албайсыз, ата? – деп сурайт, падыша.

– Алтынды эксең эч нерсе өнбөйт. Эмгектенсең алтындан да баалуу түшүм аласың, уулум! Сенин алтын акча бергениңден жардам кылганың акылдуулук болоор эле,– деп падышага түшүндүрөт. Бул сөздөр падышаны аттан түшүрүүгө аргасыз кылат. Падыша акылдуу чал менен иштеп, даанышман сөздөрдү угат.

*А. Мамбетбакиев*

**сөзгө бай** – красноречивый
**ууга** – на охоту
**түшүм** – урожай
**чыдамдуу** – терпеливый
**таттуу уйку** – сладкий сон
**караңгы түтүн басат** – наступит мрак
**көчөтү** – саженец

1) Карыя кандай адам болгон?
2) Ал эмне кылып жатты эле?
3) Падыша кары адам менен кантип учурашты?
4) Сен падышанын учурашканын туура деп ойлойсуңбу?
5) Падышанын ордунда болсоң кантип учурашат элең?
6) Падышанын сөзүнө кары адам эмне деп жооп берди?

7) Кары адам падышага эмне деди?
8) Карыя эмнеге алтынды албай койду?
9) Сен анын ордунда болсоң алтынды алат белең?
10) Падышаны кандай адам деп ойлойсуң?

**50.** Текстке таянып, жомоктун каармандарын салыштырып жазгыла.

| **Карыя** | **Падыша** |
|---|---|
| … | … |

**51.** Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула.

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| …<br>…<br>… | …<br>…<br>… | …<br>…<br>… |

## 6-сабак

# Өзүңөрдү текшергиле

### Кыргызстан

**1.** Кыргызстандын жаратылышы кандай? Сүрөткө таянып, айтып бергиле.



**2.** Сөздөрдү мааниси боюнча туура туташтыргыла.

бийик — көл
тунук — жаратылыш
жандуу — суулар
чалкыган — тоолор
жашыл — кайың
ак — арча

3. Кыргызстанда кайсы бактар өсөт? Алар жөнүндө эмне билесиңер?


Арча


Кайың


Терек


Пальма


Алма бак


Апельсин

**4.** Кайсы бак жөнүндө айтылып жатат? Жообун жазгыла.

1. Анын бийиктиги 10–20 метр, анын жашоосунун узактыгы – 200–300 жыл.

2. Бул бактын бийиктиги 30 метрге чейин жетет, ал 150–200 жыл өсөт.

Бул бак 1000 жылга чейин өсөт.

**5.** Арчаны сүрөттөп бергиле. Ал кайда өсөт, кандай болот? Арча жөнүндө кандай уламыш бар?

**6.** Кайсы дары өсүмдүк жөнүндө айтылып жатат? Жообун жазгыла.

1. Ага тийген адамдын териси кызарып жана ыйлаакчалар пайда болушу мүмкүн. Бул .....

2. Бийиктиги 40–50 *см*ге жеткен чөп. Бийик сабагында тегерек жана кырлары майда тиштүү жалбырактары орун алган. Бул ... .

**7.** Кандай дан өсүмдүктөрдү билесиңер? Аталыштарын атап, кыскача сүрөттөп бергиле.

**8**. Макалдарды толуктап жазгыла.

Жер байлыгы – ... байлыгы.
Соконун сырын уста билет, жердин сырын ... билет.
Бакпаса, ... да өспөйт.
Иштесең – ... болот, иштебесең – ... болот.

**9**. Силер жашаган жерде кандай бак-дарактар, дары өсүмдүктөр өсөт? Кыскача аңгеме жазгыла.

# ДЕН СООЛУК. СПОРТ

## 1-сабак

### Спорттун түрлөрү

**Грамматика:** Этиштин ыңгайлары. Баяндагыч ыңгай
**Лексика:** аянт, жапырт, жыгач калак, мелдеш, оюнчу, көз ирмем, дарбаза, пайда, эки тарап.

**Эсиңе тут!**

**Этиштин баяндагыч ыңгайы**

| **Эмне кылган?**<br>**Эмне кылды?** | **Эмне кылат?**<br>**Эмне кылып жатат?** | **Эмне кылат?**<br>**Эмне кылмак?** |
|---|---|---|
| Адамдар дайыма ден соолукка маани беришкен. | Окуучулар турнирге барышат. | Келечекте алар мелдештерге катышышат. |
| Сүймөнкул оорусун жеңди. | Балдар спорт менен машыгып жатышат. | Менин досум жакында Казакстанга бармакчы. |

**1.** Сөздөрдү улап жазгыла.

**Үлгү:** *Мен, оку-. Мен окудум. Мен окуп жатам. Мен окуйм.*

Сен, иш-
Сиз, жаз-
Ал, ойлон-
Биз, секир-.
Алар, машык-
Силер, катыш-

**2.** Суроолорго жооп бергиле.

1) Ден соолук чың болуш үчүн эмне кылыш керек?
2) Спорттун ден соолукка кандай пайдасы бар?
3) Силер спорттун кайсы түрлөрүнө кызыгасыңар?
4) Спорттун жайкы жана кышкы түрлөрү жөнүндө эмнелерди билесиңер?
5) Кайсы спортчуларды атай аласыңар?
6) Алар жөнүндө эмнелерди билесиңер?
7) Спорттон тышкары дагы эмне кылуу керек?

**3.** Тема боюнча сөздөрдү жазгыла.

| | |
|---|---|
| Спорттун түрлөрү: | |
| Жыл мезгилдери: | |
| Айлардын аталыштары: | |
| Жуманын күндөрү: | |

**4.** Табышмактарда эмне жөнүндө айтылып жатат? Сүрөттөрдүн арасынан жообун тапкыла.

Бардык балдар ойногон,
Оюнуна тойбогон.
Урган сайын секирет,
Жообун табат ойлогон.

Алтымыш төр чакмакта,
Эки тарап маташат.
Он алтысы капкара,
Он алтысы апаппак.







**5.** Сөздөрдүн антонимдерин тапкыла.

| | |
|---|---|
| байыркы | макул |
| ортосунда | жабык |
| ачык | азыркы |
| каршы | чекесинде |
| кызыктуу | аякташы |
| башталышы | кызыксыз |

**6.** Үч топко бөлүнүп, ар бир топко тиешелүү текст менен таанышкыла.

### 1-топ

## Футболдун тарыхынан

Футбол байыркы замандан бери келаткан спорт оюндарынын бири болуп саналат. Илгери бул оюнду таптакыр башкача ойношчу экен. Мисал үчүн шаар ортосундагы ачык аянтка эркектер, аялдар жана балдар баары чогулуп алып топту ортого ыргытып, бардыгы жапырт ошого умтула турган. Алардын ар кайсынысы топту өз дарбазасына киргизүү үчүн аракеттенишкен. Бийликтегилер футбол оюнуна каршы болушкан. Бирок футболчулар эч нерседен тайманышкан эмес. Футбол оюну улана берген.

**аянт** – площадь
**жапырт** – скопом, все вместе
**тайманышкан эмес** – не боялись

### 2-топ

## Бадминтондун мекени

Бул байыркы оюн биринчи жолу Жапонияда пайда болгону айтылат.

Бадминтон ойноо үчүн ракетка ордуна жыгачтан жасалган калак колдонулса, волан ордуна соя данын колдонушкан экен. Ал эми оюндун «бадминтон» деп аталып калышынын себеби, 1872-жылы Англиядагы

Бадминтон шаарында аталган оюн боюнча биринчи мелдеш болуп өткөндүгү менен байланыштуу.

**калак** – совок **ордуна** – вместо **мелдеш** – соревнование

### 3-топ

### Эмне үчүн «теннис» деп аталат?

Теннистин мекени деп байыркы Грецияны айтууга болот. Анткени римдик жана грециялык оюнчулар ойноо учурунда «тенни» деп кыйкыргандыктан теннис деп аталып калган. Ал эми грек тилинен которгондо «тенни» «тос!» деген маанини түшүндүрөт. Аталган оюн ичинде кызыктуу көз ирмемдер камтылгандыктан, пайда болгондон тарта королдун оюну деген аталышка ээ болгон. Анын тарыхы 1877-жылдан башталат.

**оюнчу** – игрок **көз ирмем** – мгновение

**7.** Таблицаны толтургула.

| Суроолор | футбол | бадминтон | теннис |
|---|---|---|---|
| Качан пайда болгон? | | | |
| Кайсы өлкөдө? | | | |
| Аталышы эмнени билдирет? | | | |
| Кандай куралдар пайдаланылат? | | | |
| Азыркы учурда ойнолобу? | | | |

**8.** Футбол, бадминтон жана теннисти салыштыргыла. Алардын айырмачылыктары менен окшоштуктарын тапкыла.

## 2-сабак

### Спорттун түрлөрү

**Грамматика:** Этиштин ыңгайлары. Баяндагыч ыңгай

**Лексика:** аянт, пил, падыша, сыйлык, пешка, мелдеш жакырлануу, ыраазычылык, теңтуш, соо, жарышкын.

**9.** Диалогду толуктап жазгыла.

– Сен шахмат ойногонду жакшы көрөсүңбү?
– ...
– Шахмат боюнча мелдештерге катыштың беле?
– ...

– Үйүңдө шахмат барбы?
– ...
– Сен шахматтык доскага фигураларды койгонду билесиңби?
– ...
– Алар кантип аталат?
– ...

**10.** Шахматтык фигуралардын аталыштарын жазгыла.



*Жардамчы сөздөр:* король, ферзь, ладья, пил (слон), ат (конь), пешка

**11.** Берилген сөздөрдүн антонимдерин жазгыла.

Ак (фигуралар) –
Биринчи (жүрүш) –
Күчтүү (позиция) –
Жаңы (шахматтар) –

*Жардамчы сөздөр:* кара, акыркы, күчсүз, эски

**12.** Шахмат кантип пайда болгонун билесиңерби? Уламыш менен таанышкыла.

Илгери-илгери Индияда каардуу жана ач көз падыша жашаптыр. Башкарууну билбегендиктен, ал өзүнүн өлкөсүн жакырланууга алып келиптир. Ошондо бир акылман каардуу падышанын ачуусун келтирбейин деп, анын туура эмес жүрүш-турушу боюнча эскертүү берүү үчүн башкача оюн ойлоп чыгарыптыр.

Бул оюнда негизги фигура – падыша болот. Бирок ал башка фигуралардын (элдин, армиянын) жардамы жок эч нерсеге жете албайт. Падышага оюн жагат. Акылманга ыраазычылык билдирүү үчүн падыша ага каалаган сыйлыгын убада кылат.

Акылман падышага дагы бир сабак берүү үчүн кичинекей сыйлык сурайт. «Шахматтык доскага бир буудайдын данын койгонго буйрук бериңиз, экинчиге – экини, үчүнчүгө – төрттү андан ары дандардын санын көбөйтүү менен. Ошентип 64-бурчка чейин коюп чыгыш керек».

Буудайдын бир кабы жөнүндө сөз болуп жатат деп ойлогон падыша, канча дан керек экенин эсептетет. Хан сарайдагы математиктер бир нече күн эсептөөлөрдү жүргүзүшөт. Акыры алар керектүү дандын санын алуу үчүн жер жүзүндөгү аянтка жок дегенде сегиз жолу сээп, ошончо жолу түшүм чогултуу керек экен.

Ошентип шахматты ойлоп чыккан акылман падышанын эки жолу жазасын бериптир.

**жакырлануу** – разорение
**түшүм** – урожай
**ыраазычылык** – благодарность
**жазасын бериптир** – наказал

– Окуя кайсы өлкөдө болуптур?
– Уламыштын негизги каармандары ким экен?
– Падышаны кандай элестеттиңер?
– Силерге акылман жактыбы? Эмне үчүн?

**13.** Сүйлөмдөрдү ирети менен жазгыла.

1. Хан сарайдагы математиктер бир нече күн эсептөөлөрдү жүргүзүшөт.
2. Илгери-илгери Индияда каардуу жана ач көз падыша жашаптыр.
3. Шахматты ойлоп чыккан акылман падышанын эки жолу жазасын бериптир.
4. Ошондо бир акылман шахмат оюнун ойлоп чыгарыптыр.
5. Бул оюнда негизги фигура – падыша болот. Бирок ал башка фигуралардын (элдин, армиянын) жардамы жок эч нерсеге жете албайт.

**Эсиңе тут!**

<table>
<tr><td>Спорт менен</td><td rowspan="3">машыгуу</td><td rowspan="6">керек.</td></tr>
<tr><td>Футбол менен</td></tr>
<tr><td>Волейбол менен</td></tr>
<tr><td>Шахмат</td><td>ойноо</td></tr>
<tr><td>Диск</td><td>көтөрүш</td></tr>
<tr><td>Оорубаш үчүн туура</td><td>тамактаныш</td></tr>
</table>

**14.** Ден соолук чың болуш үчүн эмне кылыш керек? Акын балдарды эмнеге үндөп жатат?

## Физкультура

Футбол теп, шахматты бил, чебер жүрүп,
Жеңип чыгып, жигиттерди четке сүрүп,
Жарышкын, секиришкин, диск көтөр,
Антпесең теңтуштарың жүрөр күлүп.

Жарашпайт жабык жүрүү жаш муунга,
Ачык бол, өнөр үйрөн, бекер турба,
Ооруну соолор сүйбөйт, ooру жаман,
Соолуктун аты ким? – Физкультура.

*А. Осмонов*

**жарышкын** – соревнуйся **теңтуш** – товарищ **соо** – здоровый

**15.** Ырастоолорду «туура», «туура эмес» деп белгилегиле.

| Ырастоолор | Туура | Туура эмес |
|---|---|---|
| Футбол ойнобош керек. | | |
| Шахматты билүү пайдалуу. | | |
| Жарышкын, секиргин, диск көтөр. | | |
| Ачык болбо, өнөр үйрөнбө, бекер тур. | | |
| Физкультура ден соолукка керек. | | |

**16.** Өзүңөрдү карточкалардын жардамы менен баалагыла.

| | | |
|---|---|---|
| (жашыл) | (сары) | (кызыл) |
| Сабак мага жакты. Мен сабакта жакшы иштедим. Тема түшүнүктүү жана пайдалуу болду. | Сабак кызыктуу болду. Мен сабакта ордумдан жооп бердим, бир нече тапшырма аткардым. | Сабактан көп пайда алган жокмун. Тема түшүнүксүз болду. Сабакта жооп берген жокмун. |

## 3-сабак

### Улуттук спорт оюндары

**Грамматика:** Этиштин буйрук ыңгайы

**Лексика:** булчуң, жаат, так, чүкө, шамдагай, байгелүү, сергек, барктап, күч кош-, көбөйт-, ойлон-, өстүр-, катыш-, ут-, жеңишке ээ.

**Эсиңе тут!**

| | |
|---|---|
| айт, кел, оку, жаз, бар, бас, тап, бил, ал, ук, сана, иште, сүйлө, ойно, башта, жолук, жазыш, жардамдаш. | Ойно+сун, бар+гын, иште+гиле, кели+ңиз, бар+ыңыздар, бара+лык, жөнөй+лүк. |

Буйрук, сунуш, өтүнүч айтуу үчүн буйрук ыңгай жардам берет.

**17.** Белгиленген сөздөргө **-гын, -гыла, -лы** мүчөлөрүн улап, окуучуларга спорт темасында буйрук, сунуш, өтүнүч айткыла.

**Үлгү:** *ойно- +гын = ойногун. Сен да спорт оюндарын биз менен ойно.*
**Ут-** *+ гыла = уткула. Балдар, спортко жакшы катышып, медалдарды уткула.*

көбөйт-, ойлон-, өстүр-, катыш-, ут-, жеңишке жет-.

**18.** Улуттук оюндарды атап бергиле.








Күрөш, аркан тартмай, ат чабыш, улак тартыш, ордо, эр эңиш.

**19.** Акын эмнеге үндөп жатат?

Ойногун спорт оюнун,
Көбөйтөм десең өмүрдү.
Шамдагай, сергек, чың болуп,
Өстүрөм десең көңүлдү.

Ойногун спорт оюнун,
Жек көрсөң ажал, өлүмдү.
Ойногун спорт оюнун,
Күч кошом десең күчүңө.

Булчуңуң таштай чыңалып,
Бырыштар түшпөйт жүзүңө,
Ойногун спорт оюнун –
Чыгасың жаштын жүзүнө.

*Б. Сарногоев*

**шамдагай** – ловкий
**сергек** – бодрый
**булчуң** – мускул
**күч** – сила
**бырыш** – морщина

**20.** Жогорку ыр боюнча сүйлөмдөрдү аяктагыла.

**Үлгү:** *Спорт оюндарын ойно.*

Өмүрүң узун болуп, көп жашагың келсе, спорт оюндарын ... . Көңүлүңдү көтөрүп, шамдагай, сергек, ден соолугуң чың болуп жүргүң келсе, ... . Күчүңө күч кошуп, булчуңдарыңды чыңаш үчүн спорт менен ... . Ошондо карыбайсың, жүз жашка ... .

*Жардамчы сөздөр:* машык, ойно, спорт оюндарын ойно, чыгасың.

**21.** Ордо оюну жөнүндө эмне билесиңер? Кластер толтургула.

**22.** Уламыш менен таанышкыла.

## Ордо оюну

Илгерки заманда кыргыздардын бир кара мүртөз, залим падышасы болгон экен. Андан бүткүл кыргыз эли кор болуп, жакшы жашоого зар болуптур. Элге кайрымсыз бул хан өзүнүн гана кызыкчылыгы менен алек болуп келет. Хандын кордугун көп көргөн эл аксакалдары акылдашып олтуруп аны тактан кулатыптыр.

Бирок анын ордуна ылайыктуу ханды отургуза албай, ар кайсы жаат өзүнүкүн көрсөтүп, бир чечимге келе албайт. Ошондо бир кеменгер аксакал бир аркан бою аянтка тегерек чийинди чийдирет, анын ортосуна бир жамбыны бекитет. Аны хан деп атап, тегерегине көптөгөн чүкөлөрдү коргоочу кылат. Анан элге жарыялап: «Кайсы жааттын адамы томпой менен ушул чийинде туруп, хандын коргоочуларын атып чыгарып, анан ханды чыгара атса, ошол хан болсун» дейт. Эл ал ойду жактап, ар кайсы жаат өзүлөрүнүн мыктыларын ордого чыгарган экен. Мына ушул бир жолу ойлонуп табылган акылман оюн кийин салттуу оюнга айланып калыптыр.

**залим** – жестокий
**зар болуптур** – мечтал
**жаат** – сторона
**жамбы** – слиток
**кор болуп** – страдал
**так** – трон
**кеменгер** – мудрый
**чүкө** – альчик

Падышаны кандай элестеттиңер? Эмне себептен аны эл тактадан түшүрүптүр? Эмне үчүн анын ордуна ылайыктуу ханды таба албай кыйналышыптыр? Кеменгер аксакал кандай сунуш бериптир? Эмне үчүн акылман оюн кийин салттуу оюнга айланыптыр?

**23.** Ордо оюну жөнүндө эл ичинде айтылган ыр саптары менен таанышкыла. Ордо оюнунун өзгөчөлүгүн айтып бергиле.

Кызыгып ойнойт кыргыздар,
Кызыктуу оюн ордону.
Кымбат оюн баштаган,
Атабыз кыргыз болжолу!
Баатыр Манас ойногон,
Байгелүү оюн ордо экен!
Бапестеп, барктап ордо аткан,
Алп дөөлөр кандай болду экен?!
Кыраан Манас ойногон,
Кымбат оюн ордо экен!
Кызыгып дуулап ордо аткан,
Кыраандар кандай болду экен?!

**байгелүү** – призовой
**барктап** – ценить
**кыраан** – ловкий
**бапестеп** – относиться заботливо
**алп дөө** – великан

**24.** Суроолорго жооп берип, аңгеме жазгыла.

1. Кыргыз элинин кандай улуттук оюндарын билесиңер?
2. Ал оюндардын тарбиялык мааниси кандай?
3. Элдик оюндардын ичинен кандай оюндарды ойной аласыңар?
4. Ордо оюнунун негизги максаты эмнеде?

## 4-сабак

## Улуттук оюндар

**Грамматика:** Этиштин буйрук ыңгайы

**Лексика:** көк бөрү, бөлтүрүк, аздектеген, кууп жөнө-, чаап, жет, чогулт, күйөөлө-, уламыш, улак тартыш, улакчы, тайманбас, шамдагай, шамдагайлык, күчтүү жоокер, коргоо, аскер, өстүрөт.

**25.** Кандай улуттук ат оюндарын билесиңер? Кластер толтургула.

**26.** «Көк бөрү, бөлтүрүк, уламыш, оюн» деген сөздөр катышкан текстте эмне жөнүндө сөз болот деп ойлойсуңар? Оюңарды бири-бириңерге айткыла.

**27.** Тобуңарда «Көк бөрү оюну кандайча пайда болгон?» деген суроого класста жооп бергиле.

**28.** Көк бөрү жана кыз куумай оюндары кантип пайда болгону жөнүндө эмне билесиңер? Таблицанын биринчи бөлүгүнө жазгыла. Ал оюндар жөнүндө эмне билгиңер келет? Таблицанын экинчи бөлүгүн толтургула.

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| 1.<br>2.<br>3. | 1.<br>2.<br>3. | 1.<br>2.<br>3. |

**29.** Эки топко бөлүнгүлө. Ар бир топко тиешелүү текст менен таанышкыла. Жаңы маалыматты таблицанын үчүнчү бөлүгүнө жазгыла.

## Көк бөрү кантип пайда болгон?

Илгери-илгери карышкырлар койдун башын өзүнүн бөлтүрүктөрүнө алып келип беришчү дейт. Бөлтүрүктөр койдун башын талашып ойногон го. Аны көргөн эл бөлтүрүктөр оюну, бөрүлөр оюну деп айтышкан. Бара-бара «көк бөрү» оюну аталып калса керек.

Оюндун экинчи аты – улак тартыш. Улак тартыш улакчынын тайманбастыгын, шамдагайлыгын талап кылат. Демек, бул оюн күчтүү жоокерлерди, өз элин, жерин коргоого даяр аскерлерди өстүрөт.

**көчмөн** – кочевник
**бөрү** – волк
**жырткыч** – хищник
**ок атуучу курал** – ружье

## Кыз куумай кантип пайда болгон?

Илгери кыргыздар балдарды жаш кезинде эле кудалап коюшкан. Кудалаган кыз бой жеткенде, жигит мал алып келип күйөөлөгөн.

Эл түз жерге чогулган. Жигит да, кыз да мыкты аттарга минишкен. Кыз мурдараак чабат. Артынан жигит кызды кууп жөнөйт. Эгер жигит кызга жетсе, камчысы менен кыздын атынын соорусуна акырын чаап коёт да, токтоп калат. Жетпей калса, белгиленген чекке жеткенде токтошот.

Кыз куумай азыркы кезде улуттук оюндун эң бир кызык түрүнө айланды.

**кудалап** – сватать
**кудалаган кыз** – просватанная девочка
**бой жеткенде** – когда взрослеет
**аттын соорусу** – круп лошади
**чек** – граница

**30.** Толтурулган таблицаны кичи топтордо талкуулагыла. Негиздүү ойлорду класста айтып бергиле.

**31.** Силер жашаган шаарда (айылда) улуттук оюндар өткөрүлөт. Жарыя жазгыла.

## 5-сабак

# Ден соолукка пайдалуу жана зыяндуу тамактар

**Грамматика:** Этиштин максат-ниет ыңгайы


**Лексика:** кошулма, кубулуш, сасык тумоо, курам, таасир, бээ, суусундук, бой, көңүл, бал муздак, кабыл алуу, быштак, жөндөмү, аныкталган.

**Эсиңе тут!**

| | |
|---|---|
| Ниет ыңгайды **-мак, -макчы** мүчөлөрү уюштурат. | Ал бүгүн шаарга *кетмекчи.*<br>Мен жакшы *окумакмын.*<br>Биз кечигип *калмак болдук.*<br>Элдин сөзүнө караганда, Каныбек мында *келмек* эмес. |

Кыймыл-аракеттин иштелиши, аткарылышы үчүн болгон ниетти билдиргибиз келсе, **максат-ниет ыңгайды** пайдаланабыз.

**32.** Сүрөттөгү жемиштердин жана тамак-аштын аталыштарын жазгыла. Силер төмөнкү тамак-аштардын жана жемиштердин кайсынысын көп жейсиңер? Эмне үчүн?




**33.** Текстти окугула. Сүрөттөгү жашылчаларды жана тамак-аштарды эмне бириктирет? Витаминдер жөнүндө эмне билесиңер?

## Витаминдер

Витаминдер органикалык кошулмаларга кирет. Алар – тиричилик аракети үчүн эң зарыл болгон биологиялык активдүү заттар. Витаминдер организмге өсүмдүктөр жана жаныбарлардын азыктары менен келет. Азыркы мезгилде адамдын организминде жыйырмага жакын витаминдер бар экени аныкталган. Организмге узак убакытка чейин витаминдер жетишпесе, мындай кубулуш авитаминоз деп аталат.

**кошулма** – соединение **аныкталган** – выяснено **кубулуш** – явление

Витамин деген эмне? Ал организмге эмне аркылуу келет? Адамдын организмде канча витамин бар?

**34.** Жашылчалардын жана тамак-аштын пайдалуу жактары менен таанышкыла.



Сабизде **В, РР, С, Е, К** витаминдери көп. Көз жана рак ооруларына жардам берет.



Банандын курамында калий жана магний көп. Ал жүрөк ооруга, ашказанга жакшы таасир берет.



Анарда С, В6, В12 витаминдер бар. Ал витаминдер адамдын иммунитетин жогорулатканга чоң жардам берет. Анардан жасалган сок сасык тумоодон бат айыкканга жардамдашат.



Балыкта В1, В2, В6, В12, С, А жана D витаминдери көп. Балыкты көп жесе, адам жүрөк оорусу менен оорубайт.

**сасык тумоо** – грипп
**курам** – состав
**таасир** – влияние

**35.** Келгиле, сүйлөшөлү.

– Сен жайында жайлоого баргың келеби?
– ...
– Жайлоодо эмне менен алек болгуң келет?
– ...
– Кымыз, сүт ичет белең?
– ...
– Кымыздын, сүттүн пайдасы бар деп ойлойсуңбу? Эмне үчүн?

**36.** Текстти окуп, тапшырмаларды аткаргыла.

## Сүт

Сүт – бул алмаштыргыс тамак. Маалыматтарга караганда нечен кылымдардан бери якут, казак, кыргыз, кыпчак жана башка элдер жер которуп, көчүп жүрүшкөн. Алар сүттөн быштак, айран, курут, сүзмө, кымыз жана башка тамак-аштарды даярдашып, азыктанып келишкен. Сүт кичинекей наристеден тартып, чоң кишиге чейин алардын алмаштыргыс тамагы болгон.

Сүттөн даярдалган азык заттардын сиңимдүүлүгү 95–98%га жетет. Андай касиет башка тамак-ашта болбойт. Мисалы, тамак ичердин алдында же ичип жатканда, аз гана өлчөмдө сүт ичип койсо, тамак сиңирүүчү бездердин иштеши күчөйт.

**алмаштыргыс** – незаменимый
**наристе** – ребенок
**тамак сиңирүүчү без** – поджелудочная железа
**быштак** – творог
**сиңимдүү** – легкоусвояемый

**37.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла. Досторуңарга кандай сунуш берет элеңер?

| | |
|---|---|
| | … витаминдери бар. |
| | … жардам берет. |
| Сүт … | … көтөрөт. |
| | …. тамак. |

**38.** Сүрөттөгү тамак-аштын аталыштарын атагыла. Алар пайдалуубу же зыянбы? Эмне үчүн?




**39.** Таблицаны толтургула.

| Пайдалуу тамак | Эмне үчүн? | Зыяндуу тамак | Эмне үчүн? |
|---|---|---|---|
| … | … | … | … |

**40.** Окуучулардын ден соолугу чың болуш үчүн кандай тамактануу керек? Сунуштарыңарды жазгыла жана түшүндүрүп бергиле.

## 6-сабак

### Ден соолукка пайдалуу жана зыяндуу тамактар

**Грамматика:** Этиштин каалоо-тилек ыңгайы

**Лексика:** Лексика: кошулма, кубулуш, сасык тумоо, курам, таасир, бээ, суусундук, бой, көңүл, бал муздак, кабыл алуу, быштак, жөндөмү, аныкталган.

**Эсиңе тут!**

Кыймыл-аракеттин иштелиши, аткарылышы үчүн болгон тилекти билдирүү үчүн **каалоо-тилек ыңгайын** пайдаланабыз.

| | |
|---|---|
| Мен | бар+айын, бар+сам экен |
| Биз | кел+елик |
| Ал | бар+са экен |

**41.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

Ден соолукту ... . Мен айылга ... . Биз тоого ... . Алар жайлоого ... ... .

*Колдонуучу сөздөр:* сактайлык, барайын, кетелик, барышса экен.

**42.** Сагыздын кандай пайдасы жана зыяны бар?

### Сагыздын пайдасы жана зыяны

Сагыз адамдын акыл жөндөмүн өстүрүп, көңүлдү көтөрөт. Ар кандай дене тарбиялык оюндарда жөндөмдүүлүктү арттырат. Ошон үчүн хоккейисттер дайыма оюн алдында сагыз чайнашат. Ал эми сагыздын зыяны тууралуу айтсак, аны чайнап жатып иш кылган адамдын көңүлү алагды болуп, кабыл алуусу начарлайт.

**Эскертүү:** Сабак учурунда жана коомдук жайларда сагыз чайноо бул мугалимге да, жаныңдагы досторуңа жана айланадагы адамдарга жаман таасирин тийгизип, адепсиздиктин белгисин билдирет!

ӨҮН
**жөндөмү** – способность
**көңүл** – настроение
**алагды кыл...** – отвлекать
**кабыл алуу** – восприятие

**43.** Текстке таянып далилдерди жазгыла.

| Сагыздын пайдасы | Сагыздын зыяны |
|---|---|
| 1.<br>2.<br>3. | 1.<br>2.<br>3. |

**44.** Балмуздак жөнүндө эмне билесиңер? Кластер толтургула.

**45.** Балмуздак жөнүндө жаңы маалыматты белгилегиле. Жуптарда талкуулагыла.

### Балмуздак



Балмуздак жеген баарына жагат. Мурда балмуздакты падышалар гана жечү экен. Балмуздактын жасалышы эч кимге айтылчу эмес. Эң биринчи балмуздак кытай императору үчүн даярдалган. Ал балмуздак жемиштерден жасалган. Ал эми француздар пломбирди ойлоп табышкан. Азыркы учурда ар бир дүкөндө балмуздактын көптөгөн түрлөрү бар. Балмуздакты баары жакшы көрсө дагы, аны көп жебеш керек.

**балмуздак** – мороженое
**жасалышы** – приготовление
**падыша** – царь
**ойлоп табышкан** – придумали

Мурда балмуздакты кимдер жечү экен? Эң биринчи балмуздак ким үчүн даярдалыптыр? Ал эмнеден жасалыптыр? Пломбирди кимдер ойлоп тапкан? Силер балмуздакты жакшы көрөсүңөрбү?

**46.** Силердин класссташыңар зыяндуу тамакты көп жейт. Аларга кандай сунуштарды бересиңер?

**Үлгү:** *...-ны көп жебегиле, анткени (себеби) ... .*

## 7-сабак

### Таза жүрсөң, ден соолукта болосуң

**Грамматика:** Этиштин шарттуу ыңгайы
**Лексика:** адат, кир, конок, анык, жуулбаган, көбөйүүчү.


**Эсиңе тут!**

| | |
|---|---|
| **Шарттуу ыңгайды -са** мүчөсү уюштурат. | Күн жаа+**са**, биз барбай калабыз. Алар кечик+**се**, мен барбайм.<br>Жакшы оку+**саңар**, тартиптүү боло+**суңар**, көп ийгиликтерге жете+ **синер**.<br>Ал кел+**се**, мен барбайм.<br>Жаман колго түш+**сө**, кор болот. |

Кыймыл-аракеттин аткарылышы же аткарылбай калышы үчүн тиешелүү шарттын болушун көрсөтүү үчүн **шарттуу ыңгайды** пайдаланабыз.

Мисалы: барса, келсе, окуса, жазса, көрсө, ойносо, ж. б.

**47.** Кунт коюп карап, сүрөттөрдү ирети менен жайгаштыргыла. Бул кайсы каармандар? Алар жөнүндө эмне билесиңер? Кыскача аңгеме түзгүлө.



**48.** Ырды угуп, эмне жөнүндө экенин айтып бергиле.

Эртең менен тишиңди
Тазаласаң – сулуулук.
Уктаарыңда жуусаң –
Ошол анык ден соолук.

**анык** – настоящий

**49.** Тишти кантип туура жууш керек? Сүрөттү пайдаланып айтып бергиле.



**50.** Ырды окугула. Кантип туура тамактануу керек?

Тамактануу адеби
Убагында тамак ич,
Ачка жүргөн жарабайт.
Өзүнө кам көрбөгөн,
Өзгөлөрдү карабайт.

Тамагыңды шашпай же,
Коногуңдан катпай же.
Коюнуңа куюлтуп,
Кийимиңе чачпай же.

Тандабай ич тамакты,
Ташта жаман адатты.
Калжаң-кулжаң көп сүйлөп,
Калдыратпа табакты.


*Г. Казыбаева*

**өзүнө кам көрбөгөн** – не заботиться о себе
**адат** – привычка
**өзгөлөр** – другие
**конок** – гость

**51.** Суроолорго жооп бергиле.

Тамактануу адеби эмнеден башталат?
Тамакты кантип туура ичүү керек?
Тамактанып жатканда сүйлөөгө болобу?

**52.** Микроб жөнүндө эмне билесиңер? Алар кандай болот, эмнеден көбөйөт? Жуптарда сүйлөшкүлө.



1. Микроб – бул ...
2. Микроб ..., ..., ... болот.
3. Микробдор ... көбөйөт.
4. Микроб зыяндуу, анткени ...
5. Микроб пайдалуу, себеби ...

**53.** Микробдор жөнүндө жомок менен таанышкыла. Бул жомоктун мааниси эмнеде?

Бир жерде микробдор жашаптыр. Баарынан алар кирди жакшы көрчү экен. Канчалык кир болсо, ошончолук алар көбөйүшчү. Бир жолу Вася деген бала өзүнүн артынан жуулбаган тарелкаларды, чыныларды жана кашыктарды калтырып коёт. Столдун үстүндө нандын күкүмдөрү, тамактын калдыктары да калат. Ошол эле замат чымындар учуп келип, идиш-аякка, нанга конушат. Бала аларды көрүп, кубалайт. Чымындар учуп кетет, ал эми микробдор жана бактериялар тарелкаларда, кашыктарда жана нанда калышып, өздөрүнчө: «Дүйнөдө тазалыкты жакшы көрбөгөн адамдар жана чымындар бар экендиги кандай жакшы!» – деп ойлонушат.

**кир** – грязь
**жуулбаган** – немытый
**кубалайт** – прогонять
**көбөйүшчү** – увеличивались
**тамактын калдыгы** – остатки еды

Силер кандай ойлойсуңар, чын эле чымындар микробдорду, бактерияларды, ооруларды ташыйбы? Аларды жеңүүгө бизге эмне жардам берет?

**54.** Өздүк гигиенанын эрежелери менен таанышып, толуктагыла.

1. Эртең менен дайыма бир убакытта туруу керек.
2. Тамактануунун алдында, көчөдөн келген сайын колуңарды жуугула.
3. Тишти 3 мүнөттөн кем эмес эртең менен кечинде жууш керек.
4. Жаныңарда дайыма кол аарчы же салфеткалар болушу керек.

5. Тамактануу учурунда өзүңөрдүн идиш-аягыңарды пайдалангыла.

6. Өзүңөрдүн кийимиңердин, бут кийимдин тазалыгын көзөмөлдөгүлө. Кийим аба ырайына дал келиш керек.

7. Класста, үйдө тазалыкты сактаганга жардамдашкыла.

**55.** Ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула.

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... | ...<br>...<br>... |

## 8-сабак

# Өзүңөрдү текшергиле

## Ден соолук. Спорт

**1.** Анкетанын суроолоруна жооп жазгыла.

**Анкета**

1. Сен кайсы класста окуйсуң?
2. Канча жаштасың?
3. Спорттун кайсы түрлөрүнө кызыгасың?
4. Силердин мектепте кандай спорттук секциялар бар?
5. Сен аларга катышасыңбы?

**2.** Сүйлөмдөрдү толуктап жазгыла.

1) Футбол ... бери келаткан спорт оюндарынын бири болуп саналат.
2) Бадминтон оюну ... пайда болгону айтылат.
3) Теннистин мекени деп ... айтууга болот.
4) Грек тилинен которгондо «тенни» ... деген маанини түшүндүрөт.
5) Шахмат оюну ... пайда болгон.
6) Бул оюнда негизги фигура – ... болот.

*Колдонуучу сөздөр:* байыркы замандан, Жапонияда, байыркы Грецияны, «тос!», Индияда, падыша

**3.** Витаминдер жөнүндө эмне билесиңер? Кластер толтургула.

**4.** Кайсы жер-жемиштерде, жашылчаларда витаминдер көп? Аталыштарын атагыла.

**5.** Ден соолукка пайдалуу жана зыяндуу тамактардын аталыштарын жазгыла.

| Пайдалуу тамак-аш | Зыяндуу тамак-аш |
|---|---|
| ... | ... |

**6.** Бир күнгө бүткүл үй-бүлө үчүн пайдалуу болгондой меню түзгүлө.

| Эртең мененки тамак | Түшкү тамак | Кечки тамак |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |

**7.** Кантип туура тамактануу керек? Текстти окуп, досуңарга берген сунуштарды жазгыла.

## Күн тартиби боюнча тамактануу

Эртең менен эрте турганда муздак суу ичүү пайдалуу. Анан 1–2 сааттан кийин жеңил тамактануу жакшы. Ал эми оор тамакты түшкү убакта жесе, мисалы, 11:00–14:00 ортосунда жесе, тамак жакшы сиңет. Бирок адам бир күндө 450 грамм тамак жесе жакшы жүрөт, ооруга да кабылбайт. Кечкисин болсо 18:00–19:00гө чейин тамак жегени тартипке ылайык. Андан кийин желген тамак аш болбойт. Түндүн бир оокумуна чейин уктабаса дагы ал оңой сиңбейт.

ӨҮҢ **сиңет** – переваривается

# СООДА-САТЫК

## 1-сабак

### Азык-түлүк дүкөнү

**Грамматика:** Сүйлөмдүн аныктоочу. Кайсы дүкөн? Кандай дүкөн?
**Лексика:** текче, алыскы дүкөн, жакынкы дүкөн, сонун дүкөн, азык-түлүк, айыл чарба буюмдары.

**Эсиңе тут!**

| Кайсы дүкөн? | Кандай дүкөн? |
|---|---|
| «Айчүрөк» дүр-дүйнө дүкөнү | жакшы дүкөн |
| «Боорсок» дүкөнү | кооз дүкөн |
| «Фрунзе» дүкөнү | чоң дүкөн |
| «Миң түркүн» дүкөнү | эски дүкөн |
| айыл чарба дүкөнү | жаңы дүкөн |
| алыскы дүкөн | кичинекей дүкөн |
| жакынкы дүкөн | сонун дүкөн |
| И. Ахунбаев көчөсүндөгү дүкөн | кымбат дүкөн |

**алыскы** – далекий
**айыл чарба** – сельскохозяйственный
**жакынкы** – ближний
**сонун** – прекрасный, хороший

**1.** Үлгү боюнча кичи топто чынжырча менен сүйлөшкүлө.

– Сен дүкөндөн эмне сатып алдың?
– Мен дүкөндөн … сатып алдым. Сен дүкөндөн эмне сатып алдың?
– Мен дүкөндөн … сатып алдым. А сенчи?

**2.** Башка топтогу окуучулардын сүйлөшкөнүн уккула, жуптарда укканыңарды айтып бергиле.

– Ким кайсы дүкөнгө барды?
… … дүкөнгө барды.
Ал дүкөн кандай дүкөн?
Ал дүкөн … дүкөн.
… эмне сатып алыптыр?
– … … сатып алды.

**3.** Топтогу окуучулар айткан товарларды туура бөлүштүргүлө.

товарлар

азык-түлүк

кийим-кече

үй эмеректери

турмуш-тиричилик буюмдары

**4.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү талдагыла. Жыйынтык чыгаргыла. Качан, кайсы деген суроо берилет? Качан, кандай деп сурайт?

– Сен **кайсы** дүкөнгө көп барасың?
– Мен азык-түлүк дүкөнүнө көп барам.
– Дүкөндө **кайсы** бөлүмдөр бар?
– Дүкөндө бакалея бөлүмү, суусундуктар бөлүмү, кондитер азыктары бөлүмү бар.
– Дүкөндүн текчелери **кандай**?
– Дүкөндүн текчелери азык-түлүккө толтура.
– Дүкөндүн ичи **кандай**?
– Дүкөндүн ичи таза жана иреттүү.
– Дүкөндө сатуучу кардарларга **кандай** мамиле кылат?
– Дүкөндө сатуучу кардарларга сылык мамиле кылат?

**текче** – полка  **азык-түлүк** – продовольственный

**5.** Сүрөттөргө тиешелүү сүйлөмдөрдү тапкыла.






Бул айыл. Айылдын жашоочулары. Азык-түлүк дүкөнү айылдын ортосунда жайгашкан. Дүкөнгө машине менен азык-түлүк алып келет. Дүкөндүн ичи таза жана кенен, текчелеринде товарлар толтура.

**6.** Кайсы бөлүмдөн эмне сатып алса болот?

Апам нан бөлүмүнөн ... сатып алды. Ангелина эт бөлүмүнөн ... сатып алды. Чоң энем жашылча бөлүмүнөн ... сатып алды. Мен таттуулар бөлүмүнөн ... сатып ... . Иним бакалея бөлүмүнөн ... сат... ... . Сен ... бөлүмүнөн каймак менен ... сатып ... .

## 2-сабак

### Азык-түлүк дүкөнү

**Грамматика:** Сүйлөмдүн аныктоочу. Кайсы дүкөн? Кандай дүкөн?

**Лексика:** ортосунда, ичи, текче, толтура, күрүч, өсүмдүк майы, чай, момпосуй, бал, тынбай, соода кыл-, азык-түлүк, кызыйт, көбөйөт, сылык мамиле.

**7.** Текст эмне жөнүндө деп ойлойсуңар? Эмне үчүн?



**8.** Текстти окугула. Азык-түлүк дүкөнү кандай?

### Азык-түлүк дүкөнү

I

Азык-түлүк дүкөнү айылдын ортосунда жайгашкан. Дүкөндүн ичи таза, кенен, текчелеринде товарлар толтура. Дүкөндө бир тууган ага-инилер Кадыр менен Иса иштейт. Алар элге керектүү ар түрдүү азык-түлүктөрдү сатышат. Айылдын жашоочулары кант, туз, күрүч, өсүмдүк майы, чай, момпосуй, бал сыяктуу азык-түлүк товарларды талап кылышат. Муну ага-инилер шаардан тынбай алып келип турушат.

*1-тыным*

Дүкөндө азык-түлүктүн кайсы түрлөрү сатылат? Кадыр менен Иса элге кайсы товарлар керек экенин кайдан билишет?

II

Кадыр эртең менен эрте келип, дүкөндү ачат. Ал түшкө чейин өзү соода кылат. Иса машинеси менен жаңы азык-түлүк алып келет. Ал товарды түшүрүп бүтүп, агасына соода кылууга жардам берет. Себеби түш убагында соода кызыйт, дүкөнгө келген элдин саны көбөйөт. Дүкөндөн азык-түлүк сатып алчулардын аягы үзүлбөйт. Ага-ини кечки саат жетиге чейин иштешет. Кадыр менен Иса дүкөнгө келген адамдарга сылык мамиле кылышат.

*2-тыным*

Дүкөн кандай? Кадыр менен Иса кандай соода кылышат? Алардын иши оорбу? Алар кайсы дүкөндө иштешет, дүкөнгө ат койгула.

**9.** Текст боюнча беш суроо жазып, бири-бириңерге кайрылгыла. Суроолорго жооп бергиле.

**10.** Силер ата-энеңер менен дүкөнгө бардыңар. Дүкөндөн бир буюмду / буюмдарды сатып алдыңар. Төмөнкү кеп үлгүгө таянып, СМС билдирүү жазгыла:

… менен … дүкөнүнө бардык. Биз дүкөндөн … сатып алдык. Ал … сом турат. Мага … жакты. …

**11.** Маселени чыгаргыла.

Дүкөндө нан 25 сом турат. Батон андан он сомго кымбатыраак. Кымбатыраак деген эмне? Батон канча турат? Батон менен нан канча турат?

**12.** Силер жашаган жерде кандай дүкөндөр бар? Анда эмнелер сатылат? Дүкөндү сүрөттөп бергиле.

**13.** Теманын аягында ар бириңер таблицаны өз алдыңарча толтургула.

| Тема боюнча эмнелерди билдим? | Тема боюнча эмнелерди аткара алам? | Мага эмне түшүнүксүз болду? |
|---|---|---|
| …<br>…<br>… | …<br>…<br>… | …<br>…<br>… |

## 3-сабак

### Сатуучунун кесиби кандай?

**Грамматика:** Сүйлөмдүн баяндоочу. Атоочтук баяндооч

**Лексика:** кандай кесип, кесип кандай, кандай дүкөн, дүкөн кандай, тажрыйбасы бар, тажрыйбасы жок, ири дүң соода, тейлөө кызматы, соода кыл-, көпөс, акча, алмаш-, товар тандоо, жылуу мамиле, өйдө, төмөн, жогору, жогоруда, алыста, жакында, ыраак, жакын. тажрыйба, жоопкер, тараза, милдет, жагдай, тейлөө, ийкемдүү, жагымдуу, ири дүң.

**Эсиңе тут!**

| Кандай кесип? | Сатуучунун кесиби кандай? |
|---|---|
| **Кызыктуу** кесип | Сатуучунун кесиби кызыктуу. |
| **Пайдалуу** кесип | Сатуучунун кесиби пайдалуу. |
| **Керектүү** кесип | Сатуучунун кесиби керектүү. |
| **Жооптуу** кесип | Сатуучунун кесиби жооптуу. |

| Бул кандай дүкөн? | Бул дүкөн кандай? |
|---|---|
| Бул **кооз** дүкөн | Бул дүкөн **кооз.** |
| Бул **чоң** дүкөн | Бул дүкөн **чоң.** |
| Тиги **эски** дүкөн | Тиги дүкөн **эски.** |
| Мына **жаңы** дүкөн | Ал эми бул дүкөн **жаңы.** |
| Айылда **кичинекей** дүкөн бар. | Айылдагы дүкөн **кичинекей.** |
| **Бул ким?** | **Дүкөнчү ким?** |
| Бул дүкөнчү. | Дүкөнчү – Айсулуу эже. |
| | Айсулуу эже – ким? |
| | Айсулуу эже – дүкөнчү. |

Атооч сөздөрдөн болгон **баяндооч атоочтук баяндооч** деп аталат.

**14.** Тексттин киришүү бөлүгүн окугула. Текст кандай уланышы мүмкүн? Ой бөлүшүп, улантkыла.

Биз баарыбыз дүкөндөргө товар сатып алууга барабыз. Ал эми дүкөндөрдө товар тандоого жардам берген жана жылуу мамиле кылган адамдар бизди тосуп алышат. ...

**15.** Текстти тыным менен окугула. Өз божомолуңар менен салыштыргыла. Текстке ат койгула.

I

Адамдар байыркы замандан бери эле соода кылышат. Алгач адамдар товарды жөн гана алмашышкан. Андан кийин адамдар акчаны ойлоп табышкан, себеби акча соода-сатыкты жөнөкөйлөткөн. Сатуучудан мурда көпөс болгон. Көпөстөр бүт жер жүзүн кыдырышып, сатып алып жана ошол эле учурда сатып да, товар алмашып да жүрүшкөн. Калк көбөйгөн сайын дүкөндөр да көбөйө баштаган, анан чоң дүкөндөр ачылып, сатуучу деген жаңы кесип пайда болгон.

Сатуучу сылык, жоопкер, чыдамкай болуп, сабаттуу сүйлөш керек. Сатуу – бул жөнөкөй да, татаал да нерсе. Сатуучу адамдардын психологиясын жакшы билсе, анда товарды ийгиликтүү сатат.

**көпөс** – купец
**жоопкер** – ответственный
**чыдамкай** – терпеливый

*1-тыным*

Төмөнкү суроолорго жуптарда кеңешип, жооп бергиле.

Сатуучу кесиби качан пайда болгон? Адамдар акчасыз жашай алабы? Кантип?

II

Азыркы мезгилде сатуучу кесиби көп адистиктерге ээ. Чакан дүкөндөрдө универсал-сатуучулар иштешет. Алар бир эле учурда кардарларга товар тандоого кеңеш беришет, таразаланып сатыла турган товарды өлчөп-ченеп, таразага тартат, баштыкчаларга салып берет, кассадан акча алып өткөрөт. Ал эми ири дүкөндөрдө жана супермаркеттерде сатуучулардын милдеттери бөлүнгөн – кардарларга сатып алууга жардам берген кеңешчи-сатуучу, кассадан акча алып өткөргөн кассир-сатуучу.

**тараза** – весы　　　**милдет** – обязанность

*2-тыным*

Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

Сатуучунун кесиби кандай? Сатуучунун кандай адистиктери бар? Сатуучу болгуң келеби? Эмне үчүн?

III

Бул кесиптин жакшы жагы – тажрыйбасы жок туруп иштей берсе болот, ийкемдүү график боюнча иштесе да болот. Жаштар, айрыкча студенттер үчүн бул жагымдуу жагдай. Бул кесиптин начар жагы – сатуучу күн бою басып-туруп иштейт.

Сатуу боюнча менеджер деп аталган адистерди да сатуучу десе болот. Бул адистер ири дүң соода кылышат, түрдүү тейлөө кызматтарын аткарышат.

«Сатуучу» деген кесип – эмгектенип баштагандар үчүн жакшы мүмкүнчүлүк. Бул кесип – бардык адамдарга бардык иште керек боло турган сапаттарга үйрөнүү үчүн эң сонун мектеп.

*Лев Поясникин*

**тажрыйба** – опыт
**ийкемдүү** – подвижный
**жагымдуу** – приятный
**жагдай** – условие, ситуация
**ири дүң** – крупным оптом
**тейлөө** – обслуживание

*3-тыным*

Төмөнкү суроого жооп бергиле.

Сатуучулук кесиптин жакшы жана начар жактары кандай?

**16.** Кичи топтордо талкуулагыла.

Башка иште керек боло турган кайсы сапаттарга соодада үйрөнсө болот?

- Ушул суроо боюнча сатуучудан интервью алгыла.
- Ушул суроо боюнча кардардан интервью алгыла.

**17.** Дүкөнгө сатуучуну ишке алуу үчүн кулактандыруу жазгыла.

**Кулактандырууда төмөнкү маалыматтар камтылсын:**

1) Тажрыйбасы (бар /жок)
2) Иш графиги (ийкемдүү / туруктуу)
3) Кайсы дүкөн (аталышы, дареги)
4) Кандай дүкөн?
5) Кайсы адистик (консультант / кассир / универсал)

**18.** Өзүңөр жашаган жердеги дүкөндө кандай товарлар сатылганы жөнүндө жаңылыктарды даярдап, кичи топто айтып бергиле.

**Төмөнкү үлгү боюнча жазып даярдасаңар болот:**

Биздин көчөдө майда дүң соода дүкөн бар. Анда майрамга карата товарлар арзандатылды. ...

**19.** Кичи топтордогу окуучулар даярдаган жаңылыктарды баалагыла.

| Окуучунун аты | Ал кайсы товарлар жөнүндө жаңылыктарды жазган? | Ал жаңылык жакты / жаккан жок. Эмне үчүн? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |

## 4-сабак

# Өзүңөрдү текшергиле

## Соода-сатык

**1.** Төмөнкү сөздөрдү котормосу менен туура туташтыргыла.

| | |
|---|---|
| жөнөкөйлөт- | сначала |
| көпөс | издревле |
| сабаттуу | торговля |
| алмаш- | торговать |
| адистик | население |
| байыркы замандан бери | обменивать |
| алгач | специальность |
| соода кыл- | терпеливый |
| соода-сатык | упростить |
| чыдамкай | купец |
| калк | грамотный, грамотно |

**2.** Сүйлөмдөрдүн туура же ката экенин аныктагыла. ✓ – туура, X – ката.

| | туура | ката |
|---|---|---|
| Адамдар байыркы замандан бери эле соода кылышкан. | | |
| Адамдар байыркы замандан бери эле акча менен соода кылышкан. | | |
| Дүкөндөр көп ачыла баштаганда көпөстөр пайда болгон. | | |
| Дүкөндөр көп ачылып баштаганда сатуучулар пайда болгон. | | |
| Сатуучу сылык, жоопкер, чыдамкай болот. | | |
| Супермаркеттерде универсал-сатуучулар иштешет. | | |
| Универсал-сатуучулар товарды таңгактап салып берет. | | |
| Башка иште керек боло турган сапаттарга соодада үйрөнсө болот. | | |

**3.** Макалдардын маанисин кандай түшүнөсүңөр?

Соодада достук жок.
Соодагерде акча болбосо, суудa балык болбойт.

**4.** Суроолорго жооп бергиле.

Сатуучунун кесиби кандай?
Сатуучунун кандай адистиктери бар?
Сатуучунун кесиби жеңилби же оорбу? Эмне үчүн?
Силер жашаган жерде кандай дүкөндөр бар?
Анда эмнелер сатылат?
Сага дүкөнгө барган жагабы? Эмне үчүн?

**5.** «Эң мыкты иштеген дүкөн» деген темада 7–9 сүйлөмдөн турган текст түзгүлө. Текст түзүүдө төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

Эң мыкты дүкөн деп кандай дүкөндү айтса болот?
Дүкөндө товарлардын сапатын кантип билсе болот?
Дүкөндөгү товарларды аларда текшерип алыш керекпи?
Алган товардын сапаты жакпаса, кайра дүкөнгө алып келсе болобу?
Сатуучу адамдарга кандай мамиле кылыш керек?

# IV ЧЕЙРЕК

## 1-сабак

### Соодагер

**Грамматика:** Сүйлөмдүн ээси

**Лексика:** кедей, шылтоо, кырсык, соодагеркайсы көпөс – твердик көпөс; сактап кой-, катып кой-, сапардан кайтып кел-, мамиле, эки эсе төлө-, түшүнөт.

**Эсиңе тут!**

| | |
|---|---|
| **Ким** товарын калтырып кетет? | Бир **кедей** товарларын калтырып кетет. |
| **Ким** анын товарын сактап коймок болот? | **Көпөс** анын товарын сактап коймок болот. |
| **Ким** сапардан кайтып келет? | **Кедей көпөс** сапардан кайтып келет. |
| **Ким** бай көпөстөн товарларын сурайт? | **Кедей көпөс** бай көпөстөн товарларын сурайт. |

**Сүйлөмдүн ээси** сүйлөмдөгү негизи ойду билдирет. Сүйлөмдө ким? эмне? кимдер? эмнелер? деген суроолорго жооп берет. Ээнин ар түрдүү белгиси **баяндооч** аркылуу берилет.

**1.** Топтордо талкуулагыла.

– Силер «көпөс» деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?
– Көпөстөрдү кайдан жолуктурса болот?
– Азыркы мезгилде көпөстөр барбы?

**2.** Сүрөттөрдү карап, эмне жөнүндө экендигин айтып бергиле.



Лев Толстойдун «Эки көпөс» тамсилинен



Тверь шаарындагы көпөс Афанасий Никитиндин эстелиги

**3.** Текстти тыным менен окугула. Көпөстөрдү кандай адамдар деп ойлойсуңар?

## Эки көпөс

I

Бир кедей көпөс алыска кетип жатып, сатып жаткан темир товарларын бай көпөскө калтырып кетет. Бай көпөс анын темир товарларын сактап коймок болот. Кедей көпөс сапардан кайтып келет. Бай көпөстөн товарларын сурайт.

Бай көпөс болсо анын товарларын сатып жиберген экен, жок шылтоо таап, мындай дейт:

– Кырсык болуп, сенин темириң жок болду.

– А эмне болду?

– Мен сенин товарларыңды эгин сактаган кампага катып сактап койгом. Ал жерде чычкандар аябай көп толуп кетиптир. Алар темирдин баарын жеп бүтүрүптүр. Өз көзүм менен көрдүм. Ишенбесең – барып кара.

**кедей** – бедный, бедняк **шылтоо** – отговорка **чычкан** – мышь

*1-тыным*

Кедей көпөс эмне үчүн бай көпөскө товарын калтырып кетти? Бай көпөс товарды эмне кылыптыр? Кедей көпөс эми эмне кылат?

II

Кедей көпөс талашып-тартышкан жок. Ал:

– Барып караганда эмне? Ишенем. Чычкандар дайыма темир кемиришет, мен билем. Кош,– деп басып кетет.

Ошентип, кедей көпөс жолго түшөт. Көчөдө бай көпөстүн баласы ойноп жүргөнүн көрөт. Кедей көпөс баланы эркелетип, колуна алып, үйүнө көтөрүп кетет.

Эртеси күнү бай көпөс кедей көпөскө жолугуп, баласы жоголгонун айтат:

– Кырсык болуп, менин балам жоголду. Сен көргөн жоксуңбу, уккан жоксуңбу?

Анда кедей көпөс айтат:

– Ананчы, көрбөй эмне, көрдүм. Кечээ сенин үйүңдөн чыгып баратып өз көзүм менен көрдүм. Карчыга куш учуп келип, балаңды ойноп жаткан жеринен көтөрүп кетти.

**кырсык** – беда

*2-тыным*

Кедей көпөс байдын баласын эмне үчүн көтөрүп кетип калды? Бай көпөс эми эмне кылат?

III

Бай көпөс ачуусу келип:

– Куш баланы алып кете алмак беле? Ушул айтканың уят ко! – дейт.

– Чычкандар жүз пуд темирди жесе, куш деле баланы көтөрүп кетет. Эмнеге таң каласың?

Ошондо бай көпөс түшүнөт:

– Чычкандар сенин темириңди жеген жок, мен темирди сатып жибергем. Эки эсе төлөп берем.

– Андай болсо, куш да баланы көтөрүп кеткен жок, мен алып кеткем. Балаңды берем,– дейт кедей көпөс.

*Л. Н. Толстой*

*3-тыным*

Эки көпөс мындан ары бири-бирине кандай мамиле кылышат? Кедей көпөс бай көпөстүн баласын алып кеткени туурабы? Эмне үчүн?

**4.** Тапшырмаларды аткаргыла.

**1)** 23-көнүгүүдөгү сүрөттө тамсилдин кайсы эпизоду көрсөтүлгөн? Эмне үчүн?

**2)** Автор бул тамсилде эмне жөнүндө айткан? Авторду силер кандай адам деп элестетесиңер? Жуптарда бири-бириңерге айтып бергиле. Чогуу түзүп, текстиңерди класска окуп бергиле.

**3)** Тамсил боюнча жеке таасирленүүңөр жөнүндө оозеки айтып бергиле. Тамсил жактыбы же жаккан жокпу? Эмне үчүн?

**5.** Тверь шаарында эмне үчүн Афанасий Никитин деген көпөскө эстелик тургузулган? Ал жөнүндө маалымат таап келгиле. Азыркы учурда кайсы соодагерге же кайсы соода борборуна жана эмне үчүн эстелик тургузса болот? Силер кандай ойлойсуңар?

## 2-сабак

## Соода кылуу

**Грамматика:** Сүйлөмдүн баяндоочу

**Лексика:** ашкана, дүкөн, дарыкана, соода кыл-; сатып ал-, таттуу токоч, жөтөл, аары, дары-дармек, арзан, шериктештик, аймак, өнөктөш, өз ара соода.

**Эсиңе тут!**

| **Ким?** | **Эмне?** | **Эмне кылат?** |
|---|---|---|
| Балдар | азык-түлүк | сатып алат. |

| | | |
|---|---|---|
| Окуучулар | чай, тамак | сатып алат. |
| Адамдар | кийим | сатып алат. |
| Ооругандар | дары-дармек | сатып алат. |


**6.** Силердин классташтарыңар керектүү буюмдарды кайдан сатып алышат? Алар кайсы товарларды көбүрөөк алышат? Эмне үчүн? Аларга сунуштарды бергиле.

**7.** Кыздар кандай соода кылышты? Суроолорго жооп бергиле.

Наташа менен Мээрим дүкөнгө барышты. Дүкөндөн ар кандай азык-түлүк сатып алса болот. Наташа ар бири 35 сомдон 2 шоколад, 24 сомго бир бөтөлкө суусундук лимонад, 10 сомго бир бутерброд сатып алды. Наташа канча сомго соода кылды? Мээрим 92 сомго 4 пачка сагыз сатып алды. Бир пачка сагыз канча турат? Мээрим сатуучуга 100 сомдук купюра берди. Ага сатуучу канча сом кайрып берет?

**8.** Окуучулардын изилдөөсүн талдагыла. Суроолорго жооп бергиле.

Мектептин ашканасы дүйшөмбүдөн жумага чейин иштейт. Мектептин ашканасынан нандын, тамактын түрлөрүн сатып алса болот. Окуучулар нандын бир түрүнүн кандай сатылганын билүүгө тапшырма алышты. Мектеп ашканасынан сатып алынган таттуу токочтордун саны графикте көрсөтүлгөн.




– Дүйшөмбүдө канча таттуу токоч сатылган?

– Бир жумада мектеп ашканасы канча таттуу токоч саткан?

– Ар бир таттуу токочтон 6 сом калса, анда мектеп ашканасы бир жумада канча киреше көрөт?

## 3-сабак

### Соода кылуу

**Грамматика:** Сүйлөмдүн толуктоочу

**Лексика:** жөтөлүп жүрдүм, жөтөл, дары-дармек, дарыкана, кезек, кошумча акы төлө-, арзан дарылар, жеткиликтүү.

| Эмне сатып алса болот? | Эмнени сатып алса болот? |
|---|---|
| азык-түлүк сатып алса болот | ар түрдүү азык-түлүк**тү** сатып алса болот |
| чай, тамак сатып алса болот | көк чай**ды**, тамак**ты** сатып алса болот |
| кийим сатып алса болот | жаңы кийим**ди** сатып алса болот |
| дары-дармек сатып алса болот | керектүү дары-дармек**ти** сатып алса болот |

**Сүйлөмдүн толуктоочу** кыймыл-аракет багытталган затты билдирет.

**9.** Сүйлөмдөрдүн айырмасын таап, айтып бергиле.

Мектептин ашканасынан таттуу токоч сатып алса болот. Мектептин ашканасынан таттуу токочту дүйшөмбүдөн жумага чейин сатып алса болот.

Мен таттуу токоч сатып алам. Мен жаңы таттуу токоч сатып алам.

Мен чай ичем. Мен таттуу токоч менен чай ичем.

Дүкөндөн ар кандай азык-түлүк сатып алса болот. Дүкөндөн ар кандай азык-түлүктү дайыма сатып алса болот.

Дарыканадан керектүү дары-дармек сатып алса болот. Дарыканадан керектүү дары-дармекти күнү-түнү сатып алса болот.

**ашканадан** – в столовой
**дүкөндөн** – в магазине

**10.** Сүрөттөгү дары-дармектер жөнүндө эмнелерди билесиңер?




Сироп



Май




Жөтөлгө каршы таблеткалар

**11.** Төмөнкү сөздөрдү катыштырып, чакан текст түзгүлө. Текстиңерди жаныңардагы классташыңарга окуп бергиле.

Жөтөлүп жүрдүм, жөтөл, дары-дармек, дарыкана, кезекке турдум, кошумча акы төлөп, сатып алдым.

**12.** Өзүңөр түзгөн текст менен салыштыргыла. Силер түзгөн текст менен окуган тексттин эмнеси дал келди, эмнеси дал келген жок?

## Дарыканада

Мен кышында жөтөлүп жүрдүм. Жөтөлгө каршы дары-дармек сатып алууга дарыканага бардым. Дарыканага кирсем, эл көп. Мендей болуп суук тийип, жөтөлүп, ооругандар кезекте турушкан экен. Алар ар кандай дары-дармек сурап сатып алып жатышат. Мен да өз кезегим келгенде провизор менен сүйлөшө баштадым.

– Жөтөлгө каршы кайсы дарыларды ичсем болот?

– АЦЦ, бромгексин, амброксол...

– Мукалтин барбы? Канча сом турат?

– 8 сом.

– Жакшы. Дагы термопсис чөбүнөн жасалган жөтөлдүн таблеткасы керек. Ал канча турат?

– 10 сом турат.

– Мага суюк сироп дары пертуссин микстурасын бериңиз.

– Ал 19 сом 50 тыйын турат. Прополис майы бар. Ал аарынын желиминен жасалат. 22 сом турат.

– Эң жакшы экен. Мен сиропту алам.

– Макул. Мына. Эми санайын. 10 таблеткадан 1 байлам мукалтин 8 сом болду. Термопсис 10 таблеткасы 1 байлам (пачка) 10 сом болду. Пертуссин кичине бөтөлкөсү = 19,50 сом;

– Баары канча болду?

– 37,50.

– Бул дарылардын баасыбы же температурабы?!!

– 37 сом 50 тыйын.

– Ракмат.

Бул сөзүбүздү угуп тургандар кызыгып угушту. Мен сатып алган дарылар мынчалык арзан экенин көрүп турган аял:

– Булар жөтөлдү дарылайбы? Алардын аталыштарын жазып алайын. Эмне үчүн арзан? – деди.

– Бул дарылар ар дайым арзан турат! – деп жооп бердим.

– Эмне үчүн булар дарыкананын текчелеринде жок?

– Фармацевтикалык компаниялар арзан дарылар үчүн провизорго кошумча акы төлөбөйт да.

**жөтөл** – кашель
**аары** – пчела
**дары-дармек** – лекарство
**арзан** – дешевый

**13.** Топтордо кеңешип, суроолорго жооп бергиле.

1) Провизор ким?

2) Дарылардын баасы арзан болсо, дарылар адамдарга жеткиликтүү болот. Дарылар көп адамдарга жеткиликтүү болсо жакшыбы? Эмне үчүн?

3) Силер жашаган жерде дарыкана барбы? Дарыканадан силер эмнелерди сатып аласыңар?

**14.** Классташыңдын сабактагы ишин баалаш үчүн 1 сүйлөмдү тандап айт.

Сен азаматсың.
Сен сабакта мыкты иштедиң.
Сен мындан дагы жакшы иштесең болмок.

## 4-сабак

# Өзүңөрдү текшергиле

### Соода-сатык

**1.** Суроолорго жоопторду жазгыла.

– Сен **кайсы** дүкөнгө көп барасың?
– ...
– Дүкөндө **кайсы** бөлүмдөр бар?
– ...
– Дүкөндүн текчелеринде **кайсы** товарлар көп?
– ...
– Дүкөндүн ичи **кандай**?
– ...
– Дүкөндө сатуучу кардарларга **кандай** мамиле кылат?
– ...
– Сен дүкөндө иштегиң келеби? Эмне үчүн?
– ...

**2.** Сөздөрдүн котормосун жебе менен тапкыла.

| | |
|---|---|
| азык-түлүк | купить |
| көпөс | продовольствие |
| калк | торговля |
| алмаш- | торговать |
| адистик | население |
| сатып ал- | обменивать |
| соода борбору | специальность |
| соода кыл- | терпеливый |
| соода-сатык | торговый центр |
| чыдамкай | купец |

**3.** Сөздөрдөн «Дүкөн кайда жайгашкан?» деген суроого жоопторду жазгыла.

Дүкөн, жайгашкан, алыста; Жогоруда, дүкөн, жайгашкан. Жайгашкан, дүкөн, ыраак, үйүнөн, досумдун; Дүкөн, жайгашкан, биздин, жакын, үйгө; Айылда, жайгашкан, дүкөн, ылдыйда. Алар, жок, дүкөнгө, жанында, алардын, дүкөн, үйүнүн, барышат, алыс, шаарга;

**4.** Кайдан эмне сатып алса болот?

| | |
|---|---|
| дарыканадан | желим |
| азык-түлүк дүкөнүнөн | тамак |
| белектер дүкөнүнөн | жомок китеп |
| китеп дүкөндөн | сабиз |
| ашканадан | дары-дармек |
| кеңсе буюмдары дүкөнүнөн | диван |
| эмерек дүкөнүнөн | сүт |
| жашылча дүкөнүнөн | гүл |

**5.** «Соодада достук жок» деген макалды кандай түшүнөсүңөр?

**6.** Биздин мамлекеттин тышкы соодасы жөнүндө кызыктуу маалымат окугула. Үлгүгө таянып, суроого жазуу түрүндө жооп бергиле

**Үлгү:** *Ар бир мамлекеттин тышкы соодасы болуш керек, анткени ... .*
*Ар бир мамлекеттин ички соодасы болуш керек, анткени ... .*

Эмне үчүн ар бир мамлекеттин ички жана тышкы соодасы болуш керек?

Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги аймагында өз ара сооданын көлөмү 134 млрд долларга жеткен. Кыргызстандын негизги соода өнөктөштөрү – Россия, Казакстан жана Кытай. Кыргызстанда тышкы сооданын 35%га жакыны Россияга, 20%дан жакыны Казакстан жана 15%дан ашыгы Кытайга туура келет.

**Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги (КМШ)** – Содружество независимых государств (СНГ)
**көз карандысыз** – независимый
**аймак** – территория
**шериктештик** – содружество
**өнөктөш** – партнёр
**өз ара соода** – взаимоторговля
**пайыз** – процент

**7.** Текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.

Афанасий Никитин – он бешинчи кылымда жашаган орус көпөсү. Ал Европадан Индияга барган эң биринчи саякатчы болгон. Анан да деги эле биринчи орус саякатчысы болгон экен. Ал өзүнүн саякаты жөнүндө күндөлүк, тагыраак айтканда, кыскача макала жазган. Бул кыскача макаласында А. Никитин саякатта өзү барган шаарларды жана өлкөлөрдү сүрөттөп жазган. Ал жактагы элдердин жашоосун, салттарын баяндаган. Кол жазмасын «Үч деңиздин ары жагына жөө баруу» деп атаган. Үч деңиз – бул Дербент (Каспий), Аравия (Инди океаны) жана Кара деңиз.

Өзүнө чейин эч ким барбаган жакка баруу кыйынбы? Эмнеге?
Көпөс эмне максат менен саякатка барган деп ойлойсуңар?
Афанасий Никитинди саякатчы көпөс жана жазуучу деп атаса болобу? Эмне үчүн?
Азыркы кезде соодагерлер саякатка барышабы? Саякатка каякка барышат? Кантип?
Силер саякатка барсаңар, ал жактан буюмдарды сатып келесиңерби? Кайсы буюмдарды сатып алат элеңер? Кимге сатып келесиңер? Эмне үчүн?

# КЫЗЫГУУЛАР

## 1-сабак

### Искусствого кызыгуу

**Грамматика:** Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү

**Лексика:** маалымат, маалымат алуу, салттуу маданият, сахна, көркөм өнөр, негизги түстөр, байыркы, уюштурган.

**Эсиңе тут!**

**Сүйлөмдүн негизи –** сүйлөмдүн баш мүчөлөрү **(ээ менен баяндооч).**

**1.** Төмөнкү таблицадагы маалыматты жуптарда бири-бириңерге окуп бергиле.

| Ким эмне кылганды жакшы көрөт? | Эмне үчүн? |
|---|---|
| Мен театрга барганды жакшы көрөм. | Мен театрга барганды жакшы көрөм, себеби сахнадагы декорациялар мага жагат. |
| Менин бөбөгүм мультфильм көргөндү жакшы көрөт. | Менин бөбөгүм мультфильм көргөндү жакшы көрөт, себеби алар абдан кызыктуу. |
| Менин атам китеп окуганды жакшы көрөт. | Менин атам китеп окуганды жакшы көрөт, себеби ал китеп окуганда эс алат. |
| Сенин апаң кино көргөндү жакшы көрөбү? Эмне үчүн? | Ооба, менин апам кино көргөндү жакшы көрөт, себеби кино аркылуу ал абдан көп маалымат алат. |
| Антондун агасы волейбол ойногонду жакшы көрөт. | Антондун агасы волейбол ойногонду жакшы көрөт, себеби бул оюн абдан пайдалуу. |
| Биздин класстагы кыздар сүрөт тартканды жакшы көрүшөт. | Биздин класстагы кыздар сүрөт тартканды жакшы көрүшөт, себеби алар абдан таланттуу. |
| Эмне үчүн Асандын чоң атасы маркаларды чогултканды жакшы көрөт? | Асандын чоң атасы маркаларды чогултканды жакшы көрөт, себеби ар бир марка өз өлкөсү жөнүндө көп маалымат бере алат. |
| Менин чоң апам кийим токуганды жакшы көрөт. | Менин чоң апам кийим токуганды жакшы көрөт, себеби ал бош отурганды жаман көрөт. |

**маалымат** – информация
**маалымат алат** – получает информацию
**сахна** – сцена
**бош отуруу** – сидеть без дела

**2.** Жупта иштегиле, төмөнкү таблицаны толтургула.

| **Ким эмне кылганды жакшы көрөт?** | **Эмне үчүн?** |
|---|---|
| Мен ... жакшы көрөм, себеби ... . А сенчи? | Мен ... жакшы көрөм, себеби ... . |
| Менин бөбөгүм ... жакшы көрөт, себеби ... . А сенин бөбөгүңчү? | Менин бөбөгүм (сиңдим, карындашым) ... жакшы көрөт, себеби ... . |
| Менин атам ... жакшы көрөт, себеби ... . А сенин атаңчы? | Менин атам ... жакшы көрөт, себеби ... . |
| Сенин апаң ... жакшы көрөбү? Эмне үчүн? | Ооба, менин апам ... жакшы көрөт, себеби ... |
| ... агасы (байкеси, иниси) ... жакшы көрөт. А сенин агаңчы? | ... агам (байкем, иним) ... жакшы көрөт, себеби ... |
| Биздин класстагы кыздар ... жакшы көрүшөт. Себеби ... . А балдарчы? | Биздин класстагы балдар ... жакшы көрүшөт, себеби ... |
| Эмне үчүн ... чоң атасы ... жакшы көрөт? | ... чоң атасы ... жакшы көрөт, себеби ... |
| Менин чоң апам ... жакшы көрөт, себеби ... . А сенин чоң апаңчы? | Менин чоң апам ... жакшы көрөт. |

**3.** Чынжырча оюну аркылуу үлгү боюнча кичи топто сүйлөшкүлө.

– Мен шахмат ойногонго кызыгам, себеби шахмат оюну мага ойлонууга мүмкүнчүлүк берет. Сен эмнеге кызыгасың? Эмне үчүн?

– Мен волейбол ойногонго кызыгам, себеби ойноп жатканда мен эс алам.

– Мен ... кызыгам, себеби... А сенчи?

**4.** Кичи топтогу окуучулардын сүйлөшкөнүн жыйынтыктагыла, жалпы класска топтогу окуучулардын кызыгуулары жөнүндө айтып бергиле.

– Биздин топтогу окуучулар ... кызыгышат, себеби...

– Окуучулардын кызыгуулары ... мүмкүнчүлүк берет.

**5.** Кичи топтордо иштегиле. Топтогу окуучулар айткан кызыгууларды бөлүштүргүлө.

| Спорт менен байланышкан кызыгуулар | Искусство менен байланышкан кызыгуулар | Кол эмгеги менен байланышкан кызыгуулар | Интеллектуалдык кызыгуулар | Чогултуу |
|---|---|---|---|---|
| ... | ... | ... | ... | ... |

6. Жупта иштегиле, төмөнкү сүрөттөрдү карагыла. Суроолорго жооп бергиле.

– Сүрөттөрдө эмнелер тартылган? Кандай ойлойсуңар, силер ушундай композицияларды түзө аласыңарбы? Эмне үчүн?





7. Ар бир композиция боюнча төмөнкү таблицаны толтургула.

| № | Композицияны карaганда кандай элестөөлөр (ассоциациялар) жаралды? | Композициянын негизги элементтери кайсылар? | Композициядагы негизги түстөр кайсылар? | Композицияга тема тандагыла |
|---|---|---|---|---|
| Биринчи композиция | Композицияны карап жатканда, мен … жөнүндө элестеттим себеби… | Композициянын негизги элементтери … | Композициянын негизги түстөрү төмөнкүлөр: | Композициянын темасы …, себеби… |
| Экинчи композиция | Композицияны карап жатканда, мен … жөнүндө элестеттим себеби… | Композициянын негизги элементтери … | Композициянын негизги түстөрү төмөнкүлөр: | Композициянын темасы …, себеби… |

## 2-сабак

### Искусствого кызыгуу

**Грамматика:** Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү

**Лексика:** икебана, маданият, өнөр, көркөм өнөр, салт, салттуу, бейөкмөт, элчилик, колдоо, уюштур-.

**8.** Төмөнкү текстти уккула, бири-бириңерге суроолорду берип, жооп бергиле.

## Жапондордун икебана өнөрү Бишкекте көргөзүлүүдө

Бүгүн Г. Айтиев атындагы сүрөт музейинде кыргыз-жапон маданиятынын жана көркөм өнөрүнүн 3-фестивалы өтүүдө. «Икебана – гүлдөрдүн аранжировка өнөрү» деген аталыштагы бул фестиваль аркылуу көрүүчүлөр жапон элинин байыркы салттуу маданияты менен тааныша алышат. Кечээ 23-августта башталган бул фестивалды Кыргызстандагы Жапония элчилигинин колдоосунда «Икебана-Интернэшнл» бейөкмөт уюму менен Г. Айтиев атындагы сүрөт музейи уюштурган.

*Азаттык радиосу*

**маданият** – культура
**салттуу маданият** – традиционная культура
**көркөм өнөр** – искусство
**бейөкмөт уюму** – неправительственная организация
**байыркы** – древний
**Жапония элчилигинин колдоосу менен** – при поддержке посольства Японии
**уюштурган** – организовал

1) Бишкекте кандай фестиваль өтүүдө?
2) Фестиваль кайсы музейде өтөт?
3) Фестивалдын аталышы кандай экен?
4) Көрүүчүлөр фестивалда эмне менен тааныша алышат?
5) Фестивалды кимдер уюштурган?
6) Бул фестиваль эмне үчүн уюштурулду? Кандай ойлойсуңар?
7) Эмне үчүн икебана жапондордун салттуу маданиятына кирет?

**9.** Г. Айтиев атындагы сүрөт музейи уюштурган фестивалда жүргөнүңөрдү элестеткиле. Төмөнкү ролдорду бөлүштүргүлө: көрүүчү, музейдин директору, журналист, тарыхчы, икебананын авторлору. Журналисттин ролун тандаган окуучулардан интервью алгыла, калгандарыңар интервью бергиле.

**Үлгү:**

– Саламатсызбы, менин атым Антон, мен журналистмин, сизден интервью алсам болобу?
– Саламатчылык, ооба!
– Анда аты-жөнүңүздү айтып коёсузбу?
– Менин атым Марат, мен архитектор болуп иштейм.
– Чоң рахмат, фестиваль сизге жактыбы?
– Ооба. Абдан жакты.
– Эмне үчүн сиз ушул икебана фестивалына келдиңиз?
– Оо, мен бул фестивалды күтүп жүргөнмүн, анткени бул фестиваль мага икебаналарды көрүүгө мүмкүнчүлүк берди.
– Абдан жакшы мүмкүнчүлүк экен. А сиз качантан бери икебанага кызыгасыз жана эмне үчүн сизде ушундай кызыгуу пайда болду?
– Мен бала кезимден бери гүлдөрдү, кооз композицияларды жакшы көрөм, себеби...

**10.** Төмөнкү икебана боюнча композициялардан өзүңөргө жакканын тандагыла жана төмөнкү үлгүгө таянып, эмне үчүн жакканын түшүндүрүп бергиле.






**Үлгү:** *Мага бул композиция жакты, себеби...*

**11.** Төмөнкү икебаналардан бирди тандап алгыла да, анан нускаманы пайдаланып, эссе жазгыла.





А) Композицияны кылдаттык менен карап чыккыла. Ар бир элементине көңүл бургула. Ар бир деталын өзүнчө карап чыккыла.

Эмнелерди көрүп турганыңар жөнүндө жазгыла. Жазуу үчүн төмөнкү үлгүнү пайдалангыла.

*Мен бул икебанадан төмөнкү элементтерди көрүп турам, алар: ...*

Б) Андан кийин ушул композицияга эмне үчүн ушул элементтер алынганы жөнүндө ойлонгула да, өзүңөрдүн оюңарды жазгыла. Төмөнкү үлгүнү пайдалангыла:

*Бул композиция үчүн ушул элементтер алынган, анткени ...*

В) Андан кийин композициядагы түстөргө көңүл бургула. Алар кайсы түстөр? Кандай деп ойлойсуңар, эмне үчүн? Төмөнкү үлгүнү пайдалангыла:

*Менин оюмча, бул икебанада ... түстөр колдонулган, анткени ...*

Г) Дагы бир жолу жакшылап карагыла. Икебананы түзгөн уста ушул композиция менен эмнелерди айткысы келген? А сен өзүң эмнелерди өзгөртөт элең? Икебанага тема танда. Корутунду жаз, төмөнкү үлгүнү пайдалан:

*Менин оюмча, бул икебананы түзгөн уста дүйнөдөгү ... жөнүндө айткысы келген, себеби... Бул композицияга мен ... деген тема тандадым, анткени ...*

**12.** Салттуу маданият дегенди кандайча түшүнөсүңөр? Кыргыз элинин салттуу маданиятына эмнелер кирет? Мисалдарды келтиргиле, төмөнкү сүрөттөргө таянгыла.

Маалыматты жалпы класска айтып берүүдө төмөнкү үлгүнү колдонгула.

**Үлгү:** *Биз... кыргыз элинин салттуу маданиятына кирет деп ойлойбуз, себеби ...*









**13.** Искусство менен байланышкан бир кызыгууну тандап алып, презентация даярдап, айтып бергиле.

# 3-сабак

## Театр, сүрөт, кино

**Грамматика:** Сүйлөмдүн айкындоочмүчөлөрү
**Лексика:** обон, көргөзмө, сахна, ыр, атактуу, актёр, оюн, көп-, чыгарма.

### Эсиңе тут!

Сүйлөмдүн **айкындоочмүчөлөрү** ээ, баяндооч менен байланышып, алардын белгилерин тактап, толуктап көрсөтөт.

**14.** Төмөнкү таблицадагы маалыматты жуптарда бири-бириңерге окуп бергиле.

| Ким эмне кылганды жакшы көрөт? | Эмне үчүн? |
|---|---|
| Мен ... жакшы көрөм, себеби ... . А сенчи? | Мен театрга барганды жакшы көрөм, себеби сахнадагы декорациялар мага жагат. |
| Менин бөбөгүм ... жакшы көрөт, себеби ... . А сенин бөбөгүңчү? | Менин бөбөгүм (сиңдим, карындашым) мультфильм көргөндү жакшы көрөт, себеби алар абдан кызыктуу. |
| Менин атам киного барганды жакшы көрөт, себеби ал кино көргөндө эс алат. А сенин атаңчы? | Менин атам ... жакшы көрөт, себеби ... . |
| Сенин апаң ... жакшы көрөбү? Эмне үчүн? | Ооба, менин апам театрга барганды жакшы көрөт, себеби театр аркылуу ал абдан көп маалымат алат. |
| ... агасы (байкеси, иниси) ... жакшы көрөт. А сенин агаңчы? | ... агам (байкем, иним) ... жакшы көрөт, себеби ... |
| Биздин класстын балдары киного барганды жакшы көрүшөт, анткени кинодо атактуу актёрлордун оюнун көрүшөт. А кыздарчы? | Биздин класстын кыздары театрга барганды жакшы көрүшөт, себеби театрда абдан таланттуу актёрлор ойношот. |
| Эмне үчүн ... чоң атасы ... жакшы көрөт? | ... чоң атасы ... жакшы көрөт, себеби ... . |
| Менин чоң апам ... жакшы көрөт, себеби ... . А сенин чоң апаңчы? | Менин чоң апам ... жакшы көрөт. ...-нын чоң атасы менен чоң апасы театрга барганды жакшы көрүшөт, анткени алар жаш кезинен театрга көнүп калышкан. |

**актёрлордун оюну** – игра актёров
**көнүп калышкан** – привыкли

**15.** Үлгү боюнча кичи топто чынжырча менен сүйлөшкүлө.

| Ким<br>Сен | эмнеге кызыгат?<br>эмнеге кызыгасың? | Эмне үчүн? |
|---|---|---|
| Мен | театр**га** кызыгам. | Себеби театр мага искусствону түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. |
| Мен | кино**го** кызыгам. | Себеби кино көрүп жатканда мен эс алам. |
| Мен | сүрөт**кө** кызыгам. | Себеби ... . А сенчи? |

**16.** Кичи топтогу окуучулардын сүйлөшкөнүн жыйынтыктагыла, жалпы класска топтогу окуучулардын кызыгуулары жөнүндө айтып бергиле.

Биздин топтогу окуучулар театрга кызыгышат (же кызыгышпайт), себеби…

Биздин топтогу окуучулар киного кызыгышат (же кызыгышпайт), себеби…

Окуучулардын кызыгуулары … мүмкүнчүлүк берет.

**17.** Театр искусствосу менен кино искусствосун төмөнкү параметрлер боюнча салыштыргыла: чыгармалар, актёрлордун оюну, сахна декорациялары.

| Театр искусствосу | Окшоштугу | Кино искусствосу |
|---|---|---|
| … | … | … |

**18.** Түшүнүксүз сөздөрдүн маанисин тактагыла, сөздүккө кайрылгыла. Аларды таблицадагы тематикалык топторго бөлүштүргүлө.

а) Музыка, портрет, сүрөтчү, музей, концерт, пейзаж, обон, көргөзмө, театр, галерея, симфония, оркестр, композитор, режиссёр, музыкант, боёктор, ыр, акварель, фортепьяно, спектакль, сүрөт, чыгарма, драма.

| Музыкалык искусство | Сүрөт искусствосу |
|---|---|
| … | … |

б) Автор, фильм, сценарий, музыка, драма, кино, жазуучу, фотосүрөт, акын, опера, сүрөтчү, аңгеме, артист, ыр, режиссёр, скульптор, продюсер, актёр, драматург, бийчи, ырчы, сүрөт, спектакль, эстелик, киноишмер.

| Искусствонун чыгармалары | Искусство ишмерлери |
|---|---|
| … | … |

**19.** Жуптарда иштегиле, төмөнкү кырдаалдар боюнча диалог кургула. Аңгемелешип, силерди кызыктырган маалыматты сурап бил.

1. Кинону жакшы көрөбү же жакшы көрбөйбү сурап бил; кайсы фильмдер жагат же жакпайт; кайсы актёр сүйүктүү актёру экенин;

акыркы учурда кайсы фильмди көргөнүн; анын эмнесин эстеп калганын сурап бил.

2. Музыканы жакшы көрөбү же жакшы көрбөйбү сурап бил; кайсы музыка жагат (заманбап, элдик же классикалык музыкабы); концерттерге барабы же барбайбы сурап бил.

3. Сүрөт искусствосун жакшы көрөбү же көрбөйбү сурап бил; кайсы картина жагат; кайсы сүрөтчү анын сүйүктүү сүрөтчүсү экенин сурап бил; кайсы белгилүү сүрөтчүлөрдү ал биле турганын; музейлерге барабы же барбайбы сурап бил.

4. Театрды жакшы көрөбү же жакшы көрбөйбү сурап бил; театр искусствосунун кайсы багыттары ага жагарын (балет, опера, драма, комедия, оперетта); театрга канча жолу барганын; кайсы театрда болгонун сурап бил.

**20.** Галерея боюнча тур.
Белгилүү сүрөтчүлөрдүн эмгектери менен таанышкыла, ал картиналардын авторлорун атагыла. Сүрөтчү жана анын картинасы жөнүндө билгениңерди айтып бергиле.







И. И. Левитан, С. Чокморов, Леонардо да Винчи, С. А. Чуйков, Ф. Решетников.

## 4-сабак

### Театр, сүрөт, кино

**Грамматика:** Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү

**Лексика:** тасма, көп кырдуу талант, элес, жараткан, күчтүү, жаркын, чыдамкай, эмгекчил, темирдей бекем.


**Эсиңе тут!**

**Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү** – аныктооч, толуктооч, бышыктооч.

**21.** Төмөнкү сөздөрдү окуп, котормосун туура тапкыла.

| | |
|---|---|
| тасма | исполнять роль |
| ролду аткаруу | образ |
| элес | многогранный талант |
| көп кырдуу талант | фильм |

**22.** Төмөнкү сүрөттөрдөгү адамдардын кесиптерин аныктагыла. Сүрөттөрдөгү адамдар кайсы кесиптин ээси экенин аныктоого силерге эмнелер жардам берди?





**23.** Сүймөнкул Чокморов жөнүндө текстти окуп, андагы жаңы маалыматты белгилегиле.

### Кинодогу өмүр

Кинорежиссёр Б. Шамшиев тарткан «Караш-караш» тасмасы экранга чыккандан кийин, кино өнөрүнө өзгөчө таланттуу актёр келгендиги маалым болду. Сүрөтчү Чокморов буга чейин кинодо тартылып көрбөгөндүгүнө карабастан, Бактыгулдун образын мыкты жаратты. Сүймөнкул андан кийин Карабалта менен Ахангулдун ролдорун аткарды. Бул образдар да мыкты аткарылды, себеби Сүймөнкул өз элинин турмушун, салтын **терең билген.** Сүймөнкул Чокморов кинодо **жаркын, күчтүү** образдарды жараткан, анткени ал таланттуу актёр болгон.

Дүйнөлүк кинематографиянын эң көрүнүктүү чеберлеринин бири япон кинорежиссёру Акира Куросава С. Чокморовдун кинодогу эмгектерин жогору баалап, аны эң таланттуу актёрлордун бири катары **белгилеген.**

*А. Секимов*

**күчтүү образ** – сильный образ
**жаркын образ** – яркий образ
**терең билчү** – глубоко знал
**белгилеген** – отметил

**24.** Текст боюнча суроолорго жооп бергиле.

1. Сүймөнкул кинодо кандай образдарды жараткан?
2. Жапон кинорежиссёру Акира Куросава С. Чокморовдун чыгармачылыгын кандай белгилеген? Эмне үчүн?
3. Эмне үчүн актёр мыкты образдарды жарата алды?
4. Ал кинодогу өнөрүнөн башка дагы искусствонун кайсы түрү менен алектенген?

**25.** Сүймөнкул Чокморовго мүнөздөмө бергиле. Текст боюнча иштегиле. Таблицаны толтуруу үчүн керектүү маалыматтарды ар кайсы булактардан издегиле.

| Актёр<br>Сүрөтчү | Сырткы келбетин сүрөттөп, жазгыла | Ал кандай адам эле? | Анын чыгармалары |
|---|---|---|---|
| Сүймөнкул Чокморов | | | |

## 5-сабак

### Сен эмнеге кызыгасың?

**Грамматика:** Сүйлөм мүчөлөрүнүн сүйлөмдөгү орду

**Лексика:** тасма, образ, кызыгуу, сүрөт, бий, шахматы, спорт, оюн, китеп окуу, балет, жактыр-, кызык-, байка-, ойлон-.

**Эсиңе тут!**

**Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү** (ээ, баяндооч) жана **айкындооч мүчөлөрү** (аныктооч, толуктооч, бышыктооч) өзүнчө структура боюнча жайгашат.

Бүткөн бир ойду билдирген бирдиктүү сөз тизмеги **сүйлөм** болот. Сүйлөмдүн тутумундагы сөздөр мааниси боюнча байланышып, өз ара катышта болот.

**26.** Төмөнкү сөздөрдүн арасынан каалаган сөздөрдү пайдаланып, мектептеги түрдүү ийримдер жөнүндө чакан текст түзүп жазгыла.

Көз караш, ар кандай, жашоо, бала, театр, ийрим, катыш-, бош убакыт, кыз, ата-эне, кызыгуу, маалымат, көр-, бил-, айт-, оку-, кызыктыр-, ийримдин жеткечиси, кыял, күлкү, шайыр, оюн, кызыктуу, көңүлдүү.

**27.** Төмөнкү сүрөттөрдөгү адамдардын кесибин аныктагыла. Үлгүнү колдонуп, жообуңарды негиздегиле.

**Үлгү:** *Мен бул адамдын кесиби ... деп ойлойм, анткени... Ал театрда иштейт деп ойлойм, себеби...*






**28.** Театр искусствосунун түрлөрүн атап бергиле, ар бир театрдын түрүнө мүнөздөмө берип, таблицаны толтургула.

| Театрдын аталышы | Ал кандай театр? | Силерге бул театр жагабы? Эмне үчүн? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |

**29.** Үйдөн ата-энеңер, улуу агаңар же эжеңер менен кеңешип, С. Чокморов башкы ролду аткарган тасмалардан бирди тандап көргүлө. Тасма жөнүндө түшүнгөнүңөрдү айтып бергиле. Үлгүнү колдонуп, Сүймөнкул жараткан образга мүнөздөмө бергиле.

**Үлгү:** *Мен ... тасманы көрдүм, анткени... С. Чокморов ал тасмада ... ролун аткарды. Тасма ... жөнүндө экен. Таланттуу актёр ... ролун ... аткарды, себеби... Мага бул образ жакты, анткени...*

**30.** «Ар кимдин өзүнүн кызыгуусу бар» деген темада текст түзгүлө. Текстте он сүйлөм болсун.

Теманын аягында өзүңөрдү баалагыла!

| | 5 | 4 | 3 | 2 | 1 |
|---|---|---|---|---|---|
| Мен маектешүүнү колдоп, суроо бере алам. | | | | | |
| Башкалардын ой-пикирин түшүнөм жана андан кийин аларга суроо бере алам. | | | | | |

## 6-сабак

# Өзүңөрдү текшергиле

### Кызыгуулар

**1.** Таблицаны толтургула.

| Сөз же сөз айкашы | Котормосу | Сөз айкашын же сүйлөм түз |
|---|---|---|
| тасма | | |
| ролду аткаруу | | |
| элес | | |
| көп кырдуу талант | | |
| мүмкүнчүлүк берүү | | |
| искусство ишмерлери | | |
| жараткан образдар | | |
| күчтүү образ | | |
| жаркын образ | | |
| терең билген | | |
| белгилеген | | |

**2.** Билген кызыгууларыңарды топторго бөлүп жазгыла.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| ... | ... | ... | ... | ... |

**3.** Үй-бүлөңдөгүлөрдүн, досторуңдун, классташтарыңдын кызыгуулары жөнүндө үлгүнү пайдаланып жазгыла.

Менин ... ... кызыгат, анткени...

**4.** Диалогдун башталышын окуп, улантып жазгыла.

– Салам, Руслан!
– Салам, Аня, кандайсың?
– Ракмат, жакшы, өзүңчү?
– Жакшы, менин жаңы кызыгууларым жөнүндө айтып берейинби?
– Ооба, кайсы кызыгууларың пайда болду?
– Оо, азыр мен ... кызыга баштадым, себеби...
– Кызык, эми түшүндүм, ошондуктан сен мени ... театрга чакырып жаткан турбайсыңбы.

**5.** Төмөнкү таблицаны маалымат менен толтургула.

| Белгилүү сүрөтчүлөр, актёрлордун аты-жөнү | Алар кандай образдарды жараткан? | Сага кайсы образ жагат? Эмне үчүн? |
|---|---|---|
| ... | ... | ... |

**6.** Кырдаал боюнча диалог кургула.

Сенин классыңа жаңы окуучу келди. Аны менен жакшылап тааныш. Ага өзүңдүн искусство менен байланышкан кызыгууң жөнүндө айтып бер. Анын кызыгуусу жөнүндө сура.

**7.** Өзүңдүн классташтарыңдын кызыгуулары жөнүндө кластер түзгүлө.

**8.** Таяныч сөздөрдү пайдаланып, сүйүктүү актёр, сүрөтчү жөнүндө чакан аңгеме жазгыла.

*Таяныч сөздөр:* сахна, чыгарма, искусство ишмерлери, киноишмерлер, эстелик, көп кырдуу талант, элес, мүмкүнчүлүк берүү, жаркын образ, бийлөө.

Текстти түзүүдө төмөнкү баалоо критерийлерин пайдалан:

1) Мазмуну так, толук ачылган.

2) Текстте каталар жок же каталар тексттин мазмунун түшүнүүгө тоскоолдук кылбайт.

3) Көлөмү 7–9 сүйлөмдөн ашпаган.

# КЫРГЫЗЧА-ОРУСЧА СӨЗДҮК

## А

**аары** – пчела
**абал** – состояние
**адат** – привычка
**адегенде** – сначала
**адис** – специалист
**ажал** – смерть
**азап** – мучение
**аздектеген** – любимец
**азык-түлүк** – продовольственный
**айкел** – статуя
**аймак** – территория
**айрылыш** – разделение
**айыктыр-** – вылечить
**айыл чарба** – сельскохозяйственный
**айырмалан-** – отличаться
**ак көңүл** – добрый
**актёр оюну** – игра актёров
**акылдуу** – умный
**акылсыздык** – глупость
**алагды кыл-** – отвлекать
**алгач** – впервые
**алмаштыргыс** – незаменимый
**алп дөө** – великан
**алыскы** – далекий
**андан соң** – после этого
**анык** – настоящий
**аныкта-** – выяснить
**аң** – охота
**аңчылык кыл-** – охотиться
**аракет** – старание
**арал** – остров
**аргасыз** – вынужден
**арзан** – дешевый
**арсай-** – торчать остриём
**арттыр-** – увеличивать
**арыкта-** – худеть
**ала таяк** – посох
**аска таш** – наскальный
**асыл** – ценный
**ач көз** – жадный
**ача туяк** – парнокопытное
**ашказан** – желудок
**ашыкча** – излишний
**аянт** – площадь

## Б

**баа жеткис** – бесценный
**багын-** – сдаться
**байгелүү** – призовой
**байкап айт-** – говори осторожно
**байкоо** – наблюдать
**байкуш** – бедный
**байлык** – богатство
**байыркы** – древний
**бак-** – кормить
**бак** – сад
**бака жалбырак** – подорожник
**балмуздак** – мороженое
**балык уулоо** – ловить рыбу
**балыр** – водоросль
**бапесте-** – относиться заботливо
**баркта-** – ценить
**баткак** – грязь
**баш** – голова
**бейөкмөт уюму** – неправительственная организация
**бейтапкана** – поликлиника
**бекем** – твердый
**бел этеги** – подножье (холма)
**белгиле-** – отметить
**белгисиз** – неизвестный
**белек** – подарок
**бир куюм чай** – чашка чая
**божомолдо-** – приблизительно
**бой** – рост
**боорукер** – добрый, любезный отзывчивый
**боорукердик** – любезность
**борбор** – центр
**борпоң** – рыхлый
**бош отур-** – сидеть без дела
**бөлмө** – комната
**булак** – родник
**булчуң** – мускул
**бургула-** – бурить
**бутак** – ветвь, ветка
**буудай** – пшеница
**бырыш** – морщина
**быштак** – творог
**бээ** – кобыла

## Г

**гүлзар** – клумба

## Д

**дабыш** – звук
**дан** – зерно
**дан эгин** – зерновые
**дары-дармек** – лекарство
**дегде-** – желать
**деңиз** – море
**деңизчи** – мореплаватель
**дөбө** – холм

**дөңгөлөк** – колесо
**дүмүр** – пень
**дыйкан** – крестьянин

## Ж

**жаат** – сторона
**жабыш-** – липнуть
**жагдай** – ситуация, условие
**жагымдуу** – приятный
**жадыраган** – цветущий
**жазала-** – наказать
**жайгашкан** – расположенный
**жайыт** – пастбище
**жакшынакай** – прекрасный
**жакын курбу** – близкая подруга
**жакынкы** – ближний
**жакырлан-** – разориться
**жалбыз** – мята
**жалпак** – плоский
**жалтыра-** – блестеть
**жамбы** – слиток
**жамгыр** – дождь
**жандуу** – живой
**жансыз** – неживой
**жаңгак** – орех
**жапырт** – скопом, все вместе
**жар-** – разбить
**жараткан образ** – созданный образ
**жаратылыш** – природа
**жаратылыш газы** – природный газ
**жардам бер-** – помочь
**жаркын образ** – яркий образ
**жаркыра-** – сверкать
**жарманке** – ярмарка
**жарыш** – соревнование
**жарыш-** – соревноваться
**жашоочу** – житель
**жашынмак** – прятки
**жемиш** – фрукт
**жер титирөө** – землетрясение
**жергиликтүү** – местный
**жеткир-** – доставить
**жогол-** – исчезнуть
**жоголуу коркунучу** – опасность исчезнуть
**жогору** – верх, выше
**жойло-** – бегать в поисках добычи, рыскать
**жол бою** – у дороги
**жоо** – враг
**жоокер** – воин
**жоопкер** – ответственный
**жоопкерчилик** – ответственность
**жортуул** – поход
**жөндөм** – способность
**жөтөл** – кашель
**жуулбаган** – немытый
**жуумп** – закрыв
**жүгөрү** – кукуруза
**жүрүш** – поход
**жыл-** – двигаться
**жылан** – змея
**жылтылда-** – блестеть
**жырткыч** – хищник
**жээк** – берег

## З

**залим** – жестокий
**заңкай-** – вздыматься, возвышаться
**зар** – горький плач

## И

**из** – след
**ийкемдүү** – подвижный
**ийри** – кривой
**ийрим** – кружок
**илбирс** – барс
**ири** – крупный
**ири дүң** – крупным оптом
**ишенимдүү** – верный

## К

**көнүп кал-** – привыкать
**көркөм өнөр** – искусство
**каалгы-** – двигаться лениво
**каалгып** – не спеша
**кабыл ал-** – восприятие
**каз-** – добывать
**казык** – кол
**кайгы** – печаль
**кайгыр-** – печалиться
**кайталыңгыс** – неповторимый
**кайырмак** – удочка
**калак** – совок
**калдайган** – огромный
**калкы-** – покачиваться
**калтыра** – дрожать, трепетать
**калың** – густой
**кам көр-** – заботиться
**камкордук** – забота
**капалык** – грусть
**карагай** – ель
**карагат** – смородина
**караңгы** – тёмный
**каркай-** – быть высоким, торчать
**картаң** – старый
**каршы** – против
**кас санаган жоо** – враг

**касап** – немилость
**катмар –** слой, покров земли, пласт
**катмарлашып** – многими слоями
**кедей** – бедный, бедняк
**кездешкен** – встречающийся
**келгин** – перелетный
**келечек** – будущее
**кеменгер** – мудрый
**кен** – ископаемое
**керектүү** – нужный
**кесим** – кусок
**кескелдирик** – ящерица
**кечик-** – задержаться
**кечик-** – опоздать
**кир** – грязь
**кичинекей** – маленький
**кожоюн** – хозяин
**козу карын** – гриб
**кокту** – впадина
**конок** – гость
**кор бол-** – страдать
**корго-** – защитить
**коргоо** – охрана
**кордо-** – пренебрегать
**корот-** – тратить
**кошулма** – соединение
**кошуна** – сосед
**көбөй-** – увеличиваться
**көгүчкөн** – голубь
**көз ирмем** – мгновение
**көз карандысыз** – независимый
**көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги (КМШ)** – содружество независимых государств (СНГ)
**көз чаптыр-** – оглянуться
**көздөн кайым бол-** – исчезнуть
**көмөкчү** – помощник
**көнүмүш** – привычно
**көңүл** – настроение
**көпөс** – купец
**көрк** – вид
**көркөм** – художественный
**көтөр-** – поднять
**көтөрүш-** – помочь нести
**көчөт** – саженец
**кубала-** – прогонять
**кубат** – сила, энергия
**кубулуш** – явление
**куйкала-** – опалить
**куйрук** – хвост
**кул** – раб
**кула-** – падать
**кулан** – дикий осёл
**курам** – состав
**курга-** – засыхать
**курт-кумурска** – насекомое
**курулуш** – строение
**куту** – коробка
**куугун** – погоня
**куш** – птица
**күй-** – сгореть
**күйбө-** – не сгореть
**күкүм** – крошка
**күн** – день, солнце
**күнүмдүк** – повседневный
**күркүрө-** – греметь
**күрүч** – рис
**күч** – сила
**күчө-** – усиливать
**күчтүү образ** – сильный образ
**күчүк** – щенок
**кызык-** – интересоваться
**кызылгат** – земляника
**кыйкырык** – крик, гудок
**кыйна-** – мучать
**кылдат** – бережно
**кылдаттык менен** – тщательно
**кылым** – век
**кымча бел** – с тонкой талией
**кыр-** – уничтожать
**кыраан** – ловкий
**кырка** – хребет
**кырсык** – беда
**кыял** – мечта

## М

**маалымат** – информация
**маалымат ал-** – получать информацию
**маани** – значение
**маданий** – культурный
**маданият** – культура
**майда** – мелкий
**майлуулук** – жирность
**малай** – слуга
**мамиле** – отношение
**мамы** – столб, вышка
**мейкин** – просторный
**мелдеш** – соревнование
**милдет** – обязанность
**мөңгү** – ледник
**мөөнөт** – срок
**мунай** – нефть
**мурут** – усы
**мүрөктүн суусу** – живая вода
**мээле-** – прицелиться

## Н

**наразычылык** – недовольство
**набыт бол-** – погибнуть
**наристе** – ребенок
**нөшөр** – ливень

## О

**ойгон-** – проснуться
**окуя** – событие
**олуттуу** – серьезный
**оору-сыркоо** – болезнь
**ордуна** – вместо
**орой** – грубый
**отто-** – пастись
**отун тер-** – собирать дрова
**оюнчу** – игрок

## Ө

**өз** – свой
**өзгө** – другой
**өзгөчө** – особый, особенно
**өз ара соода** – взаимоторговля
**өзгөчө** – особенный
**өзөк** – ствол
**өзү** – сам
**өкүн-** – раскаиваться
**өлчөм** – размер
**өмүр** – жизнь
**өндүрүш** – производство
**өнөктөш** – партнёр
**өнөр** – мастерство
**өрөөн** – долина
**өт** – селезёнка
**өткөндөр** – прошлое
**өткөөл** – переход
**өтүнүч** – просьба

## П

**пайдалан-** – использовать, применять
**пайыз** – процент

## С

**сабырдуулук** – терпеливость
**сагын-** – скучать
**саксайган** – лохматый
**салт** – традиция
**салттуу** – традиционный
**сарай** – дворец
**сараң** – жадный
**сары чычкан** – суслик
**сасык тумоо** – грипп
**сахна** – сцена
**сез-** – чувствовать
**сейилде-** – прогуляться
**сейрек** – редкий, редко
**сеп-** – сеять
**сергек** – бодрый
**сиңимдүү** – легкоусвояемый
**сок-** – ударять, стучать
**соко** – плуг
**солк эт-** – качнуться
**сонун** – прекрасный, хороший
**соо** – здоровый, трезвый
**соорот-** – успокаивать
**суктан-** – любоваться
**суу түтүгү** – водопровод
**суу чорго** – водопроводный кран
**суур** – сурок
**суусар** – куница
**суусундук** – напиток
**суюк** – жидкий
**сүлөөсүн** – рысь
**сыз-** – чертить
**сызып өчүр-** – зачеркнуть
**сыйкырдуу** – волшебный
**сыр** – секрет
**сырдуу** – загадочный
**сөзгө бай** – красноречивый

## Т

**таасир** – влияние
**табият** – природа
**табып** – лекарь
**тагдыр** – судьба
**тажрыйба** – опыт
**тайман-** – бояться, опасаться
**так** – трон
**тактала элек** – не определено
**талаа** – поле
**талап кыл-** – требовать
**талаш-тартыш** – спор
**тамак сиңирүүчү без** – поджелудочная железа
**тамак сиңир-** – пищеварение
**тамактын калдыгы** – остатки еды
**тамыр** – пульс
**таң кал-** – удивиться
**тараза** – весы
**тарактат-** – тарахтеть
**таргыл** – полосатый
**тармал** – кудрявый
**таруу** – просо
**таттуу уйку** – сладкий сон
**таяк** – посох
**тегерек** – круглый
**тейлөө** – обслуживание
**текче** – полка
**теңтуш** – товарищ

**тереӊ бил-** – отлично знать
**тиктеш-** – смотреть друг на друга
**тилек** – мечта
**тилке** – полоса (земли)
**тирүү** – живой
**титиреп-калтыра-** – трепетать
**томого** – наглазник
**томоголо-** – надеть наглазник
**тоӊ-** – замёрзнуть
**тоолуу өрөөн** – горная долина
**топтом** – набор
**торо-** – перегородить
**тоскоолсуз** – без преград
**тоту куш** – попугай
**тумшук** – клюв, морда, хобот
**тургун** – житель
**туткун** – пленник
**тууган-туушкан** – родственник
**туул-** – родиться
**туяк** – копыто
**түбөлүк** – вечный
**түнөй турган жер** – ночлег
**түнөр-** – мрачнеть
**түнт** – замкнутый
**түп** – дно
**түркүн** – различный
**түшүм** – урожай

## У

**убал** – грех
**узак** – долго
**узактык** – длительность
**узат-** – провожать
**укмуш** – чудо
**укмуштуу** – удивительный
**укмуштуу окуя** – приключение
**ула-** – соединить концами
**улаш-** – совместно соединяться
**ун** – мука
**уруш-** – поругаться
**уста** – мастер
**уу** – 1. охота; 2. яд
**учтуу** – острый
**уюштур-** – организовать
**уя** – гнездо

## Ү

**үйлөн-** – жениться
**үмүттөн-** – надеяться
**үн сал-** – кричать
**үнөмдө-** – экономить
**үнөмчүл** – бережливый
**үнөмчүлдүк** – бережливость
**үрөн** – семена

## Ч

**чагылган** – молния
**чагылгандуу жаан** – ливень
**чала** – не до конца
**чалкан** – крапива
**чатыр** – палатка
**чеп** – заграждение
**чеч-** – снять
**чоку** – вершина
**чөл** – пустыня
**чөнтөк** – карман
**чүкө** – альчик
**чыгаша** – убыток
**чыгым** – расход
**чыдамдуу** – терпеливый
**чылк** – без примеси
**чыртылда-** – трещать
**чычкан** – мышь

## Ш

**шак** – ветка
**шамдагай** – ловкий
**шарт** – условие
**шат** – радостный
**шаттык** – радость
**шектен-** – сомневаться
**шериктештик** – содружество
**шүүдүрүм** – роса
**шыбыра** – шептать
**шылтоо** – отговорка

## Ы

**ызы-чуу** – шум
**ыйык** – священный
**ылдамдык** – скорость
**ыӊгайлуу** – удобный
**ыраазычылык** – благодарность
**ыргыт-** – выбросить

## Э

**эзелтеден** – издавна
**эки жолдун айрылышы** – распутье
**элчилик** – посольство
**эмгекчил** – трудолюбивый
**эр жет-** – вырасти
**эркиндик** – свобода
**эсимде** – помню

# М А З М У Н У

## I ЧЕЙРЕК


**Үй-бүлө**
Сенин үй-бүлөң, үйүң кандай? ....4
Үнөмчүл болуш керекпи? ....10
Досу көп бала ....16
Үйдөгү досторубуз ....21
Өзүңөрдү текшергиле ....25
**Эс алуу. Саякат**
Жайкы эс алуу ....27
Кыргызстан боюнча саякат ....33
Дүйнөдөгү кызыктуу жерлер ....39
Өзүңөрдү текшергиле ....43


## II ЧЕЙРЕК


**Кесип**
Кесиптер ....47
Белгилүү адамдардын кесиптери ....52
Космоско кимдер учкан? ....58
Ата-энем ким болуп иштейт? ....62
Менин келечекте ким болгум келет? ....65
Өзүңөрдү текшергиле ....68
**Кыргызстан.**
Кыргызстандын жаратылышы ....71
Кыргызстан – тоолуу өлкө ....74
Кыргызстандын пайдалуу кен байлыктары ....78


## III ЧЕЙРЕК


Жаныбарлар дүйнөсү ....83
Кыргызстандагы бак-дарактар ....89
Өсүмдүктөр ....93
Жемиштер ....97
Өзүңөрдү текшергиле ....101
**Ден соолук. Спорт.**
Спорттун түрлөрү ....103
Улуттук спорт оюндары ....108
Улуттук оюндар ....111
Ден соолукка пайдалуу жана зыяндуу тамактар ....113
Таза жүрсөң, ден соолукта болосуң ....117
Өзүңөрдү текшергиле ....120
**Соода-сатык**
Азык-түлүк дүкөнү ....122
Сатуучунун кесиби кандай? ....126
Өзүңөрдү текшергиле ....129


## IV ЧЕЙРЕК


Соодагер ....131
Соода кылуу ....133
Өзүңөрдү текшергиле ....137
**Кызыгуулар**
Искусствого кызыгуу ....140
Театр, сүрөт, кино ....146
Сен эмнеге кызыгасың? ....150
Өзүңөрдү текшергиле ....152
**Кыргызча-орусча сөздүк** ....154

*Окуу басылмасы*

**Жусупбекова Надира**
**Оморова Айгүл**
**Чепекова Гүлмира**

**КЫРГЫЗ ТИЛИ**
**6-класс**

*Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептер*
*үчүн окуу китеби*

Редактору *Ж. Медералиева*
Корректорлору *Ж. Медералиева, А. А. Локтионова*
Сүрөтчүсү *З. Мидинова*
Тех. редактор *Ж. Жолдошева*
Компьютердик калыпка салган *Т. Сандыбаева*

Басууга 00.00.2017-ж. кол коюлду. Офсеттик кагаз.
Офсеттик басма. Ариби SchoolBook.
Форматы 70 x 100 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 10,0 басма табак.
Нускасы 43 700,0. Буйрутма № 233.

Басма иштери «Аркус басмасы»
ЖЧКсында даярдалды
720016, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Самойленко көч., 7 В

ARCUS
PUBLISHING